**КЫРГЫЗ-ТҮРК "МАНАС" УНИВЕРСИТЕТИ**

**ЖОГОРКУ ОКУУ ЖАЙДАН КИЙИНКИ БИЛИМ БЕРҮҮ ИНСТИТУТУ**

**ТҮРКОЛОГИЯ БАГЫТЫ**

# КЫРГЫЗ ТИЛИНДЕГИ «ТААНДЫК» МААНИНИН ФУНКЦИОНАЛДЫК-СЕМАНТИКАЛЫК АЛКАГЫ

**АЛИЯ ОРОЗБЕКОВА**

**МАГИСТРДИК ДИССЕРТАЦИЯ**

**МАЙ-2025**

**КЫРГЫЗ-ТҮРК "МАНАС" УНИВЕРСИТЕТИ**

**ЖОГОРКУ ОКУУ ЖАЙДАН КИЙИНКИ БИЛИМ БЕРҮҮ ИНСТИТУТУ**

**ТҮРКОЛОГИЯ БАГЫТЫ**

# КЫРГЫЗ ТИЛИНДЕ «ТААНДЫК» МААНИНИН ФУНКЦИОНАЛДЫК-СЕМАНТИКАЛЫК АЛКАГЫ

**ДАЯРДАГАН**
**АЛИЯ ОРОЗБЕКОВА**

**ИЛИМИЙ ЖЕТЕКЧИ**
**ПРОФ. ДР. БУРУЛ САГЫНБАЕВА**

**МАГИСТРДИК ДИССЕРТАЦИЯ**

**МАЙ-2025**

## КАБЫЛ АЛУУ ЖАНА ЧЕЧИМ

..............................................................жетекчилигинде..............................................
тарабынан даярдалган “..........................................................................................”
аттуу бул диссертация комиссия тарабынан Кыргыз-Түрк “Манас” университетинин Жогорку окуу жайдан кийинки билим берүү институту ..........................................................багытында магистрдик диссертация катары БИР ДОБУШТАН/КӨПЧҮЛҮК ДОБУШ менен кабыл алынды.

......./…./……

| **Комиссия** | **Наамы, аты-жөнү** | **Иштеген жери** | **Тастыктоо** | **Колу** |
|---|---|---|---|---|
| Төрага | | | | |
| Мүчө( Илимий жетекчи) | | | | |
| Мүчө | | | | |
| Мүчө | | | | |
| Мүчө | | | | |

**ЧЕЧИМ**

Бул диссертация институттун башкаруу кеңешинин ……….. датасындагы жана ……………..…… номерлүү чечими менен кабыл алынды.

....../……./…..

Проф. др. Кадир Ардыч

Жогорку окуу жайдан кийинки билим берүү иститутуу

ЭТИКАЛЫК БИЛДИРҮҮ

Диссертациядагы бардык маалыматтар академиялык эрежелердин алкагында алынган, бардык визуалдык жана жазуу жүзүндөгү маалыматтар жана натыйжалар академиялык жана этикалык эрежелерге ылайык берилген, колдонулган маалыматтарда эч кандай бурмалоо жасалган эмес, пайдаланылган иштерге толук шилтемелер жасалган, диссертациялык маалыматтар эч бир университетте эч бир диссертацияда колдонулган эмес, диссертация жазуу эрежелерине ылайык даярдалган деп билдирем.



Алия Орозбекова

# БАШ СӨЗ

Тил - адам баласынын жашосуундагы эң маанилүү, эң керектүү жана ошол эле учурда ушул күнгө чейин терең изилденип бүтө элек, илимдин дээрлик баардык чөйрөсүн кандайдыр бир деңгээлде ичине камтыган ары татаал, ары көп кырдуу түшүнүк десек болот. Андыктан бул тармактагы илимий изилдөөлөр да тарыхтан бери уланып учурда тил илиминде ар кандай жаңы теориялар, парадигмалар улам пайда болуп келет. Мындай теориялардын бири тилдеги каражаттарды алардын түзүлүшүнөн маанисине карай изилдеген салттуу грамматикадан айырмаланып бул каражаттарды алгач маанисине карата изилдеген функционалдык грамматика болуп саналат. Өткөн кылымдарда эле пайда болгон жана ономасиологиялык принципке негизделген бул илимий багытта кыргыз тилиндеги изилдөөлөр аз болгондуктан бул илимий эмгек ушул теориянын негизинде кыргыз тилинде олуттуу орунга ээ таандык маанини изилдөөгө арналды. Илимий изилдөөнүн алкагында кыргыз тилинде таандык категориясы, таандык маанинин туюндуруу жолдору изилденип, жогоруда айтылган теориянын негизинде таандык маанинин функционалдык семантикалык алкагы түзүлдү.

Бул диссертациялык иш киришүүдөн, 3 бөлүмдөн, корутунду жана сунуштардан, колдонулган адабияттардын тизмесинен турат.

Бул магистрдик эмгекти жазууда мага кеңешин берип колдоо көрсөткөн, багыт берген илимий жетекчим Проф. Др. Бурул Сагынбаевага, керектүү учурда убакыт бөлүп жардамын аябаган түркология бөлүмүндө эмгектенген эже-агайларыма, талыккан учурларда дем берген үй-бүлөмө чексиз ыраазычылыгымды билдирем.

Алия Орозбекова

**МАЗМУНУ**

БАШ СӨЗ .... i
МАЗМУНУ .... ii
КЫСКАРТЫЛГАН СӨЗДӨР .... iv
ТАБЛИЦАЛАРДЫН ТИЗМЕСИ .... v
ДИАГРАММАЛАР .... vi
КЫСКАЧА МАЗМУНУ .... 1
SUMMARY .... 3
АННОТАЦИЯ .... 4
ÖZET .... 5
КИРИШҮҮ .... 17
БИРИНЧИ БӨЛҮМ
ФУНКЦИОНАЛДЫК ГРАММАТИКА ЖАНА "ТААНДЫК" МААНИНИН ТЕОРИЯЛЫК НЕГИЗДЕРИ .... 22
1.1.Функционалдык грамматиканын теориялык негиздери .... 22
1.2. "Таандык" маанинин теориялык негиздери .... 28
1.3. Функционалдык грамматика боюнча изилдөөлөргө илимий сереп .... 35
ЭКИНЧИ БӨЛҮМ
ИЗИЛДӨӨ МЕТОДДОРУ .... 44
2.1. Жалпы изилдөө методдору .... 44
2.2. Функционалдык грамматикада колдонулган изилдөө методдору .... 51
2.2. Функционалдык-семантикалык алкак методу .... 56
ҮЧҮНЧҮ БӨЛҮМ
"ТААНДЫК" МААНИНИН ФУНКЦИОНАЛДЫК-СЕМАНТИКАЛЫК АЛКАГЫ
3.1. Таандык маанинин тарыхый өнүгүүсү .... 63
3.1.1. Байыркы түрк тилиндеги таандык мүчөлөр .... 64
3.1.2. Орто кылымдагы түрк тилдеринде колдонулган таандык мүчөлөр .... 65
3.1.2.1.Караханий түркчөсүндөгү таандык мүчөлөр .... 65
3.1.2.2. Хорезм түркчөсүндөгү таандык мүчөлөр .... 66
3.1.2.3. Чагатай түркчөсүндөгү таандык мүчөлөр .... 67
3.1.2.4. Кыпчак түркчөсүндөгү таандык мүчөлөр .... 67
3.1.2.5. Байыркы Анадолу түркчөсүндөгү таандык мүчөлөр .... 68
3.1.3. Азыркы түрк тилиндеги таандык мүчөлөр .... 68

3.1.4. Азыркы кыргыз тилинде таандык мүчөлөр .... 69
3.2. Таандык маани жана анын уюшулуу жолдору .... 71
3.2.1. Таандык маанини туюндуруунун лексикалык жолу .... 73
3.2.1.1.Бөлүк менен бүтүндүн катыштыгындагы сөздөр .... 74
3.2.1.2.Кесиптердин аталыштары .... 76
3.2.1.3.Энчилүү аттар .... 76
3.2.1.4.Гендердик сөздөр .... 80
3.2.1.5. Туугандык терминдери .... 82
3.2.1.6. Сырдык сөздөр .... 82
3.2.1.7. Фразеологизмдер жана макалдар .... 83
3.2.2. Таандык маанини туюндуруунун морфологиялык жолу .... 85
3.2.2.1. Жакчыл таандык мүчөлөр .... 85
3.2.2.2. Жалпы таандык мүчөлөр .... 88
3.1.2.3. Жак мүчөлөр.... 89
3.1.2.4. –ЛЫК мүчөсү .... 90
3.1.2.5. –КЫ мүчөсү .... 91
3.2.2.6. –ДАй мүчөсү .... 91
3.1.2.7 –Ча мүчөсү .... 91
3.1.2.8 Да, дагы, деле бөлүкчөлөрү .... 92
3.2.3. Таандык маанини туюндуруунун синтаксистик жолу .... 93
КОРУТУНДУ .... 97
КОЛДОНУЛГАН АДАБИЯТТАР.... 101
РЕЗЮМЕ.... 106

# КЫСКАРТЫЛГАН СӨЗДӨР

| | |
|---|---|
| ФС | :Функционалдык грамматика |
| ФСА | :Фунционалдык-семантикалык алкак |
| ж.б. | : жана башка |
| ОЭЖ | : Орхон-Энесай жазуулары |
| Кырг. | **: к**ыргызча |
| Түр. | **:** түркчө |
| İAA | **:** İşlevsel-anlamsal alan |

## ТАБЛИЦАЛАРДЫН ТИЗМЕСИ

**Таблица 3.1.**А. М. Щербак боюнча таандык мүчөлөрдүн алгачкы формасы ....... 63
**Таблица 3.2.** Байыркы түрк тилинде таандык мүчөлөр ........................................ 65
**Таблица 3.3** Караханий түркчөсүндөгү таандык мүчөлөр..................................... 65
**Таблица 3.4.** Хорезм түркчөсүндөгү таандык мүчөлөр ......................................... 66
**Таблица 3.5.** Чагатай тилиндеги таандык мүчөлөр ............................................... 67
**Таблица 3.6.** Кыпчак тилиндеги таандык мүчөлөр ............................................... 67
**Таблица 3.7** Байыркы Анадолу түркчөсүндө таандык мүчөлөр ............................ 68
**Таблица 3.8.** Кыргыз тилиндеги жакчыл таандык мүчлөр (жекелик сан) ............ 86
**Таблица 3.9** Кыргыз тилиндеги жакчыл таандык мүчөлөр (көптүк сан)............... 86
**Таблица 3.10** Кыргыз тилиндеги жалпы таандык мүчөлөр.................................... 88
**Таблица 3.11** Жалпы таандык мүчөнүн жакчыл таандык мүчөдөн кийин келүүсү ........................................................................................................... 89

# ДИАГРАММАЛАР

**Диаграмма 1** "Ажар" повестинде таандык каражаттардын колдонуу жыштыгы. 98
**Диаграмма 2** Таандык маанини функционалдык-семантикалык алкагы............... 99

## КЫСКАЧА МАЗМУНУ

## КЫРГЫЗ ТИЛИНДЕГИ «ТААНДЫК» МААНИНИН ФУНКЦИОНАЛДЫК-СЕМАНТИКАЛЫК АЛКАГЫ

Бул диссертациялык иш кыргыз тилинде таандык категориясын функционалдык грамматиканын алкагында изилдөөгө арналат. Эмгектин негизги максаты тил илиминде тилдик бирдиктерди түзүлүшүнөн маанисине карата изилдеген салттуу грамматикадан айырмаланып, аларды маанисинен түзүлүшүнө карата изилдеген функционалдык грамматика теориясынын негизинде кыргыз тилиндеги таандык категориясын терең изилдөө болуп саналат.

Таандык категориясы жалпы дүйнө тилдерине мүнөздүү универсалдуу категориялардын бири. Андыктан дүйнө тилдеринде таандык маанини туюндурууда ар кандай каражаттар колдонулат. Изилдөөнүн алкагында кыргыз тилинде таандык маанинин табиятын ачып берүү, семантикасын аныктоо менен бирге анын тилдин ар кандай денгээлине (морфологиялык, синтаксистик, лексикалык, семантикалык) таандык каражаттар аркылуу туюндуруу жолдору аныкталды.

Бул илимий эмгек киришүү, үч бөлүм жана корутундудан турат.

**Киришүү** бөлүмүндө изилдөөнүн максаты, изилдөө объектиси, теманын актуалдуулугу, колдонулган илимий изилдөө ыкмалары тууралуу маалымат берилет.

**Биринчи бөлүм** изилдөөнүн теориялык негизин түзгөн функционалдык грамматика жана таандык категориясынын жалпы мүнөздөмөсү тууралуу теориялык маалыматтарды камтыйт. Бул бөлүмдө диссертациялык иштин темасына байланыштуу изилдөө жүргүзгөн окумуштуулардын пикирлери изилденип, алардын салыштырмалуу анализи жүргүзүлөт.

Диссертациялык иштин **экинчи бөлүмүндө** изилдөөнүн алкагында колдонулган илимий методдор, жалпы илимий методдор, функционалдык грамматикада колдонулган ыкмалар жана функционалдык-семантикалык алкак методу иликтенди.

Эмгектин **үчүнчү бөлүмүндө** таандык маанини чагылдырган каражаттарды морфологиялык, синтаксистик жана семантикалык жактан классификациялоо жүргүзүлдү. Мында таандык маанини туюндурган таандык мүчөлөрдүн түрк тилдеринде жалпы өнүгүү этаптары чагылдырылды.

**Ачкыч сөздөр:** *тил, функционалдык грамматика, функционалдык-семантикалык алкак, таандык категориясы, семантика.*

**SUMMARY**

**FUNCTIONAL-SEMANTIC FIELD OF THE MEANING OF POSSESSIVENESS IN THE KYRGYZ LANGUAGE**

This dissertation is devoted to the study of the *category of possession* in the Kyrgyz language within the framework of functional grammar. The primary objective of the research is to conduct an in-depth analysis of the possession category, based on the principles of functional grammar, which—unlike traditional grammar—examines linguistic units from *meaning to form*.

The category of possession is considered a universal linguistic phenomenon present across the world's languages. Accordingly, different languages employ various linguistic means to express possessive relations. This study aims to reveal the nature of possessive meaning in the Kyrgyz language, define its semantic features, and identify the linguistic levels (morphological, syntactic, lexical, semantic) through which it is expressed.

The dissertation consists of an introduction, three main chapters, and a conclusion. The **Introduction** outlines the aim and object of the study, the relevance of the topic, and the research methods employed.

**Chapter One** presents the theoretical foundations of the study, focusing on functional grammar and the general characteristics of the category of possession. This chapter also includes a comparative analysis of scholarly perspectives on the subject. Chapter two examines the research methodology, including both general scientific methods and those specific to functional grammar, particularly the method of functional-semantic field analysis.

Chapter three provides a classification of linguistic means that express possessive meaning from morphological, syntactic, and semantic perspectives. The main objective of this chapter is to construct the functional-semantic field of possessive expressions in the Kyrgyz language.

The conclusion summarizes the analytical findings and the main results of the study.

**Keywords:** language, functional grammar, functional-semantic field, category of possession, semantics.

## АННОТАЦИЯ

## ФУНКЦИОНАЛЬНО-СЕМАНТИЧЕСКОЕ ПОЛЕ ЗНАЧЕНИЯ ПРИТЯЖАТЕЛЬНОСТИ В КЫРГЫЗСКОМ ЯЗЫКЕ

Данная диссертационная работа посвящена исследованию категории *принадлежности* в кыргызском языке в рамках функциональной грамматики. Основная цель исследования — всесторонее изучение категории притяжательности, опираясь на принципы функциональной грамматики, которая изучает языковые единицы «от значения к форме». Категория принадлежности является универсальной для большинства языков мира. Соответственно, в разных языках для выражения значения принадлежности используются различные языковые средства. В рамках исследования раскрывается природа понятия “притяжательности” в кыргызском языке, определяется его семантика, а также вы разноуровневые языковые средства (морфологический, синтаксический, лексический, семантический), выражающие значение “притяжательности”.

Диссертация состоит из введения, трёх основных глав и заключения. Во *введении* представлены цель исследования, его объект, актуальность темы, а также применяемые научные методы.

*Первая глава* содержит теоретические положения, касающиеся функциональной грамматики и категории принадлежности, а также сравнительный анализ взглядов учёных, исследовавших данную проблематику.

Во *второй главе* рассматриваются научные методы, используемые в исследовании, включая как общенаучные подходы, так и специфические для функциональной грамматики, в частности метод функционально-семантического поля. *Третья глава* посвящена классификации языковых средств, выражающих значение принадлежности, с морфологической, синтаксической и семантической точек зрения. Основная задача главы — построение функционально-семантического поля языковых средств, выражающих значение принадлежности в кыргызском языке. *В заключении* подведены итоги анализа и обобщены основные результаты исследования.

**Ключевые слова:** язык, функциональная грамматика, функционально-семантическое поле, категория принадлежности, семантика.

# ÖZET

## KIRGIZCA İYELİK, AİTLİK KATEGORİSİNİN İŞLEVSEL-ANLAMSAL ALANI

Dil biliminde iyelik/aitlik anlamını ifade eden sözcükler ve söz öbekleri "iyelik kategorisi", "iyelik grupları", "iyelik ekleri" gibi farklı dilbilgisel terimler altında incelenmektedir. İyelik kavramı sadece terminolojik açıdan değil, aynı zamanda bu kavramı ifade eden dilsel unsurların gramer yapısı bakımından da tartışma konusudur. Genel dil biliminde bazı araştırmacılar iyeliği anlambilim kuramında incelemeye alırken, kimi araştırmacılar bilişsel (kognitif), diğerleri ise işlevsel dilbilgisi, işlevsel gramer çerçevesinde ele almaktadır. Zira iyelik kategorisi, dünyanın tüm dillerine özgü anlamsal potansiyeli çok geniş dilin evrensel kategorilerinden biridir. Kırgız Türkçesinde de "taandık" olarak bilinen iyelik gruplarının hem dilsel yapısı hem de kapsadığı anlam halkası oldukça geniştir. Dolayısıyla Kırgızca'da iyelik kategorisinin farklı boyutlarda incelenmesi büyük önem arz etmektedir.

Bu tez çalışmasında işlevsel gramer çerçevesinde Kırgız Türkçesinde aitlik, iyelik kavramı, bu kavramı ifade eden dilsel birimlerin gramer yapısı, oluşum yolları ve işlevsel anlamsal alanı incelenmiştir. Araştırmanın esas amacı, dil biliminde dil birimlerini *"biçimden anlama"* yöntemine göre araştıran geleneksel gramer sisteminden farklı olarak bu birimleri *"anlamdan biçime"* yöntemi ile inceleyen işlevsel gramer teorisi temelinde Kırgızca'daki aitlik, iyelik kavramını incelemek, bu kavramı ifade eden dilsel araçları tespit etmek, onların gramer özelliklerini belirlemektir.

Çalışma giriş ve üç bölüm, özet kısmından oluşmaktadır.

Giriş bölümünde çalışmanın amaç ve kapsamı, aktüelliği, inceleme konusu, inceleme nesnesi, incelemeye alınan malzemeler, çalışma aşamasında yararlanılan bilimsel yöntemler, çalışmanın teorik ve pratik önemi hakkında genel bilgi verildi.

Çalışmanın birinci bölümü, çalışma konusu ile ilgili teorik bilgiler, işlevsel gramer kuramı ve bununla ilgili çalışmalar ve onların karşılaştırmalı analizi, dilde iyelik/aitlik kavramı, iyelik kategorisi ile ilgli teorik bilgiler, yöntemi hakkında bilgiler içermektedir.

İkinci bölümde çalışma aşamasında kullanılan araştırma yöntemleri ele alındı. Çünkü çalışmamızda betimleme, veri analizi gibi genel bilimsel yöntemlerden işlevsel-anlamsal

alan gibi özel dilbilimsel yöntemlere kadar farklı araştırma metotları kullanıldı. Bu yöntemleri araştırmanın amacına ulaşmada büyük önem taşımaktadır.

Üçüncü bölümde Kırgızca'da iyelik ve aitlik anlamını ifade eden dilsel unsurlar işlevsel gramer çerçevesinde "anlamdan biçime doğru" yöntemi ile incelendi. Kırgız türkçesi sondan eklemeli bir dil olduğundan sözcük oluşumunda ve anlam ifadesinde ekler büyük öneme sahiptir. Bu nedendir ki, Kırgızca'da iyelik anlamını ifade eden temel dilsel unsurlar eklerdir. Bu bölümde Kırgızca'da iyelik eklerinin tarihi gelişimi diğer türk dilleri ile karşılaştırmalı olarak ele alındı. Bunun dışında iyeliği ifade eden sözcükler ve söz öbekleri de irdelenerek iyelik anlamı taşıyan tüm dilsel birimler anlam gücü düzeyine göre sınıflandırıldı. Araştırma sonucunda Kırgızca'da iyelik/aitlik anlamını ifade eden morfolojik, sözlüksel ve sözdizimsel birimlerin işlevsel-anlamsal alanı oluşturuldu.

Çalışma aşamasında farklı araştırma yöntemlerinden yararlanıldı. Genel bilimsel araştırma yöntemleri dışından dilbilim alanında kullanılan karşılaştırmalı-tipolojik, tarihî-karşılaştırmalı, fonksiyonel-anlamsal alan yöntemi ve yapısal-betimleyici yöntemlerden yararlanıldı.

Bu tez çalışmasının bilimsel yeniliği, Kırgız Türkçesinde iyelik anlamının ilk kez işlevsel dilbilgisi çerçevesinde kapsamlı bir şekilde (sözcüksel, biçimbilimsel ve sözdizimsel düzeyde) ele alınmasıdır. Kırgız Türkçesinde iyelik anlamını ifade eden dilsel araçlar dilin farklı düzeylerinden toplanmış ve bunlar iyelik anlamını ifade etme derecelerine göre anlamsal alanlara yerleştirilmiştir. Bu yaklaşım, araştırmaya özgünlük ve yenilik kazandırmaktadır.

Aitlik kategorisi, tüm dünya dillerinde görülen evrensel dilsel kategoridir. İki varlık arasındaki ilişkiyi ifade eden iyelik kategorisi dil yapısının temel unsurlarından biridir. Anlamsal açıdan değerlendirildiğinde, işlevsel alanı oldukça geniş, ifade biçimi açısından bakıldığında karmaşık bir yapıya sahip olduğu görülmektedir. Bu nedenle, bu kavramı tanımalamada dilbilimciler farklı görüşler ileri sürmektedirler. Bazı araştırmacılar, iyelik anlamının dilde yalnızca mülkiyet ya da sahiplik anlamı yansıttığını savunurken, diğer bazı dil bilimciler (A.V. Bondarko, Wolf, Seliverstova, Kibrik) bu kategoriyi iki varlık arasındaki her türlü ilişkiyi ifade eden anlamsal bir kategori olarak değerlendirmişlerdir. Bu farklı yaklaşımlar, kavramın dilde "possession", "iyelik", "aitlik" gibi terimlerle anılmasına neden olmuştur. İyelik kavramı, "*bir şeye sahip olma, sahiplik etme*" anlamına gelse de, bu kavramı yalnızca dar anlamda ele almak doğru değildir. Çünkü iyelik, sahip

olan varlık (possessor) ile kendisine sahip olunan nesne (possessum) arasındaki her türlü ilişkiyi yansıtan koşullu bir kavramdır. Bir anlamsal kategori olarak iyelik, dilde sahiplik, aitlik, bütün-parça gibi farklı ilişki alanlarını içine alan dilin evrensel ve kapsamlı kavramlarından biridir. Dilde bu kavram ortak anlamsal işleve sahip morfolojik, sözdizimsel, sözlüksel olarak farklı dilsel araçlar ile ifade edilir.

Kırgız Türkçesinde iyelik grupları, yaygın olarak kullanılan kapsamı en geniş ve işlemi en zengin dilsel kategorilerden biridir. Kırgızca'da iyelik anlamına gelen "taandık" sözcüğü "taan+lık" türevinden oluşmuştur. "Taandık" sözcüğünün "taan" kökü *teŋ (denk)* sözcüğünden türemiş olup ses değişikliği sonucu "taan" olarak değişmiş ve "+lık" ekinin eklenmesiyle *taandık* olarak kalıplaşmıştır (Сейдакматов 1988, 210).

K. K. Yudahin'in "Kırgızca-Rusça Sözlük" çalışmasında "ten" kelimesinin iki anlam ifade ettiği, birinci anlamı "*beden",* ikincisi ise "*iyelik, aitlik*" ifadesi olup ikinci anlamı tek başına kullanılmadığı belirtilmiştir. Sözcüğün ikinci *"iyelik"* anlamı*"ten al – kabul et, itiraf et, kendine üzerine al; maga ten – bana ait, bize ten – bizimki, bize ait* gibi örneklerle açıklanmıştır (Юдахин 1985, 224).

"Kırgız dili sözlüğünde" *taandık (iyelik)* sözcüğünün açıklaması "bir kişiye veya bir şeye aitlik, ilişkili olmak" şeklinde verilmektedir (Акматалиев 2019, 435).

Dilbilimciler tarafından iyelik kavramının farklı tanımlamaları öne sürülmüştür. Muharrem Ergin, iyelik kavramını "İsmin kendisine tabi olan unsurlarla, kendisinin ilgili bulunduğu kelimelerle münasebetini ifade eden gramer kategorisi" şeklinde tanımlar (Ergin 2000, 129).

N. K. Dmitriev iyelik kategorisini "aynı anda sahip olanı ve sahip olunan nesneyi gösteren" gramer kategorisi olarak tanımlar (Тенишев 1988, 22).

Korkmaz dilde iyelik anlamını gösteren ekleri tanımlarken "adın karşıladığı nesnenin kime veya neye ait olduğunu bildiren, sahiplik gösteren ve adlar ile adlar arasında bağlantı kuran eklerdir. Dolayısıyla getirildikleri adların dışında fakat o adlara ait olan, o adların malı sayılan nesneleri şahıs olarak gösteren eklerdir" biçiminde açıklama yapar (Korkmaz 2003, 259).

A. Melçuk, *iyelik* (поссесивдүүлүк) ve *aitlik* (таандыктык) ilişkilerini birbirinden ayırt etmek gerekliliğini vurgulayarak, şu şekilde açıklama yapmaktadır: "*Gramemlerin*, başka bir katılımcıya sahip olduğunu gösteren kategori *iyelik* (possessif) kategorisidir; buna

karşın, *gramemlerin*, bir katılımcının başka bir katılımcıya *ait olduğunu* nitelendiren kategori ise *sahiplik* kategorisi olarak anlaşılmalıdır" (Мельчук 1998, 324).

İyeliği anlam boyutunu ele alan çalışmaların belirli bir düzeyde ortak noktası, bu çalışmaların *varlık, sahiplik* ve *mekânsal* ilişkiler arasındaki bağlantıları ortaya koymasıdır. *Sahiplik* ve *mekânsal* ilişkiler arasındaki etimolojik bağ, V. N. Toporov tarafından sistematik bir biçimde incelenmiş ve derinlemesine araştırılmıştır. Öte yandan, S. D. Katsnelson, *sahiplik* olgusunun gelişimini *tipolojik bir bakış açısı* çerçevesinde ele almıştır.

Rus bilim adamı A. V. Bondarko, "iyelik" kavramını anlamsal bir kategori olarak tanımlamış ve işlevsel dilbilgisi çerçevesinde onomasiolojik yaklaşımla incelemiştir. Bondarko Rusça'da dilde sahiplik (iyelik) kavramını genel bir bakış açısıyla ele alarak, bunun aitlik, sahiplik, bütün-parça ilişkilisi gibi durumlarını "anlamdan biçime yönelik" ilkesi doğrultusunda ele almış ve bu kavramı ifade eden dilsel araçların işlevsel-anlamsal alanını oluşturmuştur (Бондарко vd. 1996, 99).

Çalışmamız Kırgızca'da iyeliğin işlevsel dilbilgisi kuramı çerçevesinde incelendiğini dikkate aldığımızda öncelikle bu kuramın tanımı, özellikleri ve dilbilimindeki önemi üzerinde durmak önemlidir.

Dilbiliminde dilin tanımı, yapısı ve işlevi ile ilgili pek çok kuram ve araştırma geleneği bulunmaktadır. Bazı geleneklerde (biçimsel paradigma) dil soyut biçimsel bir nesne, bir tümce dizisi olarak görülür. Öyleyse bu gibi yaklaşımlarda dilbilimin amacı, tümceleri biçimsel açıdan, yani dilsel öğelerin oluşum şekillerini yansıtan kurallar açısından betimlemektedir. Anlam ve bağlam, sözdizim yeterli betimleyici gücü verebildiği sürece, daha önemsiz bir rol oynar. Oysa işlevsel araştırma geleneğinde ('paradigma'sında) dil her şeyden önce bir sosyal etkileşim aracıdır ve insanoğlunun iletişimsel yetisinin bütünleşmiş bir parçasını oluşturur (Van Schaaik 1998, 2).

İşlevsel dil bilgisi, dilbilimin önemli bir dalı olarak, geleneksel dil bilgisinden farklı şekilde yalnızca sözdizimsel kurallar ve biçimbilimsel özelliklere değil, aynı zamanda farklı iletişimsel amaçlara ulaşmadaki dilsel araçların işlevine odaklanır. Daha açık bir ifadeyle, işlevsel dil bilgisi, dil sistemindeki biçimbilimsel yapıları, anlamları ve kategorileri onların söylemde üstlendiği iletişimsel-pragmatik görevleri doğrultusunda inceleyen bir dilbilim disiplinidir.

“Yapısal dilbilim → işlevsel dilbilim → işlevsel dilbilgisi” şeklinde gelişme gösteren işlevsel dil bilgisinin temeli Prag Dilbilim Okulu dilbilimcileri tarafından atılmıştır. Batı’da işlevsel dilbilgisinin gelişmesinde A. Martine başında gelen Fransız Dilbilim Okulu temsilcileri, dilbilimci R. Jakobson, Ch.Bally, A. Brunot, O. Espersen ve diğer dilbilimcilerin çalışmaları büyük öneme sahiptir.

Rus dilbiliminde işlevsel dilbilgisi kuramının kurucusu olarak A. V. Bondarko kabul edilir. Bunun dışında A. M. Peshkovskiy, F. İ. Buslaev, Potebnja, Baudouin de Courtenay, G. Zolotova, V. Gak v.d. dilbilimcilerin çalışmaları Rus işlevsel dilbilgisinin gelişiminde büyük katkı sağlamıştır.

Kırgız dilbiliminde işlevsel dilbilgisi kuramı ile ilgili çalışmalar çok fazla değildir. Dilbilimci Z. Derbişeva ve B. Sagynbaeva Kırgızca’yı işlevsel dilbilgisi açısından ilk olarak araştırmışlardır. Onların bu alanda yaptıkları çalışmaları Kırgızca’nın işlevsel dilbilgisinin gelişiminde büyük öneme sahiptir.

İşlevsel dilbilgisinin temel kavramlarından biri işlevsel-anlamsal alandır (İAA). Bu kavram A. V. Bondarko tarafından dilbilimine kazandırılmıştır. Bilim adamının fikrine göre işlevsel-anlamsal alan, belirli bir anlamsal kategoriyi ifade etmek için kullanılan farklı dil düzeylerinden (sözdizimsel, sözlüksel, morfolojik) oluşan dilsel araçlar sistemidir (Бондарко 2011, 27).

İşlevsel-anlamsal alanın yapısının oluşumunda, bir kavramın hem içerik hem ifade planını göz önünde bulundurulur. İAA’nın içerik planı, alanın temelinde yer alan anlamsal kategorinin farklı şekillerde dilsel çözümlemesini ifade eder. İAA’nın ifade planı ise, kavramın dilsel çözümlemesinde kullanılan dilsel araçları içine alır. İİA’nın yapısı bir anlamı ifade eden dilsel araçların ilgili anlamı ifade etme gücüne göre *temel* (өзөк), *yakın* ve *uzak* çevrelerden oluşmaktadır. Alanın temel bölümünde çoğu zaman belirli bir anlamı doğrudan ve net olarak ifade eden ve bu anlamı aktarmada sık kullanılan dilsel araçlar yer alır. Bu bölüm çoğu zaman morfolojik araçlardan oluşur. İAA’nın yakın çevresi ilgili kavram ifadesinde daha az kullılan dilsel araçlar yer alır. İİA’nın uzak çevresine ise bir kavramı ifade etmede kullanım sıklığı düşük olan, ifade gücü daha zayıf olan dilsel araçlar yerleştirilir.

Çalışmamızda yukarıda betimlediğimiz teorik bilgiler, yeöntemler temelinde Kırgızca’da “iyelik/aitlik” anlamını ifade eden dilsel araçları tespit ederek bu araçları işlevsel-alana yerleştireceğiz.

Kırgızca dahil olmak üzere Türk dillerinde "iyelik" kategorisinin kullanım alanı çok geniştir ve ifade biçimleri bakımından oldukça zengin kategorilerden biridir. Bu açıdan bakıldığında Türk dilleri "iyelik" özellikli diller grubuna girer. "İyelik" tipine sahip dil olarak, sadece bir varlığın başka bir varlık üzerindeki sahipliği ifade eden iyeliğin değil, aynı zamanda diğer dilbilgisel ilişkilerin (mekansal, rol, öznellik, nesnellik vb.) de iyelik ekleriyle temsil edildiği diller sayılır (Иванов vd. 1989, 29).

Çalışmamız çerçevesinde Kırgızca'da iyelik anlamını ifade eden unsurları sözlüksel, morfolojik ve sözdizimsel olarak üç düzeyde topladık.

**İyeliğin sözlüksel ifade şekli**

İyeliğin, sözlüksel ifade şekli belirli bir sözcüğün veya sözcük grubunun herhangi bir ek eklenmeden, mantıksal düzeyde iyelik anlamı taşıması ile gerçekleşir. Bu tür kavramlar anlamsal düzeyde her zaman başka bir varlığa ait halde bulunur. İyeliği anlam düzeyinde ifade eden araçları aşağıdaki gruplara ayırabiliriz:

**Bütün-bölük ilişkisinde** bir bütünün parçası olan varlık her zaman bütün olan varlığa ait sayılır. Örneğin, китептин барактары (*ağacın yaprağı), үйдүн эшиги (evin kapısı), унаанын дөңгөлөгү (aracın tekerleği).* Yukarıdaki örneklerde *yaprak, kapı, tekerlek* sözcükleri tek başına kullanıldıkları anda da her zaman başka bir varlığı ait olduğu anlamını taşımaktadır.

**Özel adlar,** bir varlığa özgü olarak verilen isimler olarak da iyelik anlamını ifade eden sözcüksel araçlardandır. Bir yandan adın sahibine aitliği ifade ederken, öte yandan bu ad, sahibinden daha genel bir kavrama aitliği de yansıtabilir. Aşağıdaki özel adlar iyelik anlamını ifade etmektedir:

**Kişi adları,** bir şahsa özgü olmakla birlikte o kişinin kim olduğunu, hangi aileye, soya, harekete, cinsiyete ya da ülkeye ait olduğunu belirler. Örneğin, Akılbek ismini duyduğumuzda bir ismin erkek kişiye ait olduğu ve genel olarak Kırgızlarda kullanılan bir isim olduğunu anlaşılır.

Özel adlar arasında **eser adları** da aitlik anlamı taşır. Çünkü hangi türden olursa olsun (edebî eser, bilimsel çalışma, resim vb.) her eser onun yazara ait olup yazarın entelektüel mülkiyeti sayılır. Örneğin, *"Cemile" Cengiz Aytmatov'a*, *"Mona Lisa"* tablosu *Leonardo da Vinci'ye* ait olduğu eser adlarından açıkça anlaşılır.

Kırgız Türkçesinde **hayvan yavrularının adları** özel isimlerle ifade edilir. Örneğin, *küçük* sözü köpeğin yavrusunu, *muzoo* inek yavrusunu, *kozu* koyun yavrusunu ifade eder. Demek, hayvan yavrularının isimlerini duyduğumuzda onun belirli bir hayvana ait olduğu anlaşılır.

**Cinsiyet kavramları,** dilde insanların biyolojik cinsiyetlerine göre ayrım yapan ve kadınlık ya da erkekliğe özgü özellikleri yansıtan, yani yalnızca bir cinse aitliği ifade eden sözcüklerdir. Bu dilsel araçlar, kadınlara veya erkeklere ait nesnelerin, eşyaların, giysilerin ya da soyut kavramların adlarını, onların toplumdaki rollerini, toplumsal cinsiyete bağlı işlevlerini ve statülerini yansıtan kelimeleri kapsar. Kırgızca'da kadınlara ait sözcüklere örnek olarak: *ayım (hanım), kız (kız), келин (gelin), makyaj, kıyafet isimlerini (cooluk-başörtüsü, yubka – etek* gibi sözcükleri belirtmek mümkündür. Erkeklere ait sözcüklere örnek olarak: *ağa, bey, delikanlı, kalpak, erkek* gibi ifadeler verilebilir.

Bunun dışında **akrabalık terimleri (***apa-anne, ata-baba, karındaş – kız kardeş***), vücut parçalarının** (*kol, baş, ayak*) isimleri, bir milli, sosyal ve kültürel unsurlar (*bozüy, kalpak – erkeklerin başlığı*) de aitlik anlamını ifade eder.

Bazı durumlarda değimler de genel anlamıyla iyelik anlamı taşır.

**İyeliğin morfolojik ifade şekli**

Türk dilleri aglutinatif (eklemeli) diller grubuna ait olduğu için, gramatik anlamlar ekler aracılığıyla verilir. İyelik kategorisinin morfolojik dilsel araçlarla ifade edilmesi, isim sözcüklere iyelik eklerinin eklenmesiyle sağlanır. Bu durumda, iyelik eki alan sözcük ait olunan nesneyi, ekin kendisi ise ait olan şahsı ifade eder (Токтоналиев 2015, 224). Örneğin: *Evde annem ve kız kardeşim var* anlamına gelen "*Üydö apam cana karındaşım bar"* (*C. Aytmatov)* cümlesinde *anne* ve *kız kardeş* sözcükleri ait olunan varlığı, onlara eklenen **-ım** (1. tekil şahıs iyelik eki) ise konuşan kişiyi, yani varlığını sahibi olan şahsı (ben) belirtir.

**İyelik ekleri**

Türk lehçelerinde iyelik kavramının aktarılmasında en çok iyelik ekleri kullanılır. Türkçenin bilinen en eski yazılı örnekleri olan Orhun Abidelerinden günümüz Türk lehçelerine kadar türk dillerinde iyelik eklerine baktığımızda genel olarak –ı(m), -(ı)n/ñ, (ı)sı, +(ı)mız/(ı)bız, -(ı)nız/ñız, +ları şeklinde altı şahıs iyelik eki olduğu ve bu eklerin

tarih boyunca lehçelere ve dönemlere göre çok az değişim gösterdiği tespit edilmiştir. Söz konusu değişiklikler ses ve biçim bakımından görülmektedir. Tarihi türk lehçeleri ve bazı çağdaş türk lehçelerindeki iyelik eklerindeki değişiklikleri şu şekilde sıralayabiliriz:

Birinci tekil şahıs iyelik eki +m bütün eski ve yeni yazılarda ortaktır. Yardımcı ünlülerin varyantları Eski Türkçede, Karahanlı Türkçesinde, Harezm Türkçesinde, Türkiye Türkçesinde ve Kırgız Türkçesinde -ı, -i, -u, ü şeklindedir.

İkincil tekil şahıs iyelik eki Kırgız Türkçesinde +ñ şeklinde, Türkiye Türkçesinde +n şeklindedir.

Üçüncü Tekil şahıs Türkiye Türkçesi ve Kırgız Türkçesinde dudak uyumu gereği +ı, +i, +u, +ü; +sı, +si, +su,+sü şeklindedir.

Birinci çoğul şahıs iyelik eki, Kırgız Türkçesi hariç karşılaştırılan Türk dillerinde +(I)mIz ve +(I)mIz şeklindedir. Kırgız Türkçesinde ise +(I)bIz şeklinde kullanılır.

İkinci çoğul şahıs iyelik eki Kırgız Türkçesinde +(I)ñAr şekli kullanılmaktadır.

Türkiye Türkçesinde de Kırgız türkçesinde de vurgusuz son hecede düşme olur. (türk. omuz: omzum, kırg. moyun:moynum vb.)

Türkiye Türkçesinde ve Kızgızcada bazı sert sessizle biten kelimelerin son sesinde iyelik ekiyle birlikte yumuşama olur. Türkiye Türkçesinde bu sesler dört tanedir. k-g,ğ, t-d, ç-c, p-b'ye dönüşür.. (çiçek:çiçeği). Kırgızca da ise sadece iki seste bu durum görülür. k-g, p-b (kırg. uçak:uçagım, beşik:beşigim, kitep:kitebim) vb.

Aşağıdaki Kırgız Türkçesinde iyelik ekleri ve onların yapısı gösterilmiştir.

Tekil Şahıs iyelik ekleri:

1.Tekil şahıs +(I)m (+m; +ım, +im, +um, +üm); ata+m (babam), at+ı+m "adım'', uul+u+m "oğ(u)lum''.

2. Tekil şahıs +(I)ñ (+ñ; +ıñ, +iñ, +uñ,+üñ); ata+ñ "baban", el+i+ñ "halkın'', üy+ü+ñ "evin".

3. Tekil şahıs +(s)I (+ı, +i, +u, +ü; +sı, +si, +su, +sü); ata+s+ı "babası'', kiteb+i "kitabı'', üy+ü "evi".

Çoğul şahıs iyelik ekleri:

1. Çoğul şahıs +(I)bIz (+bız, +biz, +buz, +büz; +ıbız, +ibiz, +ubuz, +übüz); ata+bız ''atamız'', til+i+biz "dilimiz", boo+buz "bağımız", köz+ü+büz "gözümüz".

2. Çoğul şahıs +(I)ñAr (+ñar, +ñer, +ñor, +ñör; +ıñar, +iñer, +uñar, +üñör); ata+ñar "atanız'', kiteb+i+ñer "kitabınız", kol+u+ñar "eliniz'', söz+ü+ñör "sözünüz".

3. Çoğul şahıs +lArI~+DArI (+ları, +leri, +loru, +lörü; +darı, +deri, +doru, +dörü; +tarı, +teri, +toru, +törü); ata+ları "babaları'', too+loru "dağları"; kız+darı "kızları'', coldoru "yolları"; iş+teri "işleri'', ot+toru "ateşleri".

## +Nıkı iyelik eki

Kırgız Türkçesinde aitlik anlamını ifade eden bir diğer morfolojik araç da **genel aitlik eki** olan *–ныкы (nıkı) ekidir*. Tarihî olarak bu şekil, ilgi hâli eki *-nın* ile *-кi* ekinin birleşiminden türemiştir. Günümüzde, Türk dillerinin çoğunda bu yapı *-nıkı* (< *-nın+ki*) şeklinde kullanılmaktadır. Bu yapı yalnızca ait olanı değil, aynı zamanda *–кi* eki sayesinde söylenmeyen ait olunan nesneyi de içerir. Örnekler: *meniki (benimki), seniki (seninki), üydükü (evinki).* Kırgız türkçesinde genel iyelik eki sesbilgisel açıdan şu şekillere sahiptir:

Ünlü sonunda*: +nıkı, +niki, +nuku, +nükü.* Örneğin, *balanıkı – çocuğunki, kişiniki – kişininki, okuuçunuku – öğrencininki;*

Yumuşak ünsüzler sonrası: *+dıkı, +diki, +duku, +dükü.* Örneğin, akındıkı *– yazarınki, cerdiki – toprağınki, avtorduku – yazarınki, dükötndükü – mağazanınki.*

Sert ğünsüzler sonrası: *+tıkı, +tiki, +tuku, +tükü.* Örneğin: *attıkı – atınki, ittiki – köpeğinki,* orustuku – rusun, küçüktükü – kökek yavrusununki.

Türkiye türkçesinde bu ekin kullanımında ünlü uyumu yoktur. Örneğin, *onunki, babamınki, çocuğunki.*

### Şahıs ekleri

Şahıs ekleri, cümlede yüklemin kişisini belirten eklerdir. Kırgızca'da –m, -ñ, -t, -bız, -sıñar, -ışat olarak yükleme gelen altı şahıs eki mevcuttur. Şahıs bir eylemin kime, hangi şahsa ait olduğunu göstermekle iyelik anlamını kendinde barındırır. Örneğin, *Bügün köp iştedim (bugün çok çalıştım)* ifadesinde yüklemin aldığı *–m* şahıs eki eylemin birinci tekil şahısa ait olduğunu göstermektedir. S. Kudaybergenov bu durumu tersine "iyelik ekleri bazen şahıs eklerinin yerine kullanılır" ifadesini bildirir *Men emi siler menen koştoşkonum cakşı* (*artık sizinle vedalaşmam gerekir)* (Кудайбергенов 1961, 71).

## -lık eki

+Lık eki, Kırgız türkçesinde isim yapım eki olarak işlev görmektedir. Bu ek, isimlere eklenerek belli bir yere, kuruma, düşünce akımına veya sosyal gruba, mekana ve döneme aitlik anlamını ifade eder. Örneğin: *...Kaşkarlık soodagerlerdi Çatır-Kölgö cetkirip kel*

*dep ciberet (Kaşgarlı tüccarları Çatır-Göle ulaştırsın diye gönderdi)* (M. Tölömüşev, D. Düyşeev). Bu örnekte tüccarlar Kaşgara ait olduğu, Kaşgardan geldiği –lık eki ile ifade edilmektedir. –Lık eki kendisinin eklendiği kelimenin son sesine baplı olarak –lık, -luk, -lük, -lik, -tık, -tik, -tuk, -tük, -dık, -duk, -dük, -dik şeklinde değişir. Örneğin, *ayıldık kız (köylü kız), Oştuk cigit (Oşlu), studenttik mezgil (öğrencilik dönem) vd.*

## -kı eki

Kırgız türkçesinde –kı eki zaman ve mekân zarfı olarak kullanılan isimlere eklenerek, ismin ilgili zamana veya mekana aitliğini bildirir. Bu ek, hem isim köklerinden sonra hem de bulunma hâli eklerinden sonra kullanılabilir. Örneğin, *ertenki (yarınki), keçegi (dünki) caykı (yaz)*. Bulunma hali ekinden sonra: *Üydögü buyum (evdeki eşya), sendegi suluuluk (sendeki güzellik) vd.* Görüldüğü gibi, -kı eki de –lık eki gibi kelimenin sonundaki ses göre –kı, - ki, ku, kü, - gı, -gu, -gi, -gü olarak değişir.

Bu ek sayesinde, bir olayın, nesnenin ya da durumun zamanla veya yerle ilişkisi morfolojik olarak belirtilir.

### İyelik anlamının sözdizimsel ifade şekli

Kırgızca dahil olmak üzere türk dillerinde iyelik anlamı, yalnızca biçimbilimsel değil, aynı zamanda **sözdizimsel araçlarla** da ifade edilir. İyeliğin sözdizimsel ifade şekli iki isimin ekler aracılığıyla isim tamlaması oluşturması ile aktarılır. Burada isimlerin biri tamlayan, ikincisi tamlanan rolündedir. Türkoloji alanında bu tür yapılar **izafet** olarak adlandırılır.

N.Z. Gadzhieva ve B.A. Serebrennikov, izafeti "isim olan tamlayanı her zaman başka bir isme aitlik ya da başka türlü bir ilişkide bulunan bir ad grubu olarak tanımlayan sözdizimsel bir birliktir" şeklinde tanımlarlar (Гаджиева жана Серебренников 1986, 51).

İzafet türleri geleneksel dilbilgisinde araştırmacılar izafetin üç temel türünü belirtmişlerdir:

**1.** tip izafet: Ek almamış isim tamlaması. Bu türde hem tamlayan hem tamlanan yalın halde bulunur ve herhangi bir ek almaz. Kırgızcada bu yapının şu örneklerini verebiliriz: *temir col (demir yol), cıgaç üy (tahta ev), altın saat (altın saat), bala bakça (kreş) but kiyim (ayakkabı).*

Bu yapıların çoğu zamanla sıfatlaşma (adjektivasyon) sürecine girerek tamlayan unsur sıfat işlevi kazanmış ya da tamlayanı ile tamlananı bütünleşip yeni bir kavram oluşmuştur. Bu tür izafet, özellikle ulusal aidiyet (örneğin: ene til (anadil), orus cazuuçu (rus yazar), cinsiyet ayrımı: erkek kişi (erkek kişi) ve benzeri bağlamlarda iyelik anlamı taşır.

**2. tip izafet:** Bu yapılarda tamlayan yalın halde kalırken, tamlanan üçüncü tekil şahıs iyelik eki alır. Kırgızca'da izafetinin bu türü şu durumlarda kullanılır:

- Tamlayan tamlanan ismin türünü belirten durumlarda: kırg. *üy canıbarı* (türk. *ev hayvanı), egin talaası (tahıl tarlası), matematika sabagı (matematik dersi).*
- Soyadlarda: *Adılbek uulu (Adılbek oğlu), Saparalı kızı (Saparalı kızı*
- Yer adlarında: *Bişkek шаарı, Orok ayılı (Orok köyü).*
- Resmi makam adlarında: *Madaniyat Ministirligi (Kültür Bakanlığı), okuu bölümü (eğitim bölümü).*
- Vatandaşlık ve ulusal kimlik ifadesinde: *Orus caranı (Rus vatandaşı), Kazak eli (Kazak halkı).*
- Zaman ilişkisi: *caz ayı (ilkbahar ayı), kış mezgili (kış mevsimi)*

**3. Tip izafet.** Bu tür isim tamlamaları hem tamlayan hem tamlanan eki alırlar. Bu yapılarda, tamlayan isme iyelik hali (-nın/-nin), tamlanan isme ise 3. tekil şahıs iyelik eki (-sı/-si/-su/-sü) getirilir. Örneğin, kırg. *Abdıldabektin kara közdörü ottoy canıp turdu* (R. Abdiyev). *Türk. Abdıldabek'in kara gözleri ateş gibi parladı*; *menin konogum* (türk. *benim misafirim), senin üyün (senin evin)* vd. Kırgız Türkçesinde bu tür yapılar bir ismin başka bir varlığı aitliğini (bananın oyuncugu:çocuğun oyuncağı), bütün parça ilişkisini (daraktın calbıragı:ağacın yaprağı, stoldun butu: masanın ayağı) vd.

Sonuç olarak, Kırgız Türkçesinde aitlik anlamını ifade eden dilsel araçlar oldukça fazla ve biçimbilimsel yapıları bakımından belirgin özelliklere sahip olduğu yukarıdaki örneklerden anlaşılmaktadır. Kırgızca'da iyelik anlamını ifade eden dilsel araçların kullanım sıklığını ve ifade gücünü tespit etmek için araştırmamız çerçevesinde K.Bayalinov'un "Acar" eserini inlemeye aldık. İnceleme aşamasında bu eserden iyelik anlamı içeren dilsel araçlar toplanrak, iyeliği ifade etme gücüne göre sınıflandırıldı. İnceleme sonucunda eserde iyelik anlamını ifade eden toplam 394 unsur tespit edildi. Bunlardan iyelik eki ile oluşan 181, izafetin 3.türü –nın + 3.şahıs iyelik eki ile oluşan 190, sözlüksel araçlar 74, izafetin 2 türü ile oluşan 13, 6 tane -nıkı eki ile oluşan iyelik anlamı içeren ifadeler tespit edildi. Demek, Kırgız Türkçesinde iyelik anlamını aktarmada en çok

iyelik ekleri ve izafetin üçüncü türü kullanılmaktadır. Buna göre iyeliğin işlevsel anlamsal alanının temel çevresinde morfolojik araçlar, yani iyelik ekleri yer alır. İşlevsel-anlamsal alan yan çerçevesini ise sözdizimsel dilsel unsurlar, yani izafetin üçüncü tipini oluşturan yani ilgi hal –nın eki + 3.şahıs iyelik ekleri ve –nıkı eki yer alır. Yapılan incelemede bu ekler şahıs iyelik eklerine göre daha sık kullanıldığı görülmektedir. Ancak şahıs iyelik ekleri aynı anda ve tek sözde ismin sahibini de sahip olunan varlığı da ifade ettikleri için iyeliğin temel ifade şekli sayılır. Bununla birlikte iyelik ekleri bütün Türk dillerinde eski dönemlerden beri iyeliği ifade eden temel dilsel araçlar olduğu inceleme aşamasında görülmüştür. İyeliğin işlevsel-anlamsal alanının uzak çevresinde ilyeliği sözlüksel ifade şekli, yani özel adlar, ata sözleri, izafetin ikinci tipi yer almaktadır.

Sonuç olarak iyelik kategorisinin sadece Kırgız Türkçesinde değil bütün Türk dillerinde hem anlam hem yapı bakımından büyük öneme sahip olduğu belirtmek mümkündür. İşlevsel dilbilgisi çerçevesinde yapılan bu çalışmamızın Kırgız Dilbiliminin gelişmesine katkı sağlayacağına, Kırgız'canın yabancı dil olarak öğreniminde, Kırgızca'nın dilbilgisi araştırmalarında yararlı olacağına güveniriz.

## КИРИШҮҮ

Бул диссертациялык эмгек кыргыз тилинде таандык маанинин функционалдык-семантикалык алкагын изилдөөгө арналган. Төмөндө баяндалган маселелер жана жагдайлар изилдөөнүн өзөгү катары бул теманы тандоого себеп болду.

**Изилдөөнүн актуалдуулугу:** Таандык категориясы жалпы дүйнө тилдерине мүнөздүү универсалдуу категориялардын бири. Түзүлүшү, аткарган функциясы жана семантикасы жагынан таандык категориясы тил илиминде өзгөчө орунга ээ. Анын бул өзгөчөлүгүн В. Н. Топоров тил менен таандык категориясы кандайдыр бир деңгээлде жалпы ядрого ээ экендиги менен түшүндүрөт. Окумуштуунун пикири боюнча, бул ядро *таандык кылуу, өздөштүрүү түшүнүгү* жана таандык категориясы бул сыпаты менен тилге карата изоморфтук мүнөзгө ээ: “Чындыгында, тилдин негизги функцияларынын бири – бул ал аркылуу дүйнөнү таанып билүү жана аны өздөштүрүү. Тилде бул процесс жалпысынан таандык категориясын түзгөн каражаттар аркылуу ишке ашат” (Топоров 1986, 146).

Жалпы тил илиминде таандык категориясы тууралуу изилдөөлөр арбын. Бирок ошого карабастан, ушул убакытка чейин таандык категориясын мүнөздөгөн бирдиктүү термин кабыл алынган эмес. Бул тууралуу Д. Вайс мындай дейт: “Чындыгында, илимий булактарда таандык (*посессивдик*) байланыш катары кабыл алынган түшүнүктүн семантикалык потенциалы абдан кеңири болгондуктан, көпчүлүк учурда бул түшүнүк жалпыланган мүнөзгө ээ (Ушакова 2009, 96). Көптөгөн лингвисттер тарабынан таандык категориясын түшүндүрүүдө салттуу түрдө *посессивдүүлүк, таандык байланыш (принадлежность), тиешелүүлүк, менчиктик (собственность), ээлик кылуу (обладание)* сыяктуу аталыштар колдонулса, айрым изилдөөчүлөр салттуу эмес *ассоциативдик* (Л. А. Боади, В. Уэлмерс) *атрактивдүүлүк* (Т. Н. Воронцова) деген терминдерди колдонуп келишет (Селиванова 2012).

Таандык категориясы бир гана терминологиялык аталышы жагынан эмес, аны туюндурган каражаттардын грамматикалык түзүлүшү жагынан да белгилүү бир талаш маселелерди жаратып келет. Айтайын дегенибиз, айрым бир тилдерде таандык маани конкреттештирилип лексикалык, синтаксистик же морфологиялык каражаттар менен берилсе, айрымдарында белгилүү синтаксистик конструкциялардын ичинде жалпыланып берилет.

Түрк тилдеринде жана анын ичинде кыргыз тилинде таандык байланышты колдонуу чөйрөсү абдан кеңири, тактап айтканда, таандык байланыш кыргыз тилинде активдүү колдонулат. Бул жагдай түрк тилдеринин таандык (посессивдик) мүнөздөгү тилдердин катарына кириши менен түшүндүрүлөт. Посессивдик типтеги тил катары бир гана ээлөөчү жана ээлик кылуучунун ортосундагы таандык байланыш эмес, башка грамматикалык байланыштар да (локативдик, ролдук, субъектүүлүк, объектүүлүк ж.б.) таандык мүчөлөр аркылуу берилген тилдер каралат (Иванов ж.б. 1989, 29).

Тил илиминде таандык маанини изилдөөдө ар түрдүү ыкмалар колдонулуп келет. Мисалга ала турган болсок, функционалдык-коммуникативдик (А.В. Бондарко, М.В. Всеволодова, А.Мустайоки, К.Г. Чинчлей), семантикалык (Н.Д. Арутюнова, Е.В. Падучева), когнитивдик (И. Берон, Р. Ланкагер) ж.б. Булардын ар бири таандык маанини өзүнүн координаттар системасынын чегинде алып карап, аны ишке ашыруунун ошол системага ылайык тарабына көңүл бурган.

Жалпы тил илиминде таандык категориясына байланыштуу маселелер кыргыз тилиндеги таандык байланышка да мүнөздүү болуп саналат. Бул багытта изилдөө жүргүзгөн түркологдор түрдүү көз караштарга ээ. Кээ бир изилдөөчүлөр кыргыз тилинде таандык категориясын синтаксистик багыныңкы байланыштын курамындагы ээрчишүү байланышынын бир түрү деп эсептесе, айрым изилдөөчүлөр башкаруу байланышына кошуп карашат. Ал эми үчүнчү топтогу окумуштуулар таандык байланышты жогоркулардын экөөнө тең кошпой, тектеш түрк тилдериндеги сөз айкаштарынын тутумунда, сүйлөмдөрдүн тизмегинде баш ийүүчү жана башкаруучу абалда келген сөздөрдүн синтаксистик багыныңкы байланышынын бир түрү (*таандык байланыш, изафетное сочетание)* деп өз алдынча бөлүп изилдеп келишет (Ахматов ж.б. 1980, 102).

Таандык категориясы тилдеги өзгөчө катыштардын бири катары көптөгөн окумуштуулар тарабынан ар кандай методдор менен изилдөөгө алынган. И. И. Мещанинов, А. М. Пешковский, Ю. Д. Апресян, О. Н. Селиверстова, Р. М. Гайсина, А. М. Мухин сыяктуу окумуштуулар аны когнитивдик семантиканын курамында гносеологиялык ыкма менен изилдешкен. О. Есперсен, С. Д. Кацнельсон, Н. А. Слюсарева, М. М. Гухман сыяктуу изилдөөчүлөр болсо таандык категориясын *түшүнүк категориясы* катары кабыл алышкан. Ал эми А. В. Бондарко таандык

категориясын 20-кылымда негизделген функционалдык грамматика теориясынын алкагында универсалдуу категория катары изилдеген. Окумуштуу тарабынан негизделген функционалдык грамматика тилдеги бирдиктерди *формадан мааниге* эмес, *мааниден формага* принциби менен изилдөөгө алгандыгы менен баалуу. Ал эми бул теориянын негизинде түзүлгөн *функционалдык-семантикалык алкак* системасы белгилүү бир түшүнүктү туюндурган ар кандай деңгээлдеги тилдик каражаттардын топтомун чагылдырат.

Кыргыз тилинде функционалдык грамматика жана функционалдык-семантикалык алкак тууралуу изилдөөлөр кездешкени менен бул теориянын негизинде таандык категориясын тереңдетип, ар тараптуу изилдөөгө алган эмгек дээрлик жокко эсе. Бул багыттагы изилдөөлөр салттуу грамматиканын принциптерине таянуу менен жүргүзүлүп келген. Андыктан, диссертациялык иштин темасы кыргыз тил илими үчүн актуалдуу жана маанилүү болуп саналат.

Кыргыз тилиндеги таандык категориясы, таандык категориясынын функционалдык-семантикалык алкак ыкмасына ылайык изилдениши **изилдөөнүн объектиси** катары каралат.

Кыргыз тилиндеги таандык маанини туюндуруучу тилдик каражаттар жана алардын аткарган функциялары диссертациянын **предмети** болуп саналат.

Кыргыз тилиндеги таандык категориясын функционалдык грамматиканын негизинде “*мааниден формага*” принцибине таянып изилдөө, кыргыз тилинде таандык маанинин туюндурган тилдик каражаттарды аныктоо жана аныкталган тилдик каражаттарды функционалдык-семантикалык алкак ыкмасына ылайык талдоого алуу диссертациялык иштин негизги **максаты** болуп саналат.

Кыргыз тилиндеги таандык маанинин функционалдык-семантикалык алкагын “мааниден формага” принцибине таянып изилдөөдө биз таандык маанини туюндуруунун лексикалык, морфологиялык жана синтаксистик жолдорун аныктап, аларды таандык маанини туюндуруу деңгээлине жараша алкактарга жайгаштыруу аракетин көрдүк. Аныкталган максатка жетүү үчүн төмөнкүдөй милдеттер коюлду:

- кыргыз тилинде болгон факт-материалдарга ылайык таандык маанинин функционалдык статусун аныктоо;

- ономасиологиялык ыкмага ылайык таандык маанинин тилдик каражаттар аркылуу кантип туюндурууларын талдоого алуу;
- таандык маанинин функционалдык-семантикалык алкагын түзүүдө өзөк, жан, жакынкы, алыскы жана четки алкактардын туюндурулуш тилдик каражаттарын ортого чыгаруу.

**Изилдөөнүн ыкмалары:** изилдөөнүн жүрүшүндө салыштырма-типологиялык, тектештирме-тарыхый, функционалдык-семантикалык алкак, структуралык-сыпаттоо ыкмалары пайдаланылды.

Кыргыз адабиятындагы көркөм чыгармалардан, публицистикалардан жана илимий тексттерден алынган таандык маанини ар түрдүү деңгээлде туюндуруучу каражаттарды камтыган мисалдар талдоо үчүн материал катары колдонулду.

Алдыга коюлган максатты ишке ашырууда изилдөөнүн негизги материалдары катары жалпы тил илиминдеги, орус тил илиминдеги, түркологиядагы жана кыргыз тил илиминдеги илимий изилдөөлөр, окуу китептери, монографиялар, сөздүктөр колдонулду.

**Изилдөөнүн жаңылыгы** диссертацияда кыргыз тилиндеги таандык маани алгачкы жолу функционалдык грамматиканын алкагында комплекстүү түрдө (лексикалык, морфологиялык, синтаксистик) изилденип, таандык маанинин табияты жана бул түшүнүктү туюндурган тилдик каражаттардын функционалдык-семантикалык алкактын чегинде талдоого алынып жаткандыгына байланыштуу каралат, башкача айтканда, кыргыз тилинде таандык маани салттуу грамматикадагы изилдөөлөрдөн айырмаланып, функционалдык грамматиканын аспектилери боюнча ономасиологиялык принципке таянып иликтөөгө алынгандыгы менен жаңылыкка ээ.

Диссертациялык иштин **теориялык мааниси:** эмгек функционалдык грамматикага жана таандык маанинин теориясына салым кошот деген ишенимдебиз. Функционалдык-семантикалык алкак системасында таандык маани боюнча бул изилдөө буга чейин иликтенген маалыматтарды кеңейтүүгө жана бул багытта аткарылчу кийинки изилдөөлөргө түрткү берет. Диссертациянын **практикалык мааниси** функционалдык грамматиканын жана таандык маанинин теориялык негиздерин окутууда пайдаланууга мүмкүнчүлүк түзөт.

**Диссертациялык иштин түзүлүшү** киришүүдөн, үч бөлүмдөн, корутундудан, ошондой эле колдонулган адабияттардын тизмесинен турат.

Киришүүдө диссертациялык иштин жалпы мүнөздөмөсү, изилдөөгө алынып жаткан теманын актуалдуулугу, диссертациялык иштин темасына байланыштуу маселелердин кыргыз тил илиминде изилденүү даражасы, иштин изилдөө объектиси, предмети, максаты жана милдеттери, изилдөөнүн методдору тууралуу маалымат берилди.

Диссертациялык иштин биринчи бөлүмү “Функционалдык грамматика жана “таандык” маанинин теориялык негиздери, изилденүүсү” деп аталып, анда функционалдык грамматиканын теориялык негиздери, таандык маанинин теориялык негиздери тууралуу кеп козголуп, функционалдык грамматика боюнча жүргүзүлгөн изилдөөлөргө илимий сереп жасалат.

Диссертациялык иштин экинчи бөлүмү “изилдөө методдору” теп аталат. Бул бөлүмдө “метод” түшүнүгү тууралуу малымат берилип, функциналдык грамматиканы изилдөө методдору, семасиологиялык, ономасиологиялык ыкмалар жана функционалдык-семантикалык алкак тууралуу сөз болот.

Үчүнчү бөлүм “Таандык маанинин функционалдык-семантикалык алкагы” деген аталышта. Бул бөлүмдө таандык маани жана аны уюштуруунун лексикалык, морфологиялык, синтаксистик жолдору талдоого алынып, берилген ой көркөм чыгармалардан, мезгилдүү басылмалардан алынган мисалдардын негизинде бекемделет. Бул бөлүмдүн максаты функционалдык грамматиканын негизинде кыргыз тилинде таандык маанини билдирген каражаттардын функционалдык-алкагын түзүү болуп саналат. Изилдөөнүн факты, материалы катары жазуучу К. Баялиновдун “Ажар” повести алынды. Бул чыгармада таандык маанини туюндурган каражаттар топтолуп, грамматикалык түзүлүштөрү жана таандык маанини туюнтуу даражалары боюнча функционалдык-семантикалык алкакка жайгаштырылды.

Корутундуда таандык маанинин ички табияты, кыргыз тилиндеги таандык маанини туюндурган тилдик каражаттар жана иштин жыйынтыгы туураплуу кеп козголот.

Диссертациялык иштин аягында колдонулган адабияттардын тизмеси берилет.

## БИРИНЧИ БӨЛҮМ

## ФУНКЦИОНАЛДЫК ГРАММАТИКА ЖАНА “ТААНДЫК” МААНИНИН ТЕОРИЯЛЫК НЕГИЗДЕРИ, ИЗИЛДЕНҮҮСҮ

### 1.1. Функционалдык грамматиканын теориялык негиздери

Тил – табияты боюнча туруктуулук менен өзгөрмөлүүлүктү камтыган диалектикалык кубулуш болуп саналат. Андыктан, тил илиминде мурдатан калыптанган, турукташкан көз караштардын тереңдетилиши, такталышы, жаңы багыттын, жаңы көз караштардын, жаңы изилдөө ыкмаларынын жаралышы, тил илимине сүңгүп кириши, кеңири пайдаланылышы тилди ар тараптуу жана терең иликтөө талабы менен шартталган көрүнүш экендиги талашсыз. Маселени дал ушул өңүттөн алып караганда, кыргыз тил илиминде буга чейин семасиологиялык принципке негизделген “формадан мааниге” багытындагы “пассивдүү грамматикага” басым жасалып келген болсо, учурдагы ономасиологиялык принципке негизделген “мааниден формага” багытындагы “активдүү грамматиканын” өнүгүүгө багыт алуусун мыйзам ченемдүү көрүнүш катары кабылдоо максатка ылайык.

Тил системасынын эң негизги жана татаал түзүлүшкө ээ бөлүктөрүнүн бири грамматика болуп саналат. Андыктан, тил илиминде бул багыттагы изилдөөлөр, ар кандай концепциялар, теориялар өтө арбын. Учурда лингвистикада “жаңыча” көз караштардын чегинен иликтөөгө алына баштаган багыттардын бири функционалдык грамматика болуп эсептелет. Функционалдык грамматика лингвистиканын маанилүү тармагы катары синтаксистик эрежелерге жана морфологиялык өзгөчөлүктөргө басым жасаган салттуу грамматикадан айырмаланып, ар кандай коммуникативдик максаттарга жетүүдөгү тилдик каражаттардын маанисин изилдейт, тактап айтканда, функционалдык грамматика – тил системасындагы грамматикалык формаларды, маанилерди жана категорияларды алардын кепте аткарган коммуникативдик-прагматикалык кызматына карата изилдеген лингвистикалык дисциплина.

Ономасиологиялык ыкма тилдик кубулуштарды сүйлөөчү тилден сырткаркы мазмундагы пикирин тилдик формага айландырат деп божомолдойт. Мында сүйлөөчү тилдик каражаттарды өзү ээ болгон тил системасынан тандайт жана кепке айландырат. Ал эми семасиологиялык ыкмада сүйлөөчүнүн кептик маданияты

биринчи планда болот жана ага жараша аң-сезиминдеги тилдик система калыптанат. Бул система аркылуу ал диалог куруп жаткан кишинин тилдик формасын аныктап анын мазмунун түшүнөт (Дербишева 2003, 4).

Лингвистикалык сөздүктөгү аныктама боюнча функционалдык грамматиканын изилдөө объектиси болуп тилдин түзүлүшүндөгү каражаттар жана алардын аткарган функцияларынын мыйзам ченемдүүлүктөрү эсептелет.

Тилдин түзүлүшүндөгү каражаттар жана семасиология менен ономасиологияны өз ара ажыратып кароонун зарылдыгы тууралуу тилчи-окумуштуулар З.К. Дербишева менен Б. Сагынбаева: "жалпы тил илиминдеги тилдердин түзүлүшүнүн ар түрдүүлүгүнө карабастан, семантикалык жайгашуу планында изоморфтукка, башкача айтканда, түзүлүштүк жана касиеттик окшоштукка ээ экендигин, дүйнөдөгү бардык тилдер бирдей субстратка ээ болгону жана пикир алышуунун каражаты болуу багытын көздөгөндүгү менен түшүндүрүлөрүн" белгилешет. "Так ошол себептен ар башка түзүлүштөгү тилдерди сыпаттоодо ономасиологиялык принцип (мазмундан формага) бир топ жемиштүү натыйжаларды берет" – деп жазышат авторлор (Дербишева жана Сагынбаева 2015, 8).

Демек, лингвистикада бул багыттын пайда болушу каражаттардын түзүлүшүн жана формасын алардын аткарган функциялары аркылуу ачып берген лингвистикалык теория катары каралып келет. Башкача айтканда, бул теориянын негизинде тилдеги бирдиктерди түзүлүшүнөн маанисине карата изилдеген салттуу грамматикадан айырмаланып "мааниден формага" принциби жатат.

С.М. Колесникова функционалдык грамматиканы бир гана "*формадан мааниге*" эмес "*мааниден формага*" бинардык ыкманын негизинде белгилүү бир категориалдык семантиканы туюндуруучу тилдин ар кайсы деңгээлине таандык каражаттар аркылуу тилдин грамматикалык системасын туюндурган жана изилдеген теория катары мүнөздөйт (Колесникова 2016, 12). Анын пикири боюнча функционалдык грамматика "*формадан мааниге"* принцибине негизделген салттуу грамматикага карама каршы эмес, ага жакын келет, себеби формалдуу грамматика да кандайдыр бир деңгээлде функционалдык аспектти камтыйт. Ошол эле учурда мааниден формага принцибине негизделген бул өзгөчөлүк функционалдык грамматика үчүн туруктуу жана милдеттүү мүнөзгө ээ эмес. Бул туурасында А.В. Бондарко мындай деп жазат: "Грамматическое описание может быть основано на

анализе лишь в направлении от формы к значению (от средства к функциям) — и тем не менее оно будет функциональным, если его характеризует специальная ориентация на изучение закономерностей функционирования грамматических единиц в речи” (Чурилина 2011, 66).

Демек, функционалдык грамматика грамматикалык бирдиктердин, класстардын жана категориялардын системасын сыпаттоонун негизинде курулган грамматиканы жокко чыгарууну жана жаңы, өзүнчө илимий дисциплинаны эмес, бүтүндөй грамматиканын функционалдык аспектисинин өзгөчө өнүгүшүн түшүндүрөт.

Функционалдык грамматика тилдин структуралык, прагматикалык жана когнитивдик теорияларынын элементтерин камтыган тил илиминдеги узак эволюциялык процесстин натыйжасы болуп саналат.

Дүйнөлүк тил илиминде функционалдык грамматиканы негиздөө ишинде Прага лингвистикалык ийриминин тилчилеринин, А. Мартине башында турган француз лингвистика мектебинин эмгеги зор. Мындан тышкары, француз тилчилери Г. Гийоманын, Ш.Баллинин, Ф. Брюнонун, даниялык тилчи О.Есперсендин, немис изилдөөчүлөрү В.Шмиддин, В. Бектин жана башкалардын эмгектери функционалдык грамматиканын теориясын негиздөөдө өзгөчө орунда тургандыгын белгилей кетүү зарыл.

Батышта функционалдык грамматиканы изилдөө иши “структуралык грамматика – формалдык грамматика – функционалдык грамматика” калыптануу жолуна ылайык ишке ашырылган болсо, орус тил илиминдеги бул багыттын калыптануусу жана өнүгүүсү бир аз башка нукта ишке ашырылган. Орус тил илиминде функционалдык грамматика салттуу грамматиканын белгилүү бир этапка чейинки өнүгүүсүнүн натыйжасында келип чыккан жана анын негизин А.М. Пешковский түптөгөн. Ал “тилдин башка бирдиктери сыяктуу эле синтаксистик конструкциялар маанини билдирүү каражаты болуп саналат” деген көз караштын чегинен иш алып барган. Мындан тышкары, функционалдык грамматика боюнча изилдөө иштери белгилүү бир деңгээлде Ф.И. Буслаевдин, Н.П. Некрасовдун, А.А. Потебнянын, И.А. Бодуэн де Куртененин, А.А. Шахматовдун жана башкалардын эмгектеринде чагылдырылган. Сөздөрдүн грамматикалык формаларын функционалдык жактан мүнөздөөгө В.В. Виноградов да өзгөчө көңүл бурган. Тил

системасын функционалдык аспектинин чегинде атайын иликтөөгө алган окумуштуу катары А.В. Бондаркону жана анын шакирттерин, ошондой эле Г.А. Золотованы, Н.Ю. Шведованы, В.Г. Гакты жана башкаларды белгилөөгө болот. Функционалдык грамматиканын теориялык негиздерин изилдөөдө Л.В. Щербанын, И.И. Мещаниновдун, С.Д. Канцельсондун эмгектери да орчундуу орунду ээлейт.

Функционалдык багытка байланыштуу идеялар жана жоболор кыргыз тил илиминин айдыңындагы изилдөөлөрдө да колдонулгандыгын белгилей кетүү зарыл. Алардын айрымдарына токтоло турган болсок, функционалдык дериватология М.Ж. Тагаевдин "Полипарадигмальные описание морфемики и словообразования (на материале русского и кыргызского языков)", функционалдык морфология В.Д. Скирдовдун "К вопросу о функциональном анализе элементов падежной системы", К.З. Зулпукаровдун "Падежная грамматика: теория и прагматика", З.К. Дербишеванын "Теоретические основы контрасивной морфологии",, З.К. Дербишева менен Б.Сагынбаевалардын "Кыргыз тилинин функционалдык грамматикасы", Б. Сагынбаеванын "Кыргыз жана түрк тилиндеги этиштин функционалдык типологиясы", "Кыргыз жана түрк тилиндеги этиш сөз түркүмүнүн структура-функционалдык салыштырмасы", Ж. Жакакованын "Кыргыз жана түрк тилиндеги жак маанисинин функционалдык-семантикалык алкагы", А. Оморовдун "Кыргыз тилиндеги себеп, шарт маанилеринин функционалдык-семантикалык алкагы" илимий эмгектеринде теориялык өңүттө иликтөөгө алынган.

Функционалдык грамматиканын өзөк-маңызын ачып көрсөтүү жана предметин, тапшырмаларын талдоого алуу үчүн алгач "функция" түшүнүгүн чечмелеп алуу максатка ылайык.

М.А. Шелякиндин көз карашы боюнча, тил илиминде функция тилдик элементтердин же бүтүндөй тил системасынын тигил же бул нерсени туюндуруу жөндөмдүүлүгү катары чечмеленет. Ал эми мазмундук функцияга же белгилерди структуралык уюштуруу функциясына ээ болгон тилдик белгилер функцияны алып жүрүүчүлөр болуп саналат. Буга байланыштуу, аларды экиге бөлүп кароого болот:

- мазмунга ээ (семантикалык) – лексикалык, сөз жасоочу, морфологиялык, синтаксистик, интонациялык ж.б.

- структуралык (асемантикалык) – фонемалар, байланыштыргыч морфемалар ж.б. (Шелякин 2001, 10).

Ал эми А.В. Бондарко “функция” түшүнүгүн “каражат” түшүнүгү менен шайкештикте карап, булар лингвистика чөйрөсүндө ар кандай деңгээлдеги тилдик бирдиктерди, ошондой эле алар чагылдырган класстар жана категорияларды камтый ала тургандыгын, конкреттүү бир сүйлөмдөгү функция ар түрдүү тилдик каражаттардын – грамматикалык формалардын, синтаксистик конструкциялардын, контексттин элементтеринин жана кептик кырдаалдын өз ара аракеттешүүсүнүн жыйынтыгын түшүндүрөрүн белгилейт. Мындан тышкары, окумуштуу тилдик элементтерди алардын функциясынын чегинде изилдөөдө бул элементтердин чөйрө менен болгон байланышы алдыңкы планга чыгат. Система менен чөйрөнүн өз ара аракеттешүүсү функция аркылуу аныкталат. Тилдик системанын өзүнчө элементи обочолонгон түрдө пикир алышуу процессинде аткарылуучу функцияны жүзөгө ашырууга жөндөмсүз, бул системдүү объект башка объектилер менен өз ара аракеттешкенде гана семантикалык, семантика-прагматикалык, стилистикалык жана структуралык функцияларды ишке ашырууга жөндөмдүү болот – деген пикирин билдирет (Бондарко 2011, 210).

Грамматиканын системалык-структуралык (системалык категориялык) жана функционалдык аспектилеринин бирдиктүүлүк принциби функционалдык грамматиканын илим катары грамматиканын жалпы системасындагы ордун аныктайт. Грамматиканын бир тиби же багыты катары сүйлөмдүн маанисин ачып берүүгө катышкан тилдин ар кандай деңгээлдеги элементтери менен өз ара аракеттешип, грамматикалык бирдиктердин аткарган кызматынын динамикалык аспектисин өнүктүрүү функционалдык грамматиканын милдети болуп саналат. Кепте колдонулган тилдик каражаттардын системасын өздөштүрүү функционалык грамматиканын зарыл жана маанилүү милдеттеринин бири. Грамматикалык системанын (морфология, сөз жасоо, жөнөкөй жана татаал сүйлөмдөрдүн синтаксиси) өзүнчө деңгээлдери жана аспектилери боюнча эмес, функционалдык-семантикалык бирдиктерге таянуу менен семантикалык негизде өз аракеттешкен ар кандай деңгээлдеги элементтерди айкалыштырып түзүлүшү функционалдык грамматиканын өзгөчөлүгү катары кабылданат.

Функционалдык грамматикада тилдик каражаттардын функцияларын жана алардын функцияланышынын мыйзам ченемдүүлүктөрүн жана эрежелерин, кептеги тил системасынын ар кандай деңгээлдеги элементтеринин жана аспектилеринин өз ара аракеттенүүсүн изилдөөгө басым жасалат.

Функционалдык грамматика белгилүү бир деңгээлде изилденип жаткан функцияларды ишке ашырууга катышкан каражаттардын тилдик системасын жана кепте ишке ашырылган семантикалык функцияларды талдоону өз ичине камтыйт. Талдоонун баштапкы семантикалык багыты сүйлөөчү жеткиргиси келген мазмундан формага – тилдик каражаттарга карай ой жүгүртүү-кептик ишмердигинин үстөмдүгү анын (сүйлөөчүнүн) ой жүгүртүү-кептик ишмердигинин баштапкы-формалдуу тарабынын ролун төмөндөтпөйт. Тилдик каражаттардын ар биринин функционалдык потенциалын жана алардын иштөө эрежелерин билүү сүйлөөчүнүн тилдик компетенциясына кирет. Сүйлөөчү өз оюн жеткирүү үчүн тигил же бул тилдик каражаттарды тандоодо ошол тилдик каражаттардын ар биринин  семантикалык жана семантикалык-прагматикалык потенциалын эстен чыгарбайт. Сүйлөөчү өз кебин көзөмөлдөө менен белгилүү бир деңгээлде угуучунун позициясын, анын ичинде тилдик каражаттардын функцияларына тиешелүү нерселерди да эске аларын белгилей кетүү зарыл. Демек, сүйлөөчүнүн ой жүгүртүү-кептик ишмердигинде мазмундан аны ишке ашыруучу каражаттарга багыты каражаттардан мазмунга багыты менен өз ара айкалышып калат.

Функционалдык грамматика белгилүү бир тилдин структурасын талдоого гана эмес, бүтүндөй тилдеги форма менен функциянын өз ара аракеттенүүсүнүн мыйзам ченемдүүлүктөрүн түшүндүрүүгө мүмкүндүк берген универсалдуу багыт болуп саналат. Мында алгач тилдик формалардын маанилери аркылуу функционалдык-семантикалык (түшүнүктүк) алкак аныкталат, андан соң белгилүү бир алкакка тиешелүү тилдик каражаттар менен туюнтулган маанилер изилденет. Функционалдык-семантикалык багыттын алкагында “функция” түшүнүгү тилдик өзгөчө структурасы жана функционалдык грамматиканын негизги түшүнүктөрү болгон  функционалдык-семантикалык алкак теориясы катары өзгөчө мааниге ээ болот.

Ошентип, функционалдык грамматика сүйлөмдүн маанисин берүүгө катышкан ар кандай тилдик деңгээлдердин элементтери менен өз ара аракеттешкен

грамматикалык бирдиктердин иштешинин мыйзам ченемдүүлүктөрүн изилдөөгө жана сыпаттоого багытталган, ошондой эле формадан мааниге (каражаттан функцияга) эмес, мааниден формага (функциядан каражатка) карай да талдоого мүмкүнкүнчүлүгүн караган багыт болуп саналат.

## 1.2. “Таандык” маанинин теориялык негиздери

Акыркы убакта тилчи-окумуштуулардын тилдин ар кандай категорияларын изилдөөгө болгон кызыгуусу абдан өстү. Тилдин тигил же бул категориясы тил бирдигинин белгилүү бир касиетин жалпылоонун жыйынтыгын же натыйжасын түшүндүрөт. Убакыт, мейкиндик, себеп жана башка категориялар менен катар эле тилде таандык (ээлик кылуу же посессивдүүлүк) категориясы бар. Жалпы эле тилде, анын ичинде ушул категорияда жалпы ярдонун – таандыктык же ээлик кылуу идеясынын болушу – таандык категориясынын өзгөчөлүгү болуп саналат десек жаңылышпайбыз.

Талдоого алынып жаткан объектинин маңызын илимде буга чейин белгилүү болгон, далилденген көрүнүштөр менен салыштырбастан, алардын негизине таянбастан, ачып берүү мүмкүн эмес, анткен себеби, бул анын спецификалык, иликтөө үчүн маанилүү касиеттерин ачууга шарт түзөт. Айтайын дегенибиз, таандыктык тил илиминин айдыңында ар түрдүү категориялардын алкагында каралып келген. Тилчи-окумуштуу Н.К. Дмитриев “таандык маани түрк тилдеринде морфологиялык категория болуп саналарын, ал зат атоочторду гана эмес, субстантташкан башка сөз түркүмдөрүн (сын атоочтор, сан атоочтор, ат атоочтор) да кучагына аларын белгилеп, ар түрдүү жолдор аркылуу чагылдырыларын билдирген (Дмитриев 1948, 54). А.М. Шахматов таандык маанини синтакистик категориянын курамында кароону туура көрөт. Ал эми Бодуен де Куртененин көз карашында таандык маанини семантикалык категория катары кароо максатка ылайык. Ошентип, “грамматикалык категория” түшүгүнүн талаптарын канааттандыруу менен таандык категория тил илиминде өзүн гана таандык ордуна ээ категория боло алат.

Бардык тилдерге колдонулуучу тилден тышкаркы мазмундагы универсалдуу категорияларды белгилөө үчүн даниялык лингвист О. Есперсен тарабынан "түшүнүк категориясы" термини киргизилген жана негизделген. О. Есперсен түшүнүк категориясын тилдеги ар түрдүү каражаттар менен чагылдырылуучу

көрүнүштөр менен байланыштырып караган. Биз өз ишибизде таандыктык ээлик кылуучунун жана ээленүүчүнүн ортосундагы мамилелерди чагылдырып, универсалдуу түшүнүк категориясына кирет деген көз караштын чегинде талдоо жүргүзөбүз. Анткен себеби, тил илиминде көптөгөн изилдөөчүлөрдүн көңүлүн бурган жана дүйнө тилдеринин баарына мүнөздүү болгон бул категория тилдеги универсалдык түшүнүктөрдүн бири. Таандык маани - бир заттын башка бир затка тиешелүүлүгүн билдирген грамматикалык кубулуш. Тил илиминде заттардын өз ара катышын көрсөтүү менен бул категория тилдик түзүлүштүн негизги элементтеринин бири болуп саналат. Мазмундук жагынан алып караганда таандык категориясы татаал жана туюндуруу каражаттары боюнча көп деңгээлдүү касиетке ээ экендигин байкоого болот.

Предметтин ээси менен ага таандык болгон нерсенин ортосундагы мамиле реалдуулуктагы предметтердин ортосундагы байланыштарды чагылдырат. Зат атоочтун илик жөндөмөсү, таандыкты уюштуруучу мүчөлөр жана тилдик каражаттар таандык категориясын билдирүүнүн грамматикалык каражаты болуп саналат. Таандык маанини туюндуруучу каражаттар өз ара биримдик, бири-бирин алмаштыруучулук, ажырагыс байланыштар менен айырмаланат жана бул байланыштар тарыхый негизде калыптангандыктан, аларды бир категорияга – предметтин адамга/ээсине таандыктыгына кошууга негиз берет.

Таандык маанинин тарыхына көз чаптыра турган болсок, диахрондук лингвистикада бул багытта окумуштуулардын ар кандай пикирлери айтылып келет. Алардын бири лингвист К.Бругманндын теориясы болуп саналат. Окумуштуу дейктикалык бөлүкчөлөрдү тилдин жаралуусундагы негизги элемент катары эсептейт. Бул теорияга ылайык алгачкы доордогу адамдардын дүйнөгө болгон көз карашы өздүк “мен” позициясына таянып, дейктикалык алкактын чегинде болгон. Бул алкак заттардын жайгашуусуна карата “жакын” “көрүнгөн бөлүк”, “алыс” деген бөлүктөргө бөлүнүп жакынкы алкак мен, көрүнгөн бөлүк сен, алыскы бөлүк ал маанисин билдирип, бул мейкиндик бөлүктөрү i/e, u, a/o дейксистери аркылуу берилген. Мисалы, түрк тилдеринде жакынкы мейкиндикте жайгашкан зат “меники”, “мага таандык”, алыскы мейкиндикте орун алган зат “мага таандык эмес” сыяктуу маанилерди туюндурган. Андыктан, түрк тилдеринде

таандык мүчөлөр баштапкы мезгилде мейкиндик көрсөткүчүнүн функциясын аткарган ат атоочтордун негизинде пайда болгон.

Б.А. Серебренников жана Н.З. Гаджиеванын пикири боюнча, байыркы прото-тилде баштапкы учурда энклитика мүнөзүндө болуп, бирок кийинчирээк мүчөгө айланган жакчыл таандык көрсөткүчтөрдүн системасы болгон (Краснощеков 2019, 36).

Таандык маанини туюндуруучу тилдик каражаттарды изилдөө ишине чет тил илиминде да, орус тил илиминде да, кыргыз тил илиминде да тилчи-окумуштуулар көңүл бөлүп, ар түрдүү көз караштардын чегинде талдоого алуу аракетин көрүшкөн. Булардын башатында турган А. Мейенин жана Э. Бенвенистин эмгектерин белгилей кетүү зарыл. Анткен себеби, дал ушул авторлордун идеялары менен изилдөөлөрү таандыктык маселесин иликтөөгө арналган эмгектер үчүн негиз болууга жетишкен. Чет элдик лингвистикада таандык маани негизинен ономасиологиялык ыкманын позициясынын чегинде талдоого алынгандыгын белгилөөгө болот.

Таандык маанини функционалдык грамматиканын чегинен изилдөө адамдар ортосундагы мамилелерди жана баарлашууну уюштуруудагы ролун тереңирээк түшүнүүгө мүмкүндүк берет, анткен себеби, таандык маани таандык нерселер менен болгон мамилени гана эмес, курчап турган дүйнөнү кабылдоонун жана өз ара аракеттешүүнүн түрдүү аспектилерин чагылдырган динамикалык катерогия болуп саналат.

И. А. Мелчуктун концепциясына ылайык, таандыктык (принадлежность) жана поссесивдүүлүк мамилелерин айырмалоо зарыл. Ал “граммемалары катышуучу башка бир катышуучуга ээлик кыларын көрсөтүүчү категорияны посессивдүү”, ал эми “граммемалары катышуучунун башка бир катышуучуга таандыктыгын мүнөздөгөн категорияны таандык” деп түшүнүү керектигин белгилейт (Мельчук 1998, 324).

Ошентип, “посессивдүүлүк” термини *“өзү ээлик кылуу, бир нерсеге ээлик кылуу”* деген маанини туюндурат. Бирок, бул терминди түздөн-түз, тар мааниде түшүнүүгө болбойт. Анткен себеби, ал ээ болуучу (посессор) менен таандык болгон объектинин (посессивдүүлүктүн объектиси) ортосундагы жалпы мүнөздөгү мамилени чагылдыруучу шарттуу аталыш. Посессивдүүлүк семантикалык

категория катары ээлик кылуу, таандыктык, бүтүндүн жана анын бөлүгүнүн катышы сыяктуу мамилелердин кеңири чөйрөсүн тилдик аспектиде интерпретациялоону түшүндүрөт жана мындай көрүнүштүн бир гана учуру ээлик кылуу түшүнүгүн чагылдырат. Посессивдүү мамилелердин варианттары посессордун семантикасына, анда жекелик/жекелик эмес, жандуу/жансыздык, конкреттүүлүк/абстрактуулук белгилеринин болушуна, ошондой эле посессивдүүлүктүн объектисинин семантикасына жараша айырмаланышы мүмкүн.

И.И. Мещаниновдун, С.Д. Кацнельсондун, А.А. Холодовичтин эмгектеринде сүйлөмдүн посессивдүү тиби тил типологиясындагы негизги типтердин бири катары изилденет, ошол эле учурда анын башка структуралык типтер менен байланышы каралат. Өткөн кылымдын 70-80-жылдары Кельн университетинде профессор Х.Зайлердин жетекчилиги астында “универсалдык типология” тобу түзүлүп, ал дүйнөнүн ар кайсы тилдеринде посессивдүүлүктүн берилишине байланышкан маселелердин кеңири чөйрөсүн караган.

Посессивдик семантика маселелерин чагылдырган көпчүлүк эмгектердин белгилүү бир деңгээлдеги жалпылыгы алардын экзистенциалдык, посессивдик жана мейкиндик мамилелеринин байланыштарын көрсөткөндүгү менен байланышта каралат. Посессивдик жана мейкиндик мамилелеринин этимологиялык байланышы В.Н. Топоров тарабынан ырааттуулукта каралып, тереңдетиле изилденген. Ал эми С.Д. Кацнельсон посессивдүүлүктүн өнүгүү жолун типологиялык көз караштын чегинде иликтөөгө алган. Белгиленген бардык учурларда болуу жана локативдик семантикасы менен айкалыштыкта берилген посессивдүүлүк үстөмдүк кылуучу (доминанттык) же перифериялык семанын ролун аткарып, ошол эле учурда кептин субъектисинин интенциясынан көз каранды берилген.

Түрк тилдеринде таандык категориясы тууралуу изилдөөлөр 19-кылымдын экинчи жарымында жана 20-кылымдын баштарында А. К. Казем-Бек, О. Бётлингк, Н. И. Ашмарин, П. М. Мелиоранский, Н. Ф. Катанов сыяктуу окумуштуулардын эмгектеринде кездешет (Каксин 2017, 44).

Ал эми Н.К. Дмитриев бул категорияны “бир учурда ээлөөчү жакты жана ээленүүчү затты көрсөткөн” грамматикалык категория катары аныктайт (Э.Р. Тенишев, 1988).

Таандык маанини изилдөөгө арналган эмгектердеги посессивдүүлүк түшүнүгүн чечмелөөнүн эки негизги тенденциясын белгилөөгө болот. Лингвистердин

басымдуу бөлүгү анын семантикасын ээлик кылуунун, менчиктиктин маанилерине байланыштырса, экинчи топтогу тилчи-окумуштуулар (А.В. Бондарко, Вольф, Селиверстова, Кибрик ж.б.) посессивдүүлүктү ар түрдүү типтеги маанилерде ишке ашырылуучу байланыштыруучу маани катары кеңири түшүнүүгө ыкташат, башкача айтканда, посессивдүүлүк түшүнүгүнө эки жактын ортосундагы ар түрдүү мамилени киргизишет.

Посессивдүүлүктүн функционалдык-семантикалык алкагында эки борбор белгиленет, бул чындыкты чагылдыруунун ар кандай ыкмалары болгон посессивдүү конструкциялардын тиешелүү түрлөрү менен байланышкан предикация жана атрибуция менен шартталган: 1) предикативдик (*Менин батирим бар. Бул мүлк мага таандык* ж.б.) жана 2) атрибутивдик (*менин батирим, атамдын пикири* ж.б.). Предикативдик посессивдүүлүктүн борборун посессивдик кырдаалдын үч элементин тең чагылдырган конструкциялар түзөт: мамиленин эки предметтик катышуучусу – посессор (ээлик кылуучу) жана посессивдүүлүктүн объектиси, ошондой эле посессивдүүлүк мааниси камтылган предикат.

Посессивдик мамиле багыттуу мамиле болуп саналат. Посессор багыттоочу элемент катары, ал эми объект багытталуучу элемент катары каралышы мүмкүн же тескерисинче, посессор багытталуучу, ал эми объект багыттоочу элемент катары келиши ыктымал. Биринчи учурда сүйлөмдүн негизин субъект – посессор түзүп, маалымат анын мүлккө ээ болуу абалына байланыштуу болот, ал эми экинчи учурда маалымат таандык объектинин мүнөздөмөсүнө байланыштуу келет (Чинчлей 1996, 233).

Башкача айтканда, посессивдүү мамилени ар түрдүү ракурстарда билдирген сүйлөмдөрдө посессивдүүлүктүн эки негизги категориялык мааниси ишке ашырылат: 1) ээлик кылуу (посессор – объект – ээлик кылуу): *Менде китеп бар.* 2) таандыктык (объект – таандыктык - посессор): *Китептин ээси менмин*. Ошентип, посессивдүүлүктүн функционалдык-семантикалык алкагынын предикативдик зонасында өз ара аракеттешүүчү эки микроталаа – ээлик кылуу жана таандыктык аныкталат жана алардын маанисин актуалдаштыруу үчүн атайын конструкциялар пайдаланылат. Предикативдик конструкциялардан айырмаланып, атрибутивдик каражаттар таандыктык/ээлик кылуу мамилелерин так ажыратпайт, башкача айтканда, кескин экиге бөлбөйт. Көптөгөн авторлор атрибутивдик посессивдик сөз

айкаштарынын түпкү түзүлүшүндө локалдаштыруу же ээлик кылуу/таандык предикаттары бар конструкциялар жатат деп эсептешет. Атрибутивдик посессивдик сөз айкаштары ээлик кылуу объектисинин туруктуу эмес /туруктуу (апамдын бөлмөсү / апамдын үнү), жандуу / жансыз (адамдын буту / столдун буту) сыяктуу белгилерине карата нейтралдуу келет. Башкача айтканда, бул тилдик каражаттар эки жактын ортосунда байланыш бар экендигин гана көрсөтөт, аны спецификациялабайт (Сушкова 2007, 10).

Акыркы мезгилдеги тил илиминдеги эмгектерде таандык категориясынын алкактык уюштурулушу анын мүнөздүү белгиси катары каралып келет. Функционалдык грамматиканын негиздөөчүсү болгон А.В. Бондарконун пикирине таяна турган болсок, грамматикалык форма, синтаксистик түзүлүш, лексикалык тутумдар тилдик чөйрөдө өз ара байланышты түзүп, бир функционалдык кызматты аткаруучу – функционалдык-семантикалык алкакты (мындан ары – ФСА) сыпаттоого багытталган.

Функционалдык грамматиканын сүйлөм тизмегинде пайдаланылуучу: предикативдик кызматтагы ФСА, субъективдик-объективдик кызматтагы ФСА, сан жана сапаттык кызматтагы ФСА, бышыктоочтык кызматтагы ФСА сыяктуу бирдиктерден турган алкактары болот. Булардын ичинен сан жана сапаттык кызматтагы ФСА өз ара – сапаттуулук функциясына, сандык функциясына, салыштырмалуулук функциясына жана таандыктык функциясына ажыратылат (Дербишева жана Сагынбаева 2015, 13).

Кыргыз тилинде таандык маани теориялык негизде А.Н. Кононовдун, С.Кудайбергеновдун, И.Абдувалиев менен Т.Садыковдун эмгектеринде, функционалдык грамматиканын талаптарына ылайык З.Дербишеванын, Б.Сагынбаеванын изилдөөлөрүндө негиздүү чагылдырылган. Салттуу грамматиканын алкагында таандык маанини кеңири изилдөөгө алган эмгек катары С.Кудайбергеновдун “Кыргыз тилиндеги таандык категориясы” китебин бөлүп көрсөтүүгө болот. Окумуштуу китепте түрк тилдеринин ичинде кыргыз тилиндеги таандык маанинин орду, таандык мүчөлөрдүн келип чыгуусу, таандык маанинин байыркы жана азыркы түрк тилдеринде берилиши сыяктуу маселелерди тарыхый негизде талдоого алып, кыргыз тилиндеги таандык маааниге байланыштуу теориялык маселелерди ар тараптуу ачып берүү аракетин көргөн. Таандык

маанинин теориялык негиздерин функционалдык грамматиканын талаптарына ылайык изилдөө ишинде З.Дербишеванын “Функциональная грамматика русского и кыргызского языков” аттуу эмгегинин орду чоң. Тилчи-окумуштуу кыргыз тилинде алгачкылардан болуп посессивдүүлүктүн функционалдык-семантикалык алкагын түзүп, ага таандык маанини туюндуруучу тилдик каражаттарды бөлүштүрүүнүн үлгүсүн сунуштаган.

Кыргыз тилинде таандык маани жалпысынан үч жол менен туюндурулат: *морфологиялык, синтаксистик, морфологиялык-синтаксистик*. Таандык мааанин ФСА бул үч түрдүү деңгээлдеги тилдик каражаттардын маанилик жактан басымдуулук даражасына карата түзүлөт.

Таандык маанинин ***морфологиялык*** жол менен туюндурулушу сөздөргө атайын мүчөлөрдүн жалгануусу менен  ишке ашат. Таандык мүчөлөр маанисине жана аткарган функциясына карата жакчыл жана жалпы болуп экиге бөлүнөт. Жакчыл таандык мүчөлөр зат атооч жана этиш сөздөргө жалганып, заттын же кыймыл аракеттин белгилүү бир жакка таандык экендигин көрсөтөт.

Ал эми жалпы таандык маанини туюндуруучу -ныкы мүчөсүн карай турган болсок, тарыхый жагынан бул форма илик жөндөмөсүнүн мүчөсү -нын менен -кы мүчөсүнүн айкалышынан турат. Мунун баштапкы толук формасы азыркы кээ бир тилдердин алгачкы жазма эстеликтеринде жана түрк тилинде сакталган. Мисалы, түркчө: сенинки, онунки, бабанынкы ж. б. Баштапкы бул толук форма азыркы көпчүлүк түрк тилдеринде илик жөндөмөсүнүн аяккы «н» тыбышы түшүп, кыскарган түрдө -ныкы (<- нын—кы) болуп колдонулат. Таандыктын бул формасы ээлөөчүнү гана эмес, -ки мүчөсүнүн жалганышы аркылуу түшүп калган ээленүүчү затты да ичине алат. Түшүп калган затты ичине алуу жагынан таандыктын - ым, -ың, -ы, -сы формаларына жакын, бирок экөөнүн ортосунда айырма бар. Жакчыл-таандык мүчөлөр ээленүүчү затка жалганып, түшүп калган ээлечүнү да билдирсе, -ныкы формасы, тескерисинче, ээлөөчүгө жалганып, ээленүүчү затты да ичине алат. Таандыктын -ныкы формасы көбүнчө ээленүүчү зат мурун берилип, аны кийинки сүйлөмдө дагы кайталап отурбоо үчүн жана бул мүчө жалганган сөздөр баяндоочтук милдет аткарган учурда колдонулат. Таандык маанинин илик жөндөмөсүндөгү ат атооч менен таандык мүчөсүз зат атооч аркылуу туюндуруу жолу ***синтаксистик*** деп аталат.

З.К. Дербишева орус жана кыргыз тилдериндеги морфологиянын теориялык негиздерин салыштырып, түрк жана кыргыз тилдериндеги таандык категориясын талдоого алуу менен анын жеке грамматикалык көрсөткүчтөрдүн жардамы менен түзүлгөн жак формаларынан уюшуларын белгилейт: 1. атам, 2. атаң, 3. атасы, 4. атабыз, 5. атаңар, 6. атасы. Автор кыргыз тилиндеги таандык категориясын жана илик жөндөмөсүн салыштырууда таандык категориясынын маанисинде эки предметтин – субъекттин жана ээлик кылуучунун таандыктык мамилелери жөнүндө түшүнүк бекемделип калган болсо, илик жөндөмөсүнүн маанисинде предмет ээлик кылуучу катары каралып, башкача айтканда, таандык мамиленин белгилүү бир катышуучусу катары кабыл алынгандыгын айтат. Таандыктык формаларынын жана илик жөндөмөсүнүн маанилери толук дал келбегени менен бир эле таандыктык мамилени туюндурууга мүмкүндүк түзөт, бул алардын кепте функционалдык жактан өз ара аракеттенүүсүнүн шарты катары каралат – деп жазат окумуштуу (Дербишева 2000, 167).

Кыргыз тилиндеги таандык категориясы тууралуу ой жүгүртүү менен окумуштуу А.А. Бекбалаев: “кыргыз тилинде бир эле учурда ээ болуучу предметти да, ээлик кылуучуну да билдирүү мүмкүнчүлүгүнө ээ таандыктык категориясы бар. Мисалы, “китебим” сөзүндө  синтектикалык түрдө предмет да, ээлик кылуучулук да туюнтулат: “китеп” жана ээлик кылуучу I жактын жекелик сандагы –им мүчөсү” – деген көз карашты билдирет (Бекбалаев 1991, 111).

Жалпылап айтканда, таандык маанини туюндуруудагы жалпы максат – адамдын дүйнө дааныммын, анын өзү жана башкалар менен болгон ар түрдүү байланыштарын динамикалык аныктоо жана талдоо болуп саналат. Бул өз кезегинде коомдук системалардын жана жеке адамдын таандыктык мамилесин жана өз ара аракеттешүүсүн тереңирээк түшүнүүгө шарт түзөт.

### 1.3. Функционалдык грамматика боюнча изилдөөлөргө илимий сереп

Грамматикада системалуулук принциби салттуу түрдө анын предметинин өзүнчө деңгээлдерге бөлүнүшүндө камтылган. Ал подсистемалардын алкагында тийиштүү бирдиктер, класстар, категориялар келип чыгат. Бирок, тилдин түзүлүшүн деңгээлдик дескрипциясынын мүмкүнчүлүктөрү чектелүү болгондуктан, лингвистикалык изилдөөлөрдүн белгилүү бир этабында ар түрдүү деңгээлдеги тилдик каражаттарды алардын функциясынын жалпылыгынын негизинде

интеграциялаган функционалдык мамиленин жаралышы тил теориясындагы мыйзам ченемдүүлүк катары кабылданат. Функционалдык грамматика теориясынын алкагында иш алып барган тилчи-окумуштуулар негизинен тилдин структуралык өзгөчөлүктөрүн жана ошол структуралардын коомдук жана контексттер менен байланышта колдонулушун талдоого алышат. Мындай иш-аракеттердин эң негизги жолу – тилдин грамматикалык элементтеринин бирдиктүү системадагы ордун жана тилдик элементтердин грамматикалык эмес, коммуникативдик аспектиси боюнча талдоо жүргүзүү.

Жалпы европалык, лингвистикалык салтта грамматикалык анализдин функционалдык багыты структурализмге каршы келип чыккан. Бул жерде берилген функционализм түшүнүгү тил структурасынын өзгөчөлүктөрүн анын функциялары менен түшүндүрүүгө болгон умтулуунун себеби болгон. Ошол эле учурда, “функция” түшүнүгү ар түрдүү көз караштын чегинде түшүндүрүлө баштаган. Мисалы, В.У.Дресслер сөз болуп жаткан түшүндүрүүчү функциялардын жыйындысынан семантикалык функцияны алып салууну сунуш кылган, анткени, бул түшүнүк “мазмун” түшүнүгүнө жарым жартылай же толугу менен дал келет.

Функционалдык грамматиканын грамматикалык изилдөөлөрдүн өзгөчө түрү катары калыптанышы үчүн Бодуен де Куртененин тилдик ой жүгүртүү жөнүндө идеялары, атап айтканда, тилдик ой жүгүртүүнүн “сандык өзгөчөлүгү” жөнүндө идеялары маанилүү болгон. Анын байкоолору көп жагынан кийинчерээк аныкталган түшүнүк категориясы, семантикалык алкак сыяктуу маселелердин изилденишине өбөлгө-шарт түзгөн.

Функционалдык грамматиканын өнүгүшүнө Ф.Брюнонун түшүнүктөрдүн жана аларды туюндуруу каражаттарынын кеңири чөйрөсүн тереңдетип изилдөөгө алган “Ой жана тил” эмгеги, О.Еспересендин түшүнүк жана семантикалык категорияларынын катышын иликтөөгө алган “Грамматиканын философиясы” эмгеги маанилүү роль ойнгон.

Ал эми Матезиус кандайдыр бир мазмунду билдирүү үчүн тилдик каражаттарды издеген сүйлөөчүнүн муктаждыктарынан келип чыккан грамматиканы “функционалдык” деп атаган. В. Матезиус 20-жылдардын биринчи жарымында тил илиминдеги “функционалдык методдун” тарыхый-илимий булактарын максаттуу издөөнү баштаган. Жылдар өткөн сайын анын функционалдык грамматика боюнча

түшүнүгү тереңдегени менен анын негизи ошол бойдон калган. Окумуштуу функционалдык грамматиканы салттуу грамматикага карма-каршы коюп изилдеген. В.Матезиустун пикирине таяна турган болсок, лингвистикалык изилдөөнүн салттуу ыкмасы форма белгилүү нерсе катары изилдөөнүн баштапкы пункту катары кабыл алынып, ал эми форманын мааниси же функциясы аныкталышы керек болгон нерсе кабыл алынгандыктан, формалдуу деп аталган жана бул салт филология көптөгөн жылдар бою эски тексттерди интерпретациялоого негизделгендиктен, угуучунун (окурмандын) көз карашын өзүнүкүндөй кабылдаган. Реалдуу жашоого келгенде формалдуу метод угуучунун методуна шайкеш келген.

Ар кайсы өлкөлөрдүн илимий салтында бир нече функционалдык-грамматикалык мектептер белгилүү, алар тилдик кубулуштарды сүрөттөөнүн жалпы принциптери менен мүнөздөлөт, бирок тилдик материалдарды көрсөтүүнүн түрдүү ыкмалары менен айырмаланат. Мындай багыттагы изилдөөлөргө М. Халлидейдин тутумдук-функционалдык грамматикасын, С.Диктин функционалдык грамматикасын киргизүүгө болот.

Функционалдык грамматиканын теориялык негизин түзүүдө голландиялык тилчи С.Диктин орду чоң. Ал грамматиканын шайкештигинин психологиялык, типологиялык жана прагматикалык моделдерин жарыялаган. Тилчи-окумуштуу сунуштаган көз караш Батыш Европада көптөгөн лингвисттер тарабынан жактырылып, колдоого алынган. С.Диктин пикирине таяна турган болсок, функционалдык грамматиканы табигый тилдердин грамматикалык уюштурулушунун жалпы теориясы кабылдоо максатка ылайык келет.

Тилди социалдык өз ара аракеттешүү жана адамдар ортосундагы баарлашуу куралы катары функционалдык түшүнүүгө негизделген, өз ичине семантика менен синтаксисти камтыган прагматикалык артыкчылыктан келип чыккан, семантиканы прагматикага, ал эми синтиксисти семантикага баш ийген көрүнүш катары караган, грамматикалык моделдерди психологиялык, прагматикалык, типологиялык адекваттуулук талаптарына жооп берген түзүлүш деп эсептеген, үч типтеги функционалдык жана реляциялык (семантикалык, синтаксистик, прагматикалык функция) түшүнүктөрдү пайдалануу менен түзүлгөн бул теория С.Диктин тил илиминдеги баалуу табылгаларынан болуп саналат.

Орус тил илиминде функционалдык багыт тилчи-окумуштуулардын көңүл борборунан түнөк таап, негизги иликтөө булагына айлангандыгын белгилей кетүү зарыл. Орус тил илиминдеги тилчи-окумуштуулар функционалдык стилдерди иликтөө, функционалдык стилистикага негиз салуу, тилди функционалдык түрлөргө бөлүштүрүү, тилди функционалдык алкакта стратификациялоо, функционалдык типологияны түптөө сыяктуу ар түрдүү багыттагы изилдөөлөрдү жүргүзүү менен тил илими үчүн баалуу табылгаларга ээ болушту.

Орус тил илиминде функционалдык грамматиканын негиздөөчүсү катары А.В. Бондаркону белгилөөгө болот. Ал өзүнүн "Функциональная грамматика" (1984), "Теория функциональной грамматики. Темпоральность. Модальность" (1990), "Теория функциональной грамматики. Персональность. Залоговость" (1991), "Теория функциональной грамматики. Субъектность, объектность. Коммуникативная перспектива. Определенность/неопределенность" (1992) аттуу эмгектеринде орус тилинин грамматикасын системалык-функционалдык өңүттөн иликтеген. Тилчи-окумуштуу А.В. Бондарконун изилдөөлөрү тил илими үчүн терең мааниге ээ. Анын функционалдык грамматикасынын негизги концепциялары, окумуштуунун грамматикалык категориялардын функционалдык маанисине, ошондой эле тилдин коммуникативдик ролуна басым жасашы тилдин структурасын тереңден изилдөөгө жана түшүнүүгө жол ачкан десек жаңылышпайбыз.

Орус лингвисти А.В. Бондарконун көз карашына таяна турган болсок, функционалдык грамматика – тил системасынын ар түрдүү деңгээлдериндеги бирдиктер менен өз ара аракеттешүүдө ойду берүүгө катышкан грамматикалык формалар менен конструкциялардын мыйзам ченемдүүлүктөрүн жана эрежелерин камтыган грамматика.

Мында грамматикалык бирдиктердин аткарган функциясы көңүл борборунда болот жана алар төмөнкүдөй мааниде түшүнүлөт: кептин маңызын берүү үчүн зарыл болгон грамматикалык каражаттар; 2) кептин грамматикалык моделдеринин (структуралык схемаларынын) алардын лексикалык мааниси менен шайкештиги; 3) грамматикалык бирдиктердин башка деңгээлдеги бирдиктер менен өз ара аракеттешүүсү. Грамматикалык формалар менен категорияларды функционалдык аспектиде ачып берүүдө А.В. Бондарко, биринчиден бул форманын негизги

маанисин аныктайт, тактап айтканда, аны “каражаттан функцияга” принциби боюнча талдоого алат; экинчиден, мындан тышкаркы окшош семантиканы чагылдырган тилдик каражаттарды аныктайт, тактап айтканда, “функциядан тилдик каражаттарга” принциби боюнча талдоо жүргүзөт; үчүнчүдөн, инварианттык (милдеттүү) жана варианттык (факультативдик) семантикалык белгилерди аныктайт (Киклевич 2008, 125).

Негизинен функционалдык грамматиканы терең изилдөөсү, анын негизги принциптерин кеңири талдоого алуусу, тилдик элементтердин өз ара байланышын ачыктап көрсөтүүсү, теориялык аспекттерди иш жүзүндө колдонуу жолдорун сунуштоосу лингвист А.В. Бондарконун изилдөөсүнүн арктыкчылыктары катары бааланат.

Тилчи-окумуштуу М.А. Шелякин тилдин грамматикасын – морфология менен синтаксисти функционалдык сыпаттоонун бирдиктүү системасын сунуштаган. М.А. Шелякин грамматиканы “чагылдыруу каражаты (функцияны алып жүрүүчү) – функция” принцибине негизделген семасиологиялык ыкманын жактоочусу болуп саналат. Ал тилдеги функционалдык багыт структуралык лингвистикадан келип чыккандыгын белгилөө менен “тил тутуму кепте белгилүү бир функцияларды аткарган элементтерден турган бүтүн нерсе катары түшүнүлөт” – деген пикирин билдирет (Шелякин 2001, 6).

Окумуштуунун көз карашына таяна турган болсок, тилдин коммуникативдик функциясына багыт алуу функционалдык ыкманын негизин түзөт. Функционалдык грамматикага тил системасындагы бирдиктердин, структуралардын, бүтүндөй класстардын ж.б. функционалдык диапазонун аныктоо милдети жүктөлөт.

М.А. Шелякин ар бир функциянын ишке ашыруунун шарттарын (чөйрөсүн) сыпаттоого өзгөчө көңүл бөлөт, ар бир функцияны анын белгилик өзгөчөлүктөрү менен бирдикте карайт. Мындан тышкары, функционалдык грамматиканын “тилдеги жана кептеги ар кандай функциялардын байланышын аныктоо, ошондой эле аларды өз ара айырмалоого мүмкүндүк түзгөн функциялардын бирдей түрлөрүн белгилөө” сыяктуу маанилүү милдеттери бардыгын баса белгилейт. Мисалы, функционалдык морфологияны сыпаттоодо сөздүн грамматикалык формасы баштапкы пункт болуп саналат. Грамматикалык формалардын белгиленген класстары үчүн аларга шайкеш келген грамматикалык маанилердин

класстары аныкталат. Ал эми лексика-грамматикалык разряддардын жана зат атоочтун, сын атоочтун, этиштин, тактоочтун, бөлүкчөнүн жана жандоочтун функциялары өзүнчө сыпатталат.

Жалпылап айтканда, М.А. Шелякиндин көз карашы орус тилинин грамматикасынын функционалдык негиздерин изилдеп, тилдин коммуникативдик ролун терең түшүндүргөндүгү менен баалуу болуп саналат. Функционалдык грамматиканын теориясы аркылуу окумуштуу тилдин структурасына жана коомдогу ордуна карата жаңыча көз караштьı сунуштайт жана тилдин динамикалык өнүгүшүн түшүнүүгө көмөк көрсөтөт.

Синтаксистеги функционалдык багыт Г.А. Золотова тарабынан XX кылымдын 70-жылдарынан тарта иштелип чыккан. Г.А. Золотова: “синтаксема – функционалдык синтаксистеги базалык түшүнүк болуу менен элементардык маанини алып жүрүүчү (синтаксистин деңгээлинде), ошол эле учурда бир кыйла татаал синтаксистик туюнтмалардын конструктивдик компоненти болуп саналат” – деп белгилейт (Золотова 1985, 4). Синтаксемалардын функционалдык типологиясы синтаксистик функцияны лексикалык бирдиктердин сөз айкаштарын жана сүйлөмдөрдү түзүүдөгү ролу катары түшүнүүгө таянат. Мында синтаксистик функциялардын үч түрү айырмаланат:

- автономдуу – бирдикти эркин синтаксема катары өзүнчө колдонуу;
- бирдикти сүйлөмдүн мүчөсү катары колдонуу – шарттуу синтаксемалардын функциясы;
- бирдикти сөз айкашынын компоненти катары колдонуу – байланышкан синктаксемалардын функциясы.

Сөз формаларынын ар бир конструктивдик-семантикалык функциясына белгилүү бир сандагы синтаксистик позициялар туура келет.

Функционалдык лингвистика жаатындагы бир катар фундаменталдык эмгектердин автору Х.Яхнов функционалдык грамматиканын бирдиктүү концепциясын сунуштабаса дагы, анын изилдөөлөрү табигый тилдердеги грамматикалык категориялардын типологиясына функционалдык мамилени ырааттуу колдонуунун мисалы катары көңүл бурууга арзыйт.

Х.Яхнов коммуникативдик процесстердеги функцияларына жараша тилдик бирдиктердин үч тибин бөлүп көрсөтөт: репрезентативдик, организативдик, конвентивдик. Репрезентативдик – объектти көрсөтүү фнукциясына ээ бирдиктер; организативдик – кичирээк форматтагы белгилерди чоңураак форматтагы белгилерге бириктирүү функциясына ээ бирдиктер. Бул өзгөчөлүк тилдик татаал уюштулган бирдиктерин структуралык жактан иретке келтирүүгө мүмкүндүк берет; конвентивдик – коммуникативдик “ноль-функцияны” аткаруучу бирдиктер. Грамматикалык категорияларды талдоого алууда жана салыштырууда граммемаларында мазмундук белгилер жок болгондуктан улам ноль-функциянын тийиштүү деңгээлде кароого алынбай калат.

А. Мустайокинин функционалдык синтаксис боюнча теориялык моделинде белгилүү бир маанини үстүртөн чагылдыруунун бардык тилдик каражаттары грамматикалык сыпаттоо жагынан алып караганда барабар деп эсептелет. Конкреттүү этникалык тилдин негизги семантикалык түзүмдөрүн системалуу түрдө көрсөтүү жана ар түрдүү формалдык каражаттарды инвентаризациялоо – функционалдык синтаксистин милдети катары каралат. Негизинен А. Мустайокинин функсионалдык синтаксиси А.В. Бондарконун жана Петербург мектебинин башка өкүлдөрүнүн эмгектеринде иштелип чыккан функционалдык-семантикалык алкак теориясына, Г.А. Золотованын функционалдык синтаксисине, М.В. Всеволодованын функционалдык мамилесине жакын.

А. Мустайокинин эмгеги бир катар артыкчылыктарга ээ экендиги күмөн жаратпайт. Анда келечекте изилдөө үчүн маанилүү болгон теориялык маселелер көтөрүлөт. Негизги түшүнүктөрдүн жана функционалдык синтаксистин категорияларынын жыйындысы берилет, орус тилинин маанилүү семантикалык категорияларды туюндуруу үчүн кызмат кылган синтаксистик контрукциялары системалаштырылган.

Орус тил илиминде функционалдык грамматика багытында жарык көргөн илимий эмгектер негизинен тилдик структурасынын жана функцияларынын өз ара байланышын тереңден изилдөөгө багытталган. Мындай изилдөөлөр тилдин синтаксистик, семантикалык, прагматикалык ж.б. аспекттерин өз ара байланыштырып, тилдин иштөө механизмдерин толук жана ар тараптуу түшүнүүгө шарт түзөт.

Кыргыз тил илиминде функционалдык грамматикага негиз салган окумуштуу катары З.К. Дербишеванын эмгегин өзгөчө бөлүп көрсөтүүгө болот. Анткен себеби, З.К. Дербишева кыргыз жана орус тилдеринин салыштырма морфологиясынын функционалдык категорияларын терең жана ар тараптуу талдоого алган, бул тармакты ономасиологиянын чегинде караган алгачкы лингвист болуп саналат. Илимпоз семантикалык категорияларды жиктеп, аларды конкреттүү мисалдардын негизинде бышыктоого жетишкен. Ономасиологиялык өңүттөгү изилдөөлөргө таянуу менен З.К. Дербишева мындай категорияларды функционалдык-семантикалык талаа термини аркылуу туюнтуп, А.В. Бондарконун концепциясын өнүктүргөн.

Ал эми окумуштуу Б.Сагынбаева бул теориянын негизинде тектеш түрк жана кыргыз тилдерин салыштыруу менен иликтөө жүргүзүп, функционалдык грамматиканы түркологдордун көз караштарынын, ошондой эле жалпы тил илиминде орун алган көз караштардын алкагында талдоого алып, анын кыргыз тилиндеги ордун белгилейт.

З.Дербишева менен Б. Сагынбаеванын биргеликте иштеп чыккан “Кыргыз тилинин функционалдык грамматикасы” аттуу илимий изилдөөсү өзгөчө орунда турат. Анткен себеби, аталган эмгек кыргыз тилин функционалдык-семантикалык багытта изилдеген алгачкы изилдөө болуп саналат. “Кыргыз тилинин функционалдык грамматикасында” мезгилдик жана модалдуулук категорияларынын семантикалык чөйрөсү, алардын уюшулуу (манифестация) жолдору аныкталып, кыргыз тил илиминдеги функционалдык-семантикалык алкак иштелип чыгып, аны түзүүчү каражаттар талдоого алынып, алкактар жана андагы уячаларга жайгаштырылып, иш жүзүндө пайдалануу мүмкүнчүлүктөрү сунушталат.

Кыргыз тил илиминде көпчүлүк тилчи-окумуштуулардын функционалдык-грамматикалык маселелердин алкагындагы изилдөөлөрү генетикалык жактан тектеш жана ар түрдүү типтеги тилдерди салыштыруу аркылуу ишке ашырылгандыгын белгилөөгө болот. Мисал катары карай турган болсок, М.Х. Уева кыргыз жана немис тилдериндеги мейкиндиктин функционалдык-семантикалык алкагын, А.Ж. Сарымсакова кыргыз жана немис тилдеринин синсемантикалык атоо бирдиктеринин функционалдык-семантикалык аспектисин

изилдөөгө алат жана мындай салыштыруу ыкмасынын негизинде жүргүзүлгөн иликтөөлөр арбын.

Ал эми К.Казадаеванын “К вопросу о функционально-семантическом изучении категории притяжательности на материале генетически не родственных и грамматически разнотипных языков” (Казадаева 2013, 15-20) аттуу эмгеги тил илиминде, айрыкча ар түрдүү тилдердеги таандыктык категориясын изилдөө контекстинде маанилүү изилдөөлөрдүн катарын толуктаган эмгек болуп саналат. Автор таандыктык категориясын ар түрдүү тилдерде чагылдыруунун жалпы жана конкреттүү белгилерин талдоого алып, анын ар түрдүү тилдердин конктекстинде аткарган функцияларын иликтейт. Таандыктык категория боюнча грамматикалык жана семантикалык функциялардын көз карашынын чегиндеги маалыматтарды бириктирүү менен алардын ар түрдүү тилдердеги менчиктик, таандыктык жана иденттүүлүк мамилелерин чагылдыруудагы мүмкүнчүлүктөрүн ачып көрсөтүү Казадаеванын эмгегинин негизги максаты катары аныкталат.

П.М. Кайымова “Салыштыруу функционалдык-семантикалык алкак катары” илимий изилдөөсүндө салыштыруу категориясынын функционалдык-семантикалык маанинин маңызын даана белгилеп, аныктамасын сунуштайт жана салыштырууну функционалдык-семантикалык алкак катары мүнөздөйт.

Кыргыз тил илиминде тилди функционалдык жактан изилдөөгө алган эмгектерде тилдик каражаттардын мазмундук-түшүнүктүк өзгөчөлүгү негиз катары алынгандыгын баса белгилей кетүү зарыл.

**ЭКИНЧИ БӨЛҮМ**

**ИЗИЛДӨӨ МЕТОДДОРУ**

**2.1. Жалпы изилдөө методдору**

Ар бир илимий изилдөө белгилүү эрежелерге, мыйзамченемдүүлүктөргө баш ийет. Бир илимий эмгектин илимий мүнөзгө ээ болуусу үчүн, анын белгилүү ыкма, структура, эрежелерге ылайык жүргүзүлүүсү шарт. Бул эреже жана шарттар илимий ыкмалар катары белгилүү. Бул илимий изилдөөбүздүн алкагында жалпы илимий ыкмалардан тарта жеке лингвистикалык методдорго чейин ар кандай илимий ыкмалар колдонулду. Бул бөлүмдө изилдөөбүздүн алкагында колдонулган методдор, алардын өзгөчөлүктөрү изилденди. Тил илиминдеги "метод" түшүнүгүнө карата "усул, кандайдыр бир нерсени ишке ашырууда же теориялык изилдөөдө колдонулуучу ыкма, жол" (Акматалиев 2019, 212), "изилдөөнүн же бир нерсени баяндоонун ыгы же жолу деген түшүнүктү берет. Тил илиминде метод изилдөөдөгү ыкмалардын, жолдордун, теориялык көрсөтмөлөрдүн жыйындысы; тилдин тигил же бул аспектисин изилдөө үчүн белгилүү бир теорияга, жыйынтыкка, эрежеге таянып, техникалык каражат же иш куралы катары колдонулган ыкмалар, жолдор, операциялар" (Мусаев 2015, 149), "бир нерсени теориялык изилдөө же тажрыйбалык жактан ишке ашыруу" (Ожегов 2020, 264), "кубулушту изилдөө ыкмаларынын жана эрежелеринин жыйындысы" (Звегинцев 1964, 28) деген аныктамалар берилген.

Ар бир конкреттүү лингвистикалык методдун негизин тилдин кандайдыр бир атайын жана өзгөчө аспектиси түзөт, аны изилдөө атайын илимий-изилдөө ыкмаларын жана аларды тажрыйбада колдонуу методикасын талап кылат.

Изилдөө методдорун классификациялоо маселеси окумуштуулар арасында талаш маселени жаратат. Бул жагдай лингвистикалык методдордун тилдик фактыларды изилдөө жана сыпаттоо ыкмаларынын универсалдуу жыйындысын түзбөгөндүгү менен шартталат. Ошол эле учурда методдор туруктуу мүнөзгө ээ эмес, тактап айтканда, ар кандай тарыхый мезгилдерде жана ар башка илимий мектептерде бир эле метод негизги (үстөмдүк кылуучу) болуп, же тескерисинче, илимий жактан дискретитацияланган болушу мүмкүн. Ар бир илимий мектепте өзүнө тийиштүү методдордун арсеналы бар. Ошол эле учурда конкреттүү бир изилдөө методу илимий мектептерге караганда туруктуу келип, илимдеги артыкчылыктар

алмашканда көптөгөн методдор жаңы илимий парадигмага ээ болот. Ошентип, лингвистикалык методдордун бардык багыттар жана бардык илимий парадигмалар үчүн бирдиктүү классификациясын берүү мүмкүн эмес.

Колдонуу чөйрөсүнө жана жалпылык даражасына жараша илимдерде таанып-билүүнүн бардык баскычтарында, таанып-билүүнүн ар түрдүү типтеринде (башкача айтканда, илимий гана эмес, эмпирикалык-тиричилик таанып-билүүдө да) колдонулуучу *жалпы (философиялык)*, бардык илимдерде колдонулуучу *жалпы илимий,* табигый илимдерде коом таанууда колдонулуучу *жеке илимий*, белгилүү бир илимде колдонулуучу *дисциплинардык* методдор бар (Комарова 2012, 226). Ал эми Э.С. Ветрованын классификациясына ылайык, илимий методдор эки топко бөлүнөт: *жалпы илимий методдор* жана *конкреттүү илим үчүн жеке (атайын) методдор* (Ветрова 2019, 46).

*Жалпы илимий методдор* өз кезегинде *эмпирикалык* (материалды топтоого, аны системалаштырууга жана белгилүү формада бекемдөөгө багытталган) жана *теориялык* (тигил же бул илимий концепциянын алкагында топтолгон материалды теориялык жактан таанып-билүү максатын көздөйт) методдорго ажыратылса, булардын ар бири өз ичинен да методдорго бөлүнөт.

Теориялык метод өз ичинен төмөнкүдөй методдорго ажырайт:

*Индукциялык метод* – илимий процессти уюштурууда конкреттүү кубулуштарды (фактыларды) топтоп, андан соң аларды жалпылап, фактыдан анын өзөгүндө жаткан маңызга өтөт. Мисалы, индукциялык методго ылайык “көз” сөзүнө жана анын курамында келген таандык маанини туюндуруучу тилдик каражаттарга байланыштуу *Менин **көзүм** кызарып турат. **Көзүбүздү** ачып, дүйнөнү башкача кабылдай баштадык. Азыр оң **көзүң** сол **көзүңө** душман заман* деген сыяктуу мисалдарды топтоп, аларды жалпылап, андан соң алардын билдирген маңызга талдоо жүргүзүлөт. Ал эми *дедукциялык метод* – тескерисинче, объектинин маңызын изилдеп, анын фактыларга шайкештигин аныктайт. Мисалы, “көз” деген сөздү алып, таандык маанинин ушул сөздүн катыштыгында туюндурулушун карасак, алгач бул сөздүн маанисин жана контекст ичинде колдонулушун аныктайбыз: көз – түздөн-түз атоо маанисинде көрүү органын билдирет, мындан тышкары бул сөз метафоралык мааниде, фразеологизм катары да колдонулушу мүмкүн. Бардык учурларда тең көз сөзү таандык маанини туюндуруучу

морфологиялык каражаттарды кабыл ала алат. Мисалы, *Менин **көзүм** кызарып турат. **Көзүбүздү** ачып, дүйнөнү башкача кабылдай баштадык. Азыр оң **көзүң** сол **көзүңө** душман заман.* Демек, көз сөзүнүн (объектинин) маанисин изилдеп, андан соң алардын тилдик фактыларга шайкештигин талдоого алабыз.

*Гипотетикалык-дедукциялык метод* – реалдуу лингвистикалык тажрыйбада индукциялык же дедукциялык ыкманы так, кесе колдонуу мүмкүн эмес. Дедукциялык жана индукциялык методдорду цикли менен колдонуу, тактап айтканда, баштапкы этапта тилдин маңызы тууралуу гипотезалар дедукциялык методдо изилденип, андан соң эмпирикалык процессте индукциялык метод менен текшерүү гипотетикалык-дедукциялык методдун аракетке келишине шарт түзөт. Теориялык методдун булардан тышкары *анализ* – (изилденүүчү объектти жөнөкөй элементтерден турган курамдык бөлүктөргө логикалык негизде бөлүштүрүү. Бул метод изилденүүчү объекттин түзүлүшүн аныктоого, маанилүү жана маанисиз нерселерди өз ара ажыратууга, татаал нерсени жөнөкөйлөштүрүүгө шарт түзөт), с*интез* (анализдин жардамы аркылуу бөлүнгөн бөлүктөрдү, касиеттерди, мамилелерди бүтүндүккө бириктирүү проссесин түшүндүрөт. Синтез анализди толуктап, аны менен ажырагыс биримдикте турат), ф*ормалдаштыруу* (ар кандай символдордун (белгилердин) атайын системасын колдонуууга негизделген ыкма), *моделдештирүү* (мында баштапкы жана акыркы маалыматтарды салыштыруунун негизинде объектинин образы түзүлөт, башкача айтканда, анын болжолдуу түзүлүшү тууралуу гипотеза чыгарылып, аны кандайдыр бир материалды реалдуу механизм иштеп чыга алгандай мүмкүнчүлүгү бар логикалык түзүлүш катары ишке ашыруу), а*бстракциялоо* (изилдөө предметин өзүнө байланыштуу бардык кошумча көрүнүштөрдөн, байланыштардан ажыратып, маңызга түздөн-түз таасир этүүчү гана неселерди алып калуу, башкача айтканда, объектилик реалдуулукту теориялык жактан чагылдыруу ыкмасы) сыяктуу түрлөрү бар.

Эмпирикалык метод өз ичинен төмөнкүдөй методдорго ажырайт:

*Баяндоочу метод* – бул метод башка методдорду колдонуу үчүн ишенимдүү негиз катары кызмат кылат, анткен себеби, изилдөөнүн баштапкы этабында биринчи кезекте каралып жаткан предметтин негизги касиеттерин баяндоо зарыл. Баяндоо эки ыкмада жүгүзүлөт: изилдөөчү объектинин белгилерин өзү аныктап көрсөткөн *түздөн-түз баяндоо* жана изилдөөчү объектинин башка окумуштуулар тарабынан

аныкталып, көрсөтүлгөн белгилерине таянган *ортомчу (опосредственное) баяндоо*. Биздин эмгекте бул эки ыкма бирдей колдонулат, анткен себеби, таандык маанини функционалдык грамматиканын негизинде изилдөөдө биз окумуштуулар тарабынан бул багыттагы буга чейин далилденген көз караштарга да таянабыз, ошол эле учурда таандык маанини туюндурууда өзүбүз аныктаган тилдик каражаттарды да сунуштайбыз. Мисалы, таандык маанинин лексикалык жол менен берилишинде каралган энчилүү аттардагы, гендердик сөздөрдөгү, сырдык сөздөрдөгү, фразеологизмдердеги таандык маанинин туюндурулушу биздин түздөн-түз байкообуздун натыйжасында ишке ашырылган болсо, таандык маанинин теориялык негиздери боюнча сунушталган маалыматтар ортомчулук (опосредственное) ыкмада ишке ашырылган.

*Классификациялоо методу* – лингвистикалык изилдөөлөрдүн бардык түрлөрү байкоо жүргүзүүнү жана түшүндүрүүнү гана эмес, алынган фактыларды классификациялоону да камтыйт. Тил илиминде колдонулган классификация методунун маанилүүлүгү тил чөйрөсүндөгү көптөгөн бирдиктер менен иш алып баруу зарылдыгы менен шартталат. Белгилүү бир тилдик кубулушка карата ар түрдүү классификацияны колдонууга болот, тилдик кубулушту ар кандай негиздер боюнча бир нече классификацияга бөлүү менен классификациялардын комплексин алууга болот. Таандык маанини изилдөөдө классификациялоо методу таандык маанини туюндуруу жолдорун аныктоодо колдонулат. Ишибиздин мүнөзүнө ылайык таандык маанинин лексикалык, морфологиялык, синтаксистик жол менен туюндурулушу каралат. Ушул эле методдун жардамы аркылуу таандык маанини туюндуруучу тилдик каражаттар маанилик басымдуулугуна карата классификациялоо менен алардын функционалдык-семантикалык алкагы түзүлүп, аларга тилдик каражаттар тийиштүүлүгүнө жараша жайгаштырылат.

*Салыштыруу (сравнение)* – бул объектилердин окшоштугу же айырмачылыгы жөнүндө ой жүгүртүүнүн негизиндеги таанып-билүү операциясы. Салыштыруу аркылуу объектилердин сандык жана сапаттык мүнөздөмөлөрү аныкталат, аларды классификациялоо, иреттөө жана баалоо жүргүзүлөт. Биздин изилдөө ишибизде салыштыруу методу функционалдык грамматиканын теориялык негиздерине саресеп салууда пайдаланылды. Анткен себеби, таандык маанинин функционалдык-семантикалык алкагын түзүү алгач функционалдык грамматикага

байланыштуу маселелердин башын ачууну шарттады. Мындан тышкары кыргыз тилинде таандык маанини туюндууруунун негизги жолу таандык мүчөлөр болгондуктан бул мүчөлөрдүн тарыхый өнүгүсүн башка түрк тилдери менен салыштырмалуу негизде изилдедик.

*__Жекек илимий методдор.__* Тил илиминин теориясын изилдөөчүлөр белгилүү бир багыттын илимде орун алышы анын өздүк методунун болушу менен шартталарын белгилешет. Анткен себеби, дал ушул метод түшүнүгү тилдик фактыларды талдоо ыкмаларын калыптандырат, изилдөөнүн тартиби менен ыраттуулугун аныктайт. Мисалга ала турган болсок, компаравистика салыштырма-тарыхый методду иштеп чыгуунун натыйжасында калыптанган болсо, структурализмдин калыптанышына дескриптивдик жана трансформациялык метод негиз болгон. Ал эми функционализмдин алкагында эң биринчи кезекте алкак методу аракетке келет. Лингвистикалык талдоо методдорун изилдеген В.П. Даниленко алкак жана компоненттик талдоо методдорун эриш-аркак талдоого алып, “алкак методу жана компоненттик талдоо методу – эгиз бир туугандар. Бул таң калыштуу деле эмес, анткени, тилдеги бардык алкактар тигил же бул жалпы (гиперонимиялык) схема негизделет, ал эми анын курамына кирген бирдиктер, өз кезегинде, бири-биринен түрдүк (гипонимиялык) схемалары менен айырмаланат” деген пикирин билдирген (Даниленко 2016, 185).

Ал эми “Кыргыз тилинин лингвистикалык маалымдамасында” “Азыркы тил илиминде изилдөө иштеринин бир нече методдору бар. Алардын негизгилери төмөнкүлөр: салыштырма-тарыхый метод, конструктивдүү метод, сыпаттама метод” – деп белгиленген (Мусаев 2015, 149).

Тил илиминде алгачкы калыптанган метод катары эсептелген *салыштырма-тарыхый методдун* негиздөөчүлөрү анын жалпы принциптерин теориялык жактан гана түшүндүрбөстөн, ар кандай тилдик кубулуштарды изилдөөдө салыштырма жана тарыхый көз караштарды колдонуп, ага ылайык изилдөө методун иштеп чыгышкан. Мындай аракеттер тилге байланыштуу маселелерди натыйжалуу чечүүгө өбөлгө-шарт түзгөн. Ошентип, тил илиминде “тилдин тарыхын анын өнүгүшүнүн ар кандай мезгилдериндеги фактылар менен кубулуштарды салыштыруунун негизинде, аны тектеш тирүү жана өлүк тилдер менен салыштыруунун негизинде изилдөө методу” (Перетрухин 1960, 6) болгон

салыштырма-тарыхый метод калыптанган. Тилге байланыштуу кайсы гана теманы албайлы, ага тийиштүү өзгөчөлүктөрдү, анын мүнөзүн толук кандуу изилдөө үчүн ошол изилдөөгө алынып жаткан тилдик маселенин тарыхый негиздерине көңүл буруууга туура келет. Андыктан, таандык маанинин пайда болуу, калыптануу, өнүгүү мыйзамченемдүүлүктөрүн ачып көрсөтүү үчүн биз дүйнөлүк, орус, түрк, кыргыз тил илиминдеги таандык мааниге байланыштуу тарыхый булактарга кайрылып, аларды салыштырма-тарыхый методдун негизинде талдоого алуу аракетин көрдүк.

Салыштырма-тарыхый методдун калыптанышы менен бир эле мезгилде *типологиялык методдун* концепциясы таризделген, анын негизин дүйнөнүн бардык тилдеринин структурасынын негизинде бирдей принциптер жатат деген ишеним болгон. Типологиялык методдун негизинде тилдин тиби идеясы турат, ошондуктан тил илиминде типологияны тилдерди системалаштыруунун башка түрлөрүнөн терминологиялык жактан бөлүп кароо кабыл алынган. Мында типологияны бир жагынан тилдердин типологиялык окшоштуктарынын градуалдуулугу, экинчи жагынан изилдөө максаттарынын көптүгү менен шартталган көптөгөн багыттарга ээ. Типологиялык методдун максаты – тилдин жалпы теориясын түзүү, универсалдуу (каалаган тилге мүнөздүү) мүнөздөмөлөрдү же тилдик универсалдарды аныктоо. Типологиялык методдун негизинде ар бир тилдин маанилеринин жана алардын функционалдык-семантикалык структурасынын универсалдуу өзгөчөлүктөрү аныкталат. Бул метод аркылуу кыргыз тилинин семантикалык өзгөчөлүктөрүн изилдеп, таандык маани кандайча колдонуларын жана кантип өзгөрөрүн талдоо менен кыгыз тилинин семантикалык түзүлүшүндө кандай универсалдык өзгөчөлүктөр бар экенин изилдөөнүн алкагында аныктадык.

*Структуралык метод.* XX кылымдын башында тилди изилдөө методдору чөйрөсүндө чоң өзгөрүү болгон. Фердинанд де Соссюр “Курс общей лингвистики” аттуу эмгегинде тилди белгилердин тутуму катары талдоону сунуштап, структуралык лингвистиканын пайдубалын түптөгөн. Анын “тилге” жана “кепке” байланышкан идеялары структурализмдин алкагында андан аркы изилдөөлөр үчүн негиз болгон. Фердинанд де Соссюрдун тилди өз ара байланышкан элементтердин тутуму катары аныктоосу талдоонун жаңы методдорун табууга өбөлгө-шарт

түзгөн. Системалык-структуралык ыкманын модификациясы Л.Ельмслевдин, Н.Трубецскийдин, Р.Якобсондун ысымы жана Прага лингвистикалык ийрими менен да байланышта каралат.

Тил илиминдеги бул багытты “структурализм” катары мүнөздөгөн И.В. Блауберг жана Э.Г. Юдин төмөнкү өзгөчөлүктөрдү белгилешет: “объектинин ар түрдүүлүгүн баса белгилеген структурализм эки маанилүү методологиялык жыйынтыкка келет: биринчиден, структураларды типологиялык талдоо милдетин коет, экинчиден, изилдөө предметине карата дисциплиналар аралык, комплекстүү мамиле кылуу талабын калыптандырат. Ошондуктан, мисалы, этнографиялык структурализм культурантропология жана маданият теориясы менен бириксе, лингвистикалык структурализм тилди изилдөөнүн атайын илимий аспектилерин айкаштырып гана тим болбостон, ага карата өзгөчө, семиотикалык ыкманы да иштеп чыгат. Структурализм үчүн математикалык жана башка формалдык методдорду кеңири колдонуу мүнөздүү” (Басин жана Поляков 1975, 13).

Структурализмдин алкагында тилди бүтүн структуралык-системалык, иерархиялык түзүлүш катары изилдөө үчүн кызмат кылган жана тилдин структуралык уюшулушунун мыйзам ченемдүүлүктөрүн жана анын элементтеринин системасын аныктоого мүмкүндүк берген оппозиция, дистрибутивдик, трансформациялык талдоо ж.б. сыяктуу методдордун комплекси түзүлгөн. Структуралык методун колдонуу менен таандык маанини туюндурган тилдик бирдиктердин өз ара катышын, түзүлүш өзгөчөлүктөрүн, жана таандык маанини туюндуруудагы байланыштарын изилдедик.

*Квантитативдик метод.* Тилди ыктымалдык система (система вероятностей) катары аныктоо тилдин жыштык, ыктымалдык мүнөздөмөлөрүн изилдөөгө байланыштуу квантитативдик методдорду колдонууну талап кылат. Тил илиминдеги квантитативдик методдордун ичинен сандык жана статистикалык методдорду бөлүп кароого болот. Сандык методдун жардамы аркылуу текстте же кепте кездешкен фактылардын кайталануусуна жараша алардын жыштыгын эсептелет. Ал эми статистикалык метод тилдик фактылардын массалык көрүнүшүн изилдеп, тилдин функциясында ушул фактылардын иштөө мыйзам ченемдүүлүктөрүн ачып берет. Изилдөөбүздүн алкагында квантативдик методго аркылуу К. Баялиновдун “Ажар” чыгармасында таандык маанини туюндуруучу

тилдик каражаттарды талдап, алардын санын жана колдонуу жыштыгын анализдедик.

Ошентип, тил илиминде методду тилдик кубулуштарды талдоого алуу үчүн белгилүү бир теориялык концепцияларды, процедураларды пайдаланууну камтыган илимий иштин стратегиялык жана тактикалык багыты, тактап айтканда, изилдөөчү тил жаатындагы изилдөөлөрдү жүргүзүү пайдаланган ыкмалардын жыйындысы катары кароого болот.

## 2.2. Функционалдык грамматикада колдонулган изилдөө методдору

Функционалдык грамматикага негизделген изилдөөлөр тилдик көрүнүштөрдү изилдөөдө функционалдык ыкманы колдонуунун негиздүүлүгүн аныктайт. Функционалдык ыкма тил бирдиктерин алардын функцияларын жана кепте өз ара аракеттенүүсүн эске алуу менен изилдейт, грамматикалык формаларды жана структураларды тексттин негизинде ишке ашуучу кептин ар түрдүү типтеринде үйрөнүүгө мүмкүнчүлүк берет.

Изилдөө ишибиздин башында белгилеп өткөндөй, функционалдык грамматиканы изилдөөдө ономасиологиялык ыкма алдыңкы орунга чыгат. Ономасиологиялык ыкма тилдик көрүнүштөрдү изилдөөдө сүйлөөчү тилден тышкаркы мазмунду тилдик формага айлантат деп болжолдойт; ошол эле учурда, ошол же башка тилдик форма сүйлөөчү тарабынан анда болгон тилдик системадан тандалат жана системалык-тилдик абалдан кептик абалына келтирилет жана аны төмөндөгүдөй белгилөөгө болот: “тилден тышкаркы мазмун → тилдик форма/тилдик система → кеп”. Семасиологиялык ыкма угуучунун ишмердигин алдыңкы орунга коёт. Мында угуучу аң-сезиминде калыптанган тилдик системаны пайдаланып, сүйлөөчү тарабынан берилген тилдик форманы түшүнөт, башкача айтканда, аны белгилүү бир тилден тышкаркы мазмун менен байланыштырат жана аны мындайча белгилөөгө болот: “кеп → тилдик система/тилдик форма → тилден тышкаркы мазмун” (Даниленко 2016, 82). Айтайын дегенибиз, кыргыз тилинде таандык маанини изилдөө иши салттуу грамматикада таандык маани аны туюндуруучу тилдик каражаттарды иликтөөнүн негизинде жүргүзүлүп келген болсо, биз таандык маанини ономасиологиялык ыкмага таянып изилдөөдө алгач таандык маанинин семантикалык чөйрөсүн, таандык маанидеги “таандыктык” функцияны аныктап, андан соң ошол таандык маанини туюндуруу үчүн колдонулган тилдик

каражаттарды аныктоо багытында иш алып барууну көздөйбүз. Мисал катары карай турган болсок, “формадан мааниге” принцибине ылайык: *калемим* деген сөздөгү *-Ым* мүчөсү ошол сөздүн айтып жаткан 1-жакка таандык экенин билдирсе, *калемиң* деген сөздөгү *-Ың* мүчөсү ошол сөздүн угуп жаткан 2-жакка таандык экенин билдирет – деген аныктама алдыңкы орунга чыгат. Ал эми, “мазмундан формага” принцибине ылайык, китептин ээленүүчү зат катары кимге же эмнеге тиешелүүлүгүн, башкача айтканда, китепке ээлик кылуучуну аныктоо үчүн ар түрдүү туюндуруу жолдору талдоого алынат: *калемим (калемиң) бар; менде (сенде) калем бар; калем мага (сага) тиешелүү/калем мага (сага) таандык; мендеги (сендеги) калем сапаттуу; калемдин ээси – менмин (сенсиң); бул калем мага (сага) берилди ж.б.*

Ономасиологиянын теориялык негизи үчүн Рудольф Мерингер жана Гуго Шухардттын эмгектери маанилүү болгон. Анын ичинде Гуго Шухардттын аты менен байланыштырылган маанилүү идея бар, анын ою боюнча маанини жана белгилөөнү айырмалоо керек. Муну менен бирге бул көрүнүштөрдү изилдеген дисциплиналар да айырмаланып турушу керек. Семантиканы изилдөөдөгү эки ыкманы Франц Дорнзайф да бөлүп караган жана “формадан мазмунга” болгон талдоону семасиология, ал эми “мазмундан формага” болгон талдоону ономасиология деп атоону сунуштаган (Косых 2016, 9).

О. Есперсен тилди изилдөөдө семиологиялык жана ономасиологиялык ыкмалардын айырмасын төмөнкүдөй түшүндүргөн: “Ар бир тилдик көрүнүштү анын тышкы формасынан же ички маанисинен көз карандылыкта изилдөөгө болот. Биринчи учурда биз сөздүн же башка тилдик бирдиктин угулуусунан баштап, андан кийин ага байланышкан мааниге өтөбүз. Экинчи учурда болсо, биз мааниден баштап, ал маанинин белгилүү бир тилде кандай формалдык көрүнүшкө ээ экенин сурайбыз” (Есперсен 1958, 32).

А.А.Уфимцеванын пикирине ылайык, “семасиологиядан айырмаланып, ономасиология тилди изилдөөдө тилдик бирдиктердин мазмунун алардын ички системалык маанилерин калыптандыруу жана сөздөрдү жана сөз айкаштарын семантикалык жайылтуунун механизми катары эмес, предметтик багыттуулук, башкача айтканда, тилдик бирдиктердин белгилөө каражаты катары тилден тышкаркы предметтик катарга тийиштүүлүгүн карап чыгат” (Уфимцева 1977, 19).

Семасиология менен ономасиология бири-бири менен тагыз байланышта болуп, өз ара аракеттешет.

Семасиология менен ономасиологияны ажыратуу зарылдыгы сүйлөөчү менен угуучу пайдаланган тилдик структуралардын өзгөчөлүгүнө байланыштуу келип чыгат. Бул структуралар бирдей эмес, себеби, сүйлөөчү тилди мазмун жагынан, ал эми угуучу формасы боюнча кабылдайт. Сүйлөө ишмердигинде сүйлөөчү мазмундук гана эмес, формалык да структураларды да пайдаланат, бирок бул алардын ортосундагы айырмачылыкты – аларды пайдалануу узактыгы менен байланышкан айырмачылыкты жоё албайт. Башкача айтканда, семасиологияда тилдин айрым каражаттарынын ортосундагы бир эле мазмундук категорияны туюндурган формалык окшоштук фактору мазмундук факторго караганда салыштырмалуу аз болот. Ал эми ономасиологияда бул көрүнүш тескерисинче каралып, мазмундук фактор артыкчылыктуу орунга чыгат.

В.П. Даниленко грамматиканын методологиялык түзүлүшүн семасиологиялык лингвистикага жана ономасиологиялык лингвистикага ажыратып, булардын ар бирин структуралык семасиология жана функционалдык семасиология, ошондой эле структуралык ономасиология жана функционалдык ономасиология деп өзүнчө бөлүп кароону сунуштайт. Мында структуралык-семасиологиялык грамматика тилди угуучунун көз карашынан, башкача айтканда, “кеп → тилдик система” багытында изилдесе, функционалдык-семасиологиялык грамматика тилдин функцияланышын угуучунун көз карашынан “тилдик форма → тилден тышкаркы мазмун” багытында изилдейт. Структуралык-ономасиологиялык грамматика тилди айтуучунун көз карашынан, башкача айтканда, “тилден тышкаркы мазмун → тилдик форма” багытына ылайык изилдесе, функционалдык-ономасиологиялык грамматика тилдин функцияланышын айтуучунун көз карашынан “тилдик система → кеп” багытында изилдейт. Демек, семасологиялык жана ономасиологиялык грамматика структуралык жана функционалдык деп аталган эки формада жашайт (Даниленко 2016, 83).

Бул ойду *Менин үйүм бар* деген мисалдын чегинде алып талдап көрсөк:

1. Структуралык-семасиологиялык грамматиканын “кеп → тилдик система” принцибине ылайык, кеп: *менин үйүм бар* – адамдын өзүнө таандык болгон үйү бар экенин туюндурган маалымат. Тилдик система: бул сүйлөмдүн грамматикалык

түзүлүшү: менин – ээлик кылуучу субъект; үйүм (зат, объект) – үйдүн субъектиге таандык экенин көрсөтөт; бар (этиш) – заттын бар экендигин билдирет – бул учурда сүйлөмдүн структурасы тилдик элементтер аркылуу анын билдирген мазмунун, үйдүн бар экендигин чагылдырып жатат.

2. Функционалдык-семасиологиялык грамматиканын "тилдик форма → тилден тышкаркы мазмун" принцибине ылайык тилдик формалар аркылуу маани кандайча берилгенин аныктайбыз. Тилдик форма: *менин үйүм бар* сүйлөмүнүн грамматикалык түзүлүшү: менин – илик жөндөмөнүн мүчөсүн кабыл алган 1-жак, үйүм (зат), бар (этиш). Тилден тышкаркы мазмун: менде үйдүн бардыгы тууралуу маалыматты билдирет.

3. Структуралык-ономасиологиялык грамматиканын "тилден тышкаркы мазмун → тилдик форма принциби боюнча тилден тышкаркы чындыктын (үйдүн бар экендигинин) тилдик формага (сүйлөмгө) кантип айланары аныкталат. Мында тилден тышкаркы мазмун: чындык, тактап айтканда, адамдын өзүнө таандык үйү бар экендиги. Ал эми тилдик форма: бул тилде сөздөрдүн ара байланышы (аракеттешүүсү) аркылуу *менин үйүм бар* сүйлөмүнүн пайда болуусу, башкача айтканда, структуралык ономасиологиялык грамматика тилден тышкаркы мазмундун тилдик формага келүүсүн шарттайт.

4. Функционалдык-ономасиологиялык грамматиканын "тилдик система → кеп" принцибинин негизинде тилдик система аркылуу маалыматтын кепке айлануусу каралат. Мында тилдик система: сүйлөмдүн грамматикалык түзүлүшүн "менин" илик жөндөмөсүндөгү 1-жакты, "үйүм" – 1-жакка – мага таандык объектини, "бар" ээ болуу маанисин туюндурган этишти аныктайт. Кеп: аныкталган грамматикалык элементтер аркылуу адамдын өзүнө таандык үйү бар экендиги тууралуу маалымат жеткирилет. Ошентип, биринчи учурда сүйлөмдүн структурасы жана сөздөрдүн мааниси, экинчи учурда тилдик формалар аркылуу чындыкты туюндуруу, үчүнчү учурда үйдүн бар экендиги тууралуу чындыктын тилдик формага айлануусу аныкталса, төртүнчү учурда тилдик система аркылуу маалымат туюндурулат.

Лексикалык бирдиктердин өзгөчөлүктөрүн алардын түзүлүшүнүн, сөз жасоо потенциалынын жана атоо мүмкүнчүлүктөрүнүн негизинде аныктоо, конкреттүү тилдик белгини тандоо мотивациясын тактоо, бир аталаш менен чындыктагы ар

түрдүү объектилерди белгилөө, же тескерисинче, бир кубулушту же чындыкты ар түрдүү тилдик бирдиктер менен белгилөө мүмкүнчүлүгүн аныктоо, переценденттик атоо бирдиктерин номинативдик системада изилдөө – азыркы ономасиологиялык негизги тапшырмалары болуп саналат (Косых 2016, 112).

“Лексикалык бирдиктин жаралуу процесси, ал идеалдуу мазмундун үндүк көрүнүштө материалдашуусу, лексикалык бирдиктердин идеалдуу мазмуну үчүн мүнөздүү болгон типтүү мазмунду бекитүү” – ономасиологиянын объектиси болот (Торопцев 1970, 3).

Ономасиологиялык ыкмага тийиштүү концепцияларды изилдөө менен анын алкагында үч тенденцияны: структуралык, функционалдык жана структуралык-функционалдык тенденцияларды белгилөөгө болот. Структуралык тенденциянын өкүлдөрү Ф.Брюно жана Л.Вайсгербердин грамматикасы структуралык-ономасиологиялык, функционалдык тенденциянын өкүлү Г.Гийомдун грамматикасы функционалдык-ономасиологиялык, ал эми структуралык-функционалдык тенденциянын өкүлдөрү О.Есперсендин, Ш.Баллинин жана В. Матезиустун грамматикасы структуралык-ономасиологиялык гана эмес, функционалдык-ономасиологиялык да болуп саналат (Даниленко 2016, 110).

Ф.Брюнонун структуралык-ономасиологиялык грамматикасы автор тилдик мазмундук структасына тилдин ар түрдүү деңгээлдериндеги бирдиктерди киргизгендиги менен айырмаланат. Ага чейин салттуу ономасиологияда тилдин мазмундук структурасына бир гана деңгээлдеги бирдиктер киргизилген. Теориялык планда алганда ономасиологиялык ыкмада деңгээлдер аралык типтин аракетке келиши боюнча А.В. Бондарко жемиштүү изилдөө жараткан. Ал бир эле ономасиологиялык (семантикалык) категорияны туюндуруу үчүн сүйлөөчү кебинде тилдин ар түрдүү деңгээлдерине таандык бирдиктерди пайдалана алат, “конкреттүү кепте морфологиялык, синтаксистик, сөз жасоочу, лексикалык элементтер чырмалышып, өз ара аракетке келип, кептин мазмунун жаратат” – деген көз карашты тереңдетип далилдеген (Бондарко 1981, 493) А.В. Бондарконун пикирине ылайык, тилдик бирдиктер тилдин тигил же бул деңгээлине тийиштүүлүгүнө жараша функционалдык-семантикалык алкактын өзөк жана периферия деп аталган бөлүктөрүнө бөлүштүрүлөт. Өзөктө мүнөздүү белгилердин толук топтомун камтыган грамматикалык категориялар топтолот, перифериада

болсо, белгилердин толук топтомуна ээ боло албагандыктан, функционалдык жүгү азыраак болгон ФСА мүчөлөрү жайгашат. Ошентип, тилдик көрүнүштөрдү функционалдык грамматиканын негизинде изилдөө тилдик бирдиктерди функционалдык-семантикалык алкактарга (ФСА) бириктирүүгө мүмкүндүк берет.

Жалпылап айтканда, грамматикадагы семасиологиялык жана ономасиологиялык багыттардын өнүгүүсү бир кылка болгон эмес. Тилди изилдөөнүн баштапкы этаптарында семасиологиялык багыттын активдүү өнүгүп, ономасиологиялык багыттын кийинчерээк изилдене башташын мыйзам ченемдүү көрүнүш катары кабылдоо максатка ылайык. Анткен себеби, белгилүү бир тилдин мазмундук структурасын сыпаттоо үчүн анын (ошол тилдин) формалдуу структурасын аныктап алуу зарыл. Анткен себеби, формалдуу структуранын курамында мазмундук структуранын белгилери да камтылган. Барган сайын тереңдетилип, ар тараптуу жүргүзүлгөн изилдөөлөр тилдин ар түрдүү аспектиде аракеттенүүсүн жана анын функцияларын терең түшүнүүгө мүмкүндүк түзгөн.

### 2.3. Функционалдык-семантикалык алкак методу

Баарыбызга белгилүү болгондой, "тилдеги негизги деп эсептелген семантикалык категориялар универсалдуу болгону менен, универсалдуулук алардын бардыгында эмес, жалпы категорияларда байкалат. Мисал катары, аспектуалдык, модалдуулук, темпоралдык, таксис, белгилүү бир мезгилге тиешелүүлүк, белгилүүлүк/белгисиздик, сапаттуулук, сандык сапат, салыштырмалуулук, таандыктык, локативдүүлүк, шарттуулук ж.б. келтирүүгө болот" (Дербишева жана Сагынбаева 2017, 10). Тилдеги семантикалык категориялар тилдин номинация, предикация, локация функциялары боюнча биригет. Окумуштуулар З.К. Дербишева менен Б. Сагынбаеванын көз карашына таяна турган болсок, "дүйнөдөгү тилдердин бардыгы үчүн бул функциялар абдан маанилүү болуп саналат жана функционалдык-семантикалык категорияны изилдөө тилдерди тереңден өздөштүрүүдө өзгөчө орунда турат. Семантикалык категориялар ар кыл болгондуктан, алардын бири логикалык деңгээлде, дагы бири мазмундук деңгээлде, ал эми үчүнчүсү модалдык бирдиктер сапатында аракетке келет. Мисалы, мазмундук категория белгилүү бир тилдик каражаттарды жана моделдерди белгилөө, семантикалык функцияны аткаруу менен тыгыз байланышкан. Дал ушул категориялар жана функциялар функционалдык-

семантикалык алкак түшүнүгүнүн өзөгүн түзөт" (Дербишева жана Сагынбаева 2017, 13).

Азыркы тил илиминин негизги жоболорунун бири тилдин ишке ашуусун семантикалык система катары интерпретациялоого байланыштуу каралат. Тилдин ар кандай деңгээлдеринде комплекстүү талдоо бирдиги катары семантикалык алкак түшүнүгү суурулуп чыгат. Алкак теориясын изилдөөнүн тарыхы жана анын азыркы учурдагы абалы алкак түшүнүгүнүн маңызын, түзүлүшүн жана колдонулушун тереңирээк ачууга мүмкүндүк берет. Функционалдык-семантикалык алкак функционалдык грамматиканын негизги термини болуп эсептелет.

Тил илиминде алкак түшүнүгүнүн пайда болушу Ф. де Соссюрдун "тилдин маңыз-мааниси" тууралуу, В. фон. Гумбольдттун "тилдин ички түзүлүшү" тууралуу эмгектери менен байланыштуу (Мясникова 2008). Ал эми линвгвистикалык термин катары бул түшүнүк тил илимине алгачкы ирет 1924-жылы окумуштуу Г. Ипсен тарабынан киргизилген (Ipsen 1924). Окумуштуу алкак түшүнүгүн жалпы мааниге ээ сөздөрдүн жыйындысын түшүндүрүү үчүн колдонгон, башкача айтканда, Ипсен семантикалык алкак түшүнүгүн негиздеген.

Алкак түшүнүгүнүн лингвистика тармагында туруктуу термин катары калыптанышына чоң салым кошкон окумуштуулардын бири Й. Трир тилди өз алдынча жабык система катары белгилеп адамдын аң сезиминдеги түшүнүктөрдүн системасынан куралган дүйнөнү чагылдырарын белгилейт. Окумуштуунун пикири боюнча тил системасы *түшүнүктүк алкактан (begriffsfelder)* жана *сөздүк алкактан (wortfelder)* турат. Бул алкактардын ар бири өз ара сөздөр же түшүнүктөр сыяктуу бирдиктерге бөлүнөт жана ошол эле учурда алар бири бирин толуктап турат. Й. Трирдин концепциясы боюнча алкак бул түшүнүктүк жана сөздүк алкактардын өз ара катышынан түзүлгөн эң кичине өз алдынча тилдик бирдиктерди билдирет (Васильев 1971).

Кийинчирээк лингвистикадагы алкак түшүнүгү Р. Мейер, С. Д. Кацнельсон, Л. Вейсгербер, К. Ройнинг, В. Порциг, Ф. П. Филин, А. А. Уфимцева, О. Духачек, В. И. Кодухов, В. Г. Адмони, Г. С. Щур ж.б. окумуштуулар тарабынан кеңири изилденген.

Жогорудагы окумуштуулардын изилдөөлөрүнө көз чаптырсак алкак түшүнүгү тил илиминде эки аспектте каралып келет: 1) тил системасындагы феномен катары; 2) лингвистикалык изилдөө методу катары (Кадырова 2014).

Бул багыттагы алгачкы изилдөөлөрдө алкак түшүнүгү лингвистикалык ыкма катары каралып келген. Анын негизинде парадигматикалык алкак (Л. Вейсгербер, К. Ройнинг) жана синтагматикалык алкак (В.Порциг) түшүнүктөрү пайда болгон. Парадигматикалык алкак маанилик белгилери боюнча жалпылыкка ээ ар кандай лексикалык бирдиктерден турат. Бул алкакка сөздөрдүн лексикалык-семантикалык тобу (лексико-семантическая группа), синонимдер, антонимдер, сөз түркүмдөрү жана алардын грамматикалык категориялары кирет. Ал эми синтагматикалык алкак мааниси боюнча бири-бирине ылайык келген бирок, эч качан бир синтаксистик позицияда орун албаган сөздөрдөн турат. Синтагматикалык алкакты алгачкы болуп изилдеген В. Порциг буга зат атооч жана этиштин объекттик жана субъекттик катышын мисал келтирет. Кийинчирээк окумуштуу Г. Мюллер бул алкак үстүндө изилдөө жүргүзүп аны *сөздүк алкак (түшүнүктүк)* жана *тилдик (синтактисистик) алкак* деп экиге бөлүп караган (Васильев 1971).

Лингвистика илиминде алкак түшүнүгүнүн пайда болушунан тарта теория катары калыптанышына чейинки изилдөөлөрдү жана бул багытта окумуштуулардын концепцияларын кеңири баяндаган окумуштуу Г.С. Щур лингвистикада "алкак" сөзү менен төмөнкү сөз айкаштары кездешерин белгилейт: семантикалык алкак, функционалдык-семантикалык алкак, морфемалык алкак, сөз жасоочу алкак, микро жана макро алкак, көптүк сандын алкагы, модалдык алкак, убакыттын алкагы, жактык алкак, грамматикалык-лексикалык алкак ж.б. (Щур 1974, 22).

Алкакты түзүүдө маңызын аныктап гана тим болбостон, анын түзүлүшүн жана касиеттерин да түшүнүү маанилүү, анткен себеби, алар да тил илиминдеар түрдүү көз караштардын чегинде түшүндүрүлүп келет. Элементтеринин өз ара байланышы – алкактын жалпы касиети болуп саналат. Бирок, бул байланыштын табияты боюнча бирдиктүү көз караш жок. Айрым окумуштуулар аны семантикалык корреляциялар менен байланыштырышса (Б.Ю. Городецкий), айрымдары алкактын бардык сөздөрүндө жалпы компоненттин болушу менен байланыштырышат (Э. Косериу, Т.И. Вендина, Г.С. Щур, Ю.Д. Апресян, Ю.Н.

Караулов). “Семантикалык алкак жалпы бир семантикалык компонентке ээ болгон маанилердин жыйындысынан түзүлөт” (Апресян 1995, 251).

Алкактын ирettүүлүк, өз ара аныкталуучулук (өз ара алмаштыруучулук), толуктук сыяктуу касиеттери көпчүлүк лингвистер тарабынан бирдиктүү кабылданат (Й. Трир, Г. Гендлер, Г. Янсен, Е.Л. Кривченко). Алкактын мындай мүнөздөлүшү комплекстүү мүнөздөгү маанилүү касиеттердин бирин – семантикалык алкактын өз алдынчалыгын көрсөтүп турат (О.С. Ахманова, Р. Мутафчиев, П. Цумтор).

Алкак терминин түшүндүрүүдө анын түзүлүшүнө өзгөчө басым жасаган окумуштуу В. Г. Адмони лингвистикага бул сөздүн физика илиминен киргендигин белгилеп, андагы “грамматикалык категориянын өзөк жана периферияга бөлүнүшүн, бул бөлүктөрдүн өз ара байланышын жана алкак ичиндеги компоненттердин ар кандай деңгээлдеги катышын” далил катары келтирет (Адмони 1988, 77-78).

Окумуштуу О. Духачек лингвистикалык алкак иерархиялык структуралык бирдиктүүлүккө ээ жана белгилүү бир деңгээлде өз ара  катышы бар сөздөрдүн жыйындысы деп  түшүндүрөт: «Le champ linguistique es un ensemble de mots qui-etant lies les uns aux autres per certains rapports mutuels – forment une unite structurale hierarchisee».  (Douhachek 1967, 32).

О. Духачек өзгөчө семантикалык алкакка басым жасап, тилдеги ар бир сөз өзүнүн семантикалык түзүлүшүнө жана башка сөздөргө карата катышы боюнча белгилүү бир орунга ээ экендигин белгилейт. Окумуштуу сөз *форма* жана *маанинин* бирдиктүүлүгүн чагылдырат деген буга чейин калыптанган тезиске көңүл бурат. Анын пикирине ылайык бири-бири менен белгилүү жалпы түзүлүшү боюнча жана маанилик жактан жакындыгы боюнча байланышат. Мында сөздүн мааниси анын мазмундук негизин түзөт жана түшүнүктүк, эмоционалдык, экспрессивдүүлүк, грамматикалык жана стилистикалык сыяктуу экинчи даражадагы компонеттердин жыйындысы катары каралат. Бул тезистин негизинде О. Духачек лингвистикалык алкакты сөздүк жана түшүнүктүк деп экиге бөлүп изилдеген (Щур 1974, 36).

Кийинки изилдөөлөрдө алкак түшүнүгү *деңгээлдер арасы кубулуш (межуровневое явление)* катары каралып баштайт. Бул багыттагы алгачкы изилдөөлөр Ф. Брюно жана О. Эсперсенге таандык. Бирок, алардын эмгектеринде алкак термини колдонулган эмес. Ал эми Л. Вайсгербер ар башка тилдерде аспектуалдуулук

кубулушун туюндурган түрдүү бирдиктерди изилдөө менен алкак түшүнүгүнүн денгээлдер арасы кубулуш катары калыптанышына негиз салган (Щур 1974, 64). Л.Вайсгербер тилдик (сөздүк) алкактарды бир катмарлуу жана көп катмарлуу деп ажыратат. Бир катмарлуу алкак бир көз караш менен шартталып, бирдиктүү бир белгиге, аспектке таянат. Ал эми көп катмарлуу алкак ар кандай көз караштарга таянат, бирок ошол эле учурда, таяныч "өзөк" мааниге басым жасайт.

Алкак түшүнүгү бир маанини туюндурган тилдин ар кандай деңгээлине таандык каражаттардын жыйындысы катары изилденген эмгектер арбын. Бул багытта терең изилдөө жүргүзгөн окумуштуулардын бири болуп орус тилинин функционалдык грамматикасынын негиздөөчүсү катары белгилүү  А. В. Бондарко саналат. Ал фунционалдык-семантикалык алкак түшүнүгүн тил илимине киргизген. Окумуштуу алгач "функционалдык-семантикалык категория" терминин колдонуп келген, бирок аны кийин "функционалдык-семантикалык алкак" терминине алмаштырган. Тилчи-окумуштуунун пикири боюнча, функционалдык-семантикалык алкак терминине байланыштуу мейкиндик идеясы каралып жаткан системалардын түзүлүшүн так чагылдырууга мүмкүндүк берет.  Ошентип, А.В. Бондарконун концепциясы боюнча ФСА – белгилүү бир семантикалык категорияны туюндуруу үчүн колдонулган ар кандай (морфологиялык, синтаксистик, лексикалык жана грамматикалык, лексикалык) тилдик бирдиктердин системасы (Бондарко 2011, 25-27).

Функционалдык-семантикалык алкакты (ФСА) түзүү – функционалдык грамматиканын негизги принциби болуп саналат. ФСА үч деңгээлди камтыган иерархиялык системаны түшүндүрөт: 1) ФСАнын топтору; 2) ФСА комплекстери 3) өзүнчө ФСА. ФСАны аныктоодо грамматикалык категория жана ага тийиштүү формалдуу (баарынан мурда морфологиялык) каражаттардын топтому негизги орунда турат.

А.В. Бондарко ФСАнын төрт тобун аныктайт: 1) акционалдык өзөк менен 2) предметтик өзөк менен; 3) квалитативдик-квантитативдик өзөк менен 4) жагдайлык өзөк менен. Көрүнүп тургандай, ФСАнын топтору жалпысынан  маани берүүчү төрт сөз түркүмүнө: этишке, зат атоочко, сын атоочко, тактоочко шайкеш келет. Тилекке каршы, бул учурда байламталар, бөлүкчөлөр сыяктуу кызматчы сөз

түркүмдөрүнүн семантикалык белгилерине көңүл бурулбай калат (Киклевич 2008, 126).

А.В. Бондарконун аныктамасы боюнча ФСАнын системалык байланыштарын жана өз ара аракеттешүүсүн ачып көрсөтүү – функционалдык грамматиканын негизги милдеттеринин бири болуп саналат. Моно жана полиборбордук ФСА ажыратууга болот: моноборбордук ФСАнын өзөгүн белгилүү бир туруктуу грамматикалык категория, мисалы, түр категориясы түзөт. Ал эми полиборбордук ФСАда бир нече грамматикалык категория болот. Буга мисал катары сан категориясына, ошондой эле сан атоочтордун грамматикалык классына, сандык-атоочтук айкалышка жана башкаларга таянган сандык алкакты келтирүүгө болот. ФСАга конкреттүү эки милдет жүктөлөт:

- белгилүү бир ойду туюндуруу каражаттарын сыпаттоо;
- алкактын түзүлүшүн, башкача айтканда, өзөктүн жана жакынкы алкактын элементтерин аныктоо.

ФСАнын түзүлүшү мазмун жана туюнтуу пландарынын катышын өз ичине камтыйт. ФСАнын мазмундук планы – ошол алкактын өзөгүндө жаткан семантикалык категориянын варианттарынын тилдик интерпретациясы болуп саналат. Ал эми туюнтуу планы ошол алкакка байланыштуу функцияларды ишке ашыруу үчүн кызмат кылган формалдуу каражаттардын (морфологиялык, синтаксистик, лексикалык) комплексин камтыйт.

ФСАнын эки негизги тибин бөлүп көрсөтүүгө болот: моноборбордук алкак жана полиборбордук алкак. Моноборбордук алкакта өзөк так аныкталган, алар грамматикалык категорияга таянат. Мисалы, темпоралдык алкак (борбору – чак категориясы), модалдуулук алкагы (борбору – ыңгай категориясы) ж.б. Полиборбордук алкак формалардын бирдиктүү системаны түзбөгөн ар кандай тилдик каражаттардын (морфологиялык, синтаксистик, лексика-грамматикалык, лексикалык ж.б.) жыйындысына таянат. Полиборбордук алкакка таксисти, субъективдүүлүк/объективдүүлүк ж.б. кошууга болот.

ФСА өзөк мейкиндик алкакты, жан мейкиндик алкакты, жакынкы жана алыскы мейкиндик алкакты камтыйт. Өзөк алкактын ролун морфологиялык категория

аткарат. Өзөк алкак жок учурда анын ордун “белгилүү бир морфологиялык категориянын компоненти болгон граммемалар ээлей алат” (Жакакова 2018, 23).

Жан мейкиндик алкакта өзөк алкакта жайгашкан тилдик каражаттарга караганда сейрек колдонулган, талдоого алынып жаткан маанини туюндурууда негизги катары эсептелинбеген тилдик каражаттар жайгашат.

Жакынкы мейкиндик алкакта грамматикалык деңгээлге жете бербеген тилдик каражаттар, талдоого алынып жаткан маанини туюндурууда кошумча каражат катары колдонулган тилдик бирдиктер орун алат.

Ал эми алыскы мейкиндик алкакта талданып жаткан маанини уюштурууда сейрек пайдаланылган, болгону деталдаштыруу, тактоо, конкреттештирүү функциясын аткарган “бошоң” тилдик каражаттар жайгашат.

Алкактардын чегин кескин ажыратып, так бөлүүгө болбойт, анткен себеби алардын чеги менен каражаттары алмаша берет.

Ошентип, алкак түшүнүгүнүн теориясы узак мезгилдер бою иликтөөгө алынып, бул боюнча ар тараптуу изилдөө иштери жүргүзүлгөндүгү чындык болгону менен бүгүнкү күндө деле аны оптималдуу интерпретациялоо, изилдөө чектерин дагы да тереңдетүү иштери уланууда. Бул жагдай алкакты тил теориясынын маанилүү жана актуалдуу маселеси катары кабылдоо жана изилдөө зарылдыгын көрсөтүп турат.

## ҮЧҮНЧҮ БӨЛҮМ

## ТААНДЫК МААНИНИН ФУНКЦИОНАЛДЫК-СЕМАНТИКАЛЫК АЛКАГЫ

### 3.1. Таандык маанинин тарыхый өнүгүүсү

Түрк тилдеринде таандык маанини туюндуруучу тилдик каражаттар, б.а. таандык мүчөлөр байыркы мезгилде эле колдонулгандыгы белгилүү. Таандык мүчөлөрдүн байыркы доордо эле түрк тилдеринде колдонулуп келгендигинин алгачкы далили болуп IV-кылымга таандык кытай жылнаамасында сакталып калган хундардын тилинде жазылган жазуу эсептелет. Орус синологу В. П. Васильев бул жазууну *сю чжи тилэй гян пугу тугоудан* түрүндө транскрипциялап, ал эми белгилүү түрколог В.В. Радлов бул жазууну *süsi sülagan pugu tutkan (аскери чыгат, Пугу туткунга түшөт)* түрүндө Орхон-Енисей жазуусу аркылуу чечмелеген. Бул жазуудагы “*süsi (аскер)”* сөзү зат атооч, *si* таандык мүчө экендиги Орхон-Энесай жазуулары аркылуу аныкталган (Тенишев 1988, 23).

Түрк тилдеринде таандык мүчөлөрдүн келип чыгышы тартыш маселелердин бири. А. М. Щербак, түрк тилдеринде таандык мүчөлөр затты аныктоочу (предикаттык) өзгөчөлүгүнөн, ал эми бул өзгөчөлүктөрдүн жактама жана жактама+шилтеме ат атоочтордун функцияларынан келип чыккандыгын белгилейт. (Щербак 1977, 76). Анын пикири боюнча таандык мүчөлөрдүн алгачкы системасы төмөнкүдөй түзүлүшкө ээ:

**Таблица 3.1.** А. М. Щербак боюнча таандык мүчөлөрдүн алгачкы формасы

| | **Жекелик сан** | **Көптүк сан** |
|---|---|---|
| **I-жак** | +м<мен | +быз ~ + мыз < +биз < пис |
| **II-жак** | +ң<сен | +ңыз < сиз < сис |
| **III-жак** | +ы (н) ~ + и (н) < + ын ~ + ин | |

А.М.Щербактын пикирине таянсак таандык маанини камтыган баардык конструкциялар “*мен-адам-мен”, “биз-адам-биз”* түрүндө түзүлгөн жана бул формага илик жөндөмө мүчөсүнүн жалганышы аркылуу таандык мүчөлөр келип чыккан. Тактап айтканда жактама ат атоочтордун кайталанышы предикаттык байланышты түзүүчү функцияны аткарган (Серебренников жана Гаджиева 1979, 98).

Таандык мүчөлөрдүн ат атоочтордон келип чыккандыгын А. М. Щербактан башка Кононов (Кононов 1960, 87), Рамстедт (Рамстедт 1957, 71-72), Котвич (Котвич 1962, 167) сыяктуу окумуштуулар билдиришкен (Тенишев 1988, 23). Бирок түрк тилдеринде биринчи жактын жекелик сандагы формасы түрк тилдеринде *мен, ман, мин, бен* түрүндө кездешет жана *м* тыбышынын *б* тыбышына алмашуусу жогорудагы пикирге каршы келет.

Окумуштуулар В. А. Серебренников жана Н. З. Гаджиева А.М.Щербактын пикирин четке кагышып, таандык мүчөлөр илик жөндөмө мүчөсүнөн мурун пайда болгондугун билдиришет. Алардын көз карашы боюнча таандык маанинин эки зат атоочтун жөнөкөй катар жайгашуусу аркылуу туюндурулушу бир заттын жанында же жакынында жайгашкан зат ошол затка таандык деген түшүнүккө ээ болгон байыркы адамдын ой жүгүртүүсүнүн өзгөчөлүгүн чагылдырып тургандай. Андыктан алар “таандыктык түшүнүгү мейкиндик катышына карата жаңыча ой жүгүртүүнүн негизинде пайда болгон” деген оюн билдиришкен (Серебренников жана Гаджиева 1979, 78). Демек окумуштуулардын пикиринде түрк тилдеринде таандык мүчөлөр мейкиндик билдирүүчү кээ бир сөздөрдөн келип чыккан жана таандык-мейкиндик байланышынын жаңыча мааниге ээ болушунун натыйжасында (жакынкы мейкиндиктеги зат “меники”, алыста жайгашкан зат “меники эмес”, “атым” -“мага эң жакын жайгашкан ат” сыяктуу) калыптанган (Серебренников жана Гаджиева 1979, 99).

Таандык маанини туюндурган тилдик бирдиктерди талдоо, таандык мүчөлөрдүн келип чыгышын аныктоо үчүн алгач бул каражаттардын байыркы формаларын аныктоо, тарыхый өнүгүү этаптарын белгилөө максатка ылайык. Төмөндө таандык мүчөлөрдүн Орхон-Энесай жазууларынан тарты бүгүнкү күнгө чейин түрк тилдеринде колдонулган түзүлүштөрүн аныктадык.

### 3.1.1. Байыркы түрк тилиндеги таандык мүчөлөр

Түрк тилинин алгачкы жазма булактары Орхон-Энесай жазма эстеликтери болуп эсептелет. Андыктан окумуштуулар, түркологдор жалпы түрк тилдерин тарыхын, тарыхый грамматикасын изилдөөдө Орхон-Жазма эстеликтери негизги булак болуп саналат. Орхон жазма эстеликтеринин грамматикасын изилдеген окумуштуу Талат Текин аталган тексттерде таандык маани зат атоочторго ээлик кылган жакты

билдирген таандык мүчөлөр жалгангандыгын белгилеп төмөнкү формаларын көрсөтөт (Текин 2003, 102).

**Таблица 3.2.** Байыркы түрк тилинде таандык мүчөлөр.

| | Жекелик сан | Көптүк сан |
|---|---|---|
| **I-жак** | +(Ы)м | +(Ы)мыз |
| **II-жак** | +(Ы)ң, +(Ы)г | +(Ы)ңЫз, +(Ы)гЫз |
| **III-жак** | +(с)Ы | +Ы, +(с)Ы |

**Жекелик сандагы жакчыл таандык мүчөлөр:**

1-жак мүчөлөрү: +(Ы)м (+м; +ым, +им, +ум, +үм); *иши+м: аялым (менин аялым, жубайым), саб+ы+м:сөзүм (менин сөзүм)* (ОЭЖ 97).

2-жак мүчөлөрү: +(Ы)ң (+ң; +ың, +иң, +уң, +үң), +(Ы)г (+г; +ыг, +иг, +уг, +үг); *иши+ң*: *аялың, саб+ы+ң:сөзүң* (ОЭЖ, 97).

3-жак мүчөлөрү: +(с)Ы (+ы, +и; +сы, +си); *иши+си*: *аялы, саб+ы: сөзү* (ОА 97-бет).

**Көптүк сандагы жакчыл таандык мүчөлөр:**

1-жак көптүн сан +(Ы)мыз (+мыз, +миз, +муз, +мүз; +ымыз, +имиз, +умуз, +үмүз); +(Ы)мыз; *иши+миз: аялдарыбыз* (ОЭЖ, 97), *саб+ы+мыз: сөзүбүз* (ОЭЖ, 20), улуш+у+муз "элибиз".

2-жак көптүк сан +(Ы)ңыз (+ңыз, +ңиз, +уңуз, +үңүз; +ыңыз, +иңиз, +уңуз, +үңүз); *иши+ңиз: аялдарыңар, баркы+ңыз: үйүңөр, бөлүн+ү+ңүз: вазириңер* (ОЭЖ, 97-87).

3-жак көптүк сан +лАрЫI (+лери, +лары); *иши+лери: алардын аялдары* (ОЭЖ, 97), *өз+лери*: *өздөрү*.

### 3.1.2. Орто кылымдагы түрк тилдеринде колдонулган таандык мүчөлөр

#### 3.1.2.1 Караханий түркчөсүдөгү таандык мүчөлөр

Караханиддер доорунда таандык мүчөлөр эриндүү жана ачык үндүүлөрдүн катышы менен үндөшүү мыйзамына баш ийген. А. Б. Эржиласун Караханий түркчөсүндө колдонулган таандык мүчөлөрдү төмөнкүдөй берет.

**Таблица 3.3.** Караханий түркчөсүндөгү таандык мүчөлөр

| | Жекелик сан | Көптүк сан |
|---|---|---|
| **I-жак** | +(Ы)м | +(Ы)мыз |
| **II-жак** | +(Ы)ң | +(Ы)ңЫз |
| **III-жак** | +(с)Ы | +лАрЫ |

Жекелик сандагы таандык мүчөлөр:

1-жак: (Ы)м мүчөсү (+м; +ым, +им, +ум, +үм). Мисалдар: *сөз+ү+м: сөзүм, кут+у+м:бакытым* .

2-жак: (Ы)ң мүчөсү (+ң; +ың, +иң, +уң, +үң), (Ы)г мүчөсү (+г; +ыг, +иг, +уг, +үг). Мисалдар: *йол+у+ң: жолуң, баш+ы+ң, көңлүң: көңүлүң.*

3-жак: (с)Ы мүчөсү (+ы, +и; +сы, +си); *сү+си: аскери, сөз+ү.*

Көптүк сандагы таандык мүчөлөр:

1-жак: +(Ы)мыз (+мыз, +миз, +муз, +мүз; +ымыз, +имиз, +умуз, +үмүз); *көңлү-мүз;*

2-жак: +(Ы)ңыз (+ңыз, +ңиз, +уңуз, +үңүз; +ыңыз, +иңиз, +уңуз, +үңүз); *көзү-ңүз.*

3-жак: +лАрЫ (+лары, +лери); иш+лери: иштери*, аш+лары: тамактары* (Эржиласун 2004, 352).

### 3.1.2.2. Хорезм түркчөсүндөгү таандык мүчөлөр

Бул доордо таандык мүчөлөр өзгөрүүгө учурап баштаган. Үнсүз менен аяктаган зат атоочтордо кошумча үндүү эринчил болгон учурда да, ачык болгон учурда да таандык мүчөдө кууш үндүү колдонулган.

**Таблица 3.4.** Хорезм түркчөсүндөгү таандык мүчөлөр

| | Жекелик сан | Көптүк сан |
|---|---|---|
| **I-жак** | +(Ы/У)м | +(Ы)мыз (+имиз, умиз, үмиз) |
| **II-жак** | +(Ы/У)ң | +(Ы)ңЫз |
| **III-жак** | +(Ы)/ +(с) | +лАрЫ |

Жекелик сандагы таандык мүчөлөр

1-жак: +(Ы)м (+ым, +им, +ум, +үм); *эли+г+им: колум, йүз+үм: жүзүм.*

2-жак: +(Ы)ң (+ың, +иң, +уң, +үң); *баш+ы+ң: башың, сөz+ү+ң: сөзүң.*

3-жак: +(с)Ы (+ы, +и; +сы, +си); *көзгү+с+и, адак+ы: буту.*

Көптүк сандагы таандык мүчөлөр:

1-жак: +(Ы)мЫз (+быз, +биз, +буз, +бүз*); өзүбүз: өзүбүз.*

2-жак: +(Ы)ңыз (+ыңар, +иңер, +уңар, +үңөр); *Ата+ңыз: атаңар,*

3-жак: лАрЫ (+лары, +лери); *ат+лары, ев+лери.*

Хорезм дооруна тиешелүү таандык мүчөлөрдөгү дагы бир өзгөчөлүк p (п), w (в), m (м), b (б) эринчил үнсүздөр менен аяктаган сөздөргө таандык мүчө эриндүү үндүү

менен жалганган. Мисалы: *ev+ü+ng [эвүң]: үйүң, tab-u+ng [табуң]:* жаратылышың (Yıldırım 2023, 33).

#### 3.1.2.3. Чагатай түркчөсүндөгү таандык мүчөлөр

**Таблица 3.5.** Чагатай тилиндеги таандык мүчөлөр

| | Жекелик сан | Көптүк сан |
|---|---|---|
| **I-жак** | +(Ы/У)м<br>*Ата-м: атам*<br>*Көзгү+м: күзгүм* | +(Ы)мыз (+имиз, умиз, үмиз)<br>*Ата-мыз: атабыз*<br>*Көз-ү-миз: көзүбүз* |
| **II-жак** | +(Ы/У)нг<br>*Ата+нг: атаң,*<br>*тил+и+нг: тил+и+ң* | +(Ы)ңЫз, +ңгиз, +ңгыз,+ыңгыз, +иңгиз, +уңгыз, +үңгиз<br>*Ата-ңгыз: атаңыз*<br>*Чериг-и-ңгиз: аскериңиз* |
| **III-жак** | +(Ы)/ +с (Ы)<br>*Көз-и: көзү, Ок-ы: огу,*<br>*Көзгү-си: күзгү+сү* | +(Ы)лАрЫ<br>*Дост+лары: достору*<br>*Көнгүллери: көңүлдөрү* |

Чагатай түркчөсүндө харезм түркчөсүндөгү өзгөрүлөр учурабайт. Бул жагынан чагатай түркчөсүндөгү таандык мүчөлөрдүн форма байыркы түркчөдөгү мүчөлөргө жакын келет.

#### 3.1.2.4. Кыпчак түркчөсүндөгү таандык мүчөлөр

Караманлыоглу кыпчак түркчөсүндө таандык мүчөлөрдүн калыптанып калган формалары менен бирге мүчөдөгү же кошумча үндүүлөрдүн өзгөрүүгө учурап эриндүү үндүүгө айланган учурлары кездешерин белгилейт (Karamanlıoğlu 1994:60). Кыпчак түркчөсүндө таандык мүчөлөрдүн парадигмасы төмөнкүдөй болгон.

**Таблица 3.6.** Кыпчак тилиндеги таандык мүчөлөр

| | Жекелик сан | Көптүк сан |
|---|---|---|
| **I-жак** | +(Ы/У)м<br>Баш+ы+м: баш+ы+м<br>*Эл+и+м: колум*<br>*Карындаш+у+м: карындашым* | +(Ы)мыз (+имиз, умиз, үмиз)<br>*Көз+ү+муз: көз+ү+бүз*<br>*Жан+ы+муз: жаныбыз* |
| **II-жак** | +(Ы/У)ңг<br>*Баш+ы+ңг: башың*<br>*Карындаш+ун: карындашың* | +(Ы)ңЫз, +ңгиз, +ңгыз,+ыңгыз, +иңгиз, +уңгыз, +үңгиз<br>*Баш+ы+ңгыз: башыңыз* |
| **III-жак** | +(Ы)/ +с (Ы)<br>Сөз+и: сөзү<br>*Ата+сы: ата+сы* | +(Ы)лАрЫ<br>Иш+лери: иш+тери<br>Бармак+лары: бармак+тары |

### 3.1.2.5. Байыркы Анадолу түркчөсүндө таандык мүчөлөр

Анадолу түркчөсү азыркы батыш түрк мамлекеттери жайгашкан географиялык чөлкөмдө 13-кылымдан тарта колдонулган түрк элдеринин тили. Окумуштуу М. Өзкан анадолу түркчөсүндө таандык мүчөлөрдүн негизги өзгөчөлүгү жекелик жана көптүк сандагы биринчи жана экинчи жактын формалары ар дайым эриндүү үндүүлөр менен уюшулат. Ал эми үчүнчү жактын жекелик жана көптүк сандагы таандык мүчөлөрү ачык үндүүлөр менен берилет (Özkan 2000, 111).

**Таблица 3.7.** Байыркы Анадолу түркчөсүндө таандык мүчөлөр

| | Жекелик сан | Көптүк сан |
|---|---|---|
| **I-жак** | +(У)м<br>*Ата+м: атам, ад+у+м: атым*<br>*Дил+ү+м: тилим* | +(У) муз<br>*Ата+муз: атабыз*<br>*Аду+муз: атыбыз* |
| **II-жак** | +(У)ңг<br>*Ата+ң: атаң, ад+у+ң: атың*<br>*Дил+ү+ң: тилиң* | +(У)ңУз<br>*Ата+ңуз: атаңыз*<br>*Ады+ңуз: атыңыз* |
| **III-жак** | +(с) Ы<br>Ад+ы: ат+ы | +лАрЫ<br>*Ата+лары: аталары*<br>*Ад+лары: аттары* |

Жогоруда көрүнүп тургандай, эски анадолу түркчөсүнүн башка түрк тилдеринен негизги айырмасы, үндүү менен аяктаган сөздөрдө таандык мүчө ар дайым эриндүү менен берилген.

### 3.1.3. Азыркы түрк тилинде таандык мүчөлөр

Азыркы түрк тилинде таандык мүчөлөр эриндүү жана ачык үндүүлөр менен берилет. Жекелик сандагы үчүнчү жактын таандык мүчөсү үндөшүү уюмуна баш ийет.

Жекелик сандагы жакчыл таандык мүчөлөр

1-жак: +(Ы)м (+м; +ым, +им, +ум, +үм); *араба+м: унаа+м, эв+и+м: үй+үм.*

2-жак: +(ы)н (+н; +ын, +ин, +ун, +үн); *көй+ү+н: айыл+ы+ң*

3-жак: +(с)ы (+ы, +и, +у, +ү; +сы, +си, +су, +сү); *эв+и*: *үй+ү*.

Көптүк сандагы жакчыл таандык мүчөлөр:

1-жак:+(ы)мЫз (+мыз, +миз, +муз, +мүз; +ымыз, +имиз, +умуз, +үмүз); *окул-умуз: мектебибиз.*

2-жак: +(Ы)нЫз(+ныз, +низ, +нуз, +нүз; +ыныз, +иниз, +унуз, +үнүз);

3-жак: +лАры (+лери, +лары);

### 3.1.4. Кыргыз тилинде таандык мүчөлөр

Кыргыз тилинде башка түрк тилдеринен айырмаланып таандык мүчөлөрдүн үндөшүү мыйзамына ылайык өзгөрүүсү кескин байкалат. Башка байыркы жана азыркы түрк тилдеринде үндөшүү мыйзамына ылайык таандык мүчөлөрдөгү үндүүлөр негизинен биринчи жана экинчи жакта гана өзгөрсө, кыргыз жана түрк тилинде үчүнчү жактын таандык мүчөлөрү жекелик жана көптүк санда үндөшүү мыйзамы боюнча кеңири өзгөрөт.

Жекелик сандагы таандык мүчөлөр:

1-жак: +(Ы)м (+м; +ым, +им, +ум, +үм); *ата+м, ат+ы+м, уул+у+м.*

2-жак: +(Ы)ң (+ң; +ың, +иң, +уң, +үң); *ата+ң, эл+и+ң, үй+ү+ң.*

3-жак: +(с)Ы (+ы, +и, +у, +ү; +сы, +си, +су, +сү); *ата+сы, үй+ү, аш+ы.*

Көптүк сандагы таандык мүчөлөр:

1-жак: +(Ы)бЫз (+быз, +биз, +буз, +бүз; +ыбыз, +ибиз, +убуз, +үбүз); *ата+быз, тил+и+биз, боо+буз, көз+ү+бүз.*

2-жак: +(Ы)ңАр (+ңар, +ңер, +ңор, +ңөр; +ыңар, +иңер, +уңар, +үңөр); *ата+ңар, кол+у+ңар, сөз+ү+ңөр.*

3-жак: +лАрЫ~+ДАрЫ (+лары, +лери, +лору, +лөрү; +дары, +дери, +дору, +дөрү; +тары, +тери, +тору, +төрү); *ата+лары, тоо+лору, кыз+дары, жол+дору, иш+тери.*

Жогоруда байыркы доордон азыркы доорго чейинки, жана азыркы учурдагы кээ бир түрк тилдеринде таандык мүчөлөрдүн грамматикалык өзгөчөлүктөрү, окшоштуктары жана айырмачылыктары изилденип, анализделди. Жыйынтыктап айтканда түрк тилдеринде таандык маани жалпысынан жекелик жана көптүк сандагы биринчи, экинчи жана үчүнчү жакта турган зат атоочторго атайын таандык мүчөлөрдүн жалганышы аркылуу туюндурулат. Бул мүчөлөр түрк тилдеринде жалпы принциптерге негизделгени менен, ар кайсы доорлордо жана тилдерде айрым фонетикалык жана морфологиялык өзгөчөлүктөр менен айырмаланат.

1. Биринчи жактын жекелик сандагы таандык мүчөсү (+м):

Бул мүчө бардык байыркы жана азыркы түрк тилдеринде жалпылыкка ээ. Эгерде сөз үнсүз тыбыш менен аяктаса, мүчөгө кошумча үндүү кошулат. Бул кошумча үндүүлөр Эски түркчөдө, Караханий, Харезм, азыркы түрк жана кыргыз тилдеринде -ы, -и, -у, -ү формаларында кездешет.

2. Экинчи жактын жекелик сандагы таандык мүчөсү (+ŋ):

Бул мүчө түрк тилдеринин көбүндө “+ŋ” түрүндө болсо, азыркы түрк тилинде "н" тыбышы менен берилет. Кошумча үндүүлөрдүн колдонулушу биринчи жактан айырмаланбайт.

3. Үчүнчү жактын жекелик сандагы таандык мүчөсү (+ы, +и, +у, +ү+сы / +си / +су / +сү). Бул мүчө азыркы кыргыз жана түрк тилинде үндүлөрдүн үндөшүү мыйзамына ылайык төрт түрдө (ы, и, у, ү) колдонулат. Эски түркчө, Орто түркчө, Өзбек жана Казак тилдеринде негизинен +ы, +и; +сы, +си түрүндө кездешет.

4. Биринчи жактын көптүк сандагы таандык мүчөсү: түрк тилдеринин басымдуу бөлүгүндө (түрк, казак, өзбек ж.б.) бул мүчө +(Ы)мыз түрүндө колдонулат. Кыргыз тилинде бул мүчө +(ы)быз түрүндө кездешет. Үндөшүү мыйзамына ылайык, +(ы)мыз, +(и) миз, +(у)муз, +(ү)мүз болуп өзгөрөт.

5. Экинчи жактын көптүк сандагы таандык мүчөсү байыркы жана азыркы түрк тилдеринин көбүндө +(ы)ңыз түрүндө кездешет. Ал эми кыргыз тилинде бул мүчө жалганган +(ы)ңар, +(ы)ңыз түрүндө кездешет. +(ы)ңыз мүчөсүнүн аягындагы -ыз көптүктүн байыркы мүчөсү, биринчи элементи -ыб жекелик сандагы биринчи жактын таандык мүчөсүнүн тыбыштык жагынан өзгөргөн формасы (м>б) болуп саналат. Ал эми *+ы(ңар)* мүчөсүнүн *ың*—экинчи жактын жекелик түрүнүн мүчөсү, *-ар* (д) ар — көптүктүн мүчөсүнөн келип чыккан.

6. Үчүнчү жактын көптүк түрүнүн таандык мүчөсү байыркы жана азыркы түрк тилдеринде жалпысынан –ларЫ, +Лери түрүндө кездешет. Ал эми кыргыз тилинде үндөшүү мыйзамына ылайык 12 түрдүү өзгөрөт.

7. Орхон-Энесай жазма эстеликтеринде экинчи жактын мүчөсү жекелик жана көптүк санда +ыг, +ыгыз формасы болгон. Кийинки доордогу түрк тилдеринде бул форма колдонулган эмес. Харезм түркчөсүндө акыркы үндүү эриндүү менен аяктаган учурда таандык мүчөдөгү же жардамчы мүчөдөгү үндүү ачык болуп

колдонулган учурлар кездешет. Мисалы, *көзгү+си.* Бул көрүнүш азыркы казак жана өзбек тилдеринде сакталып калган.

8.Түрк тилдеринин батыш тобунда экинчи жактын жекелик сандагы мүчөсүндөгү "ң" тыбышы "н" тыбышына алмашкан.

9. Түрк тилдеринде жак мүчө уланган зат атоочтун акыркы муундагы үндүү тыбышынын түшүп калуу кубулушу бар (мисалы: түрк тилинде омуз → омзум (ийин), karın → karnım (курсак), кыргыз тилинде моюн → мойну, мурун → мурду ж.б.).

10. Түрк жана кыргыз тилдеринде айрым катуу үндүүлөр менен аяктаган сөздөр таандык мүчө кошулганда жумшарып айтылат. Бирок түрк тилинде к-г, т-д, ч-ж, п-болуп төрт үнсүз тыбыш өзгөрүүгө учураса, кыргыз тилинде бул көрүнүш к-г жана п-б үнсүздөрүндө гана кездешет. Мисалы: түрк. *kanat→ kanadı, köpek→ köpeği;* кырг. *бешик → бешигим, китеп → китебим.*

Жогоруда баяндалган изилдөө жана маалыматтар таандыкдык түшүнүгүнүн жана аны туюндурган каражаттардын түрк тилдеринде байыркы доордон бери эле бар экендигин тастыктайт. Жакчыл таандык мүчөлөр түрк тилдеринде таандык маанини билдирүүчү негизги тилдик каражат болгон. Түрк тилдеринин өнүгүү этабында таандык мүчөлөрдүн белгилүү өзгөрүүлөргө дуушар болгону белгилүү болсо да, жалпы жонунан таандык мүчөлөрдүн парадигмасы баардык түрк тилдеринде дээрлик окшош деп айтууга болот.

### 3.2. Таандык маани жана анын уюшулуу жолдору

Тандык категориясы – ар кандай тартиптеги жана деңгээлдеги өз ара аракеттешүүчү тилдик каражаттардын негизинде түзүлгөн функционалдык-семантикалык алкак болуп саналат. Аны түзүүгө морфологиялык, синтаксистик, сөз жасоо, лексика-грамматикалык, лексикалык каражаттар жана алардын түрдүү айкалыштары кирет, алар семантикалык функциялардын жалпылыгы менен бириктирилет. Таандыктык алкагы ар бир тилде бар, башкача айтканда, бардык тилдерде өз ара аракеттешүү менен таандык маанини туюндурган тилдик каражаттар орун алган.

Таандык сөзү таан+лык морфемаларынан келип чыккан. Таандык сөзүнүн "таан" деген уңгусу *мага тең, сага тең, тең ал* сыяктуу учурда колдонулган "тең" сөзүнүн

өзгөргөн варианты болуп, “*тең”* уңгусу кыргыз тилинде созулма үндүү менен айтылып, -лык мүчөсү уланып, *таандык* сөзүнүн келип чыгышына негиз болгон (Сейдакматов 1988, 210).

К.К. Юдахиндиндин “Кыргызча-орусча сөздүгүндө” “тен” сөзүнүн эки мааниде колдонулары белгиленип, 1-мааниси “тело” түшүнүгүнө туура келет. Ал эми 2-маанисине токтоло турган болсок, сөздүктө “тен” сөзү өз алдынча колдонулбагандыгы жана “таандык” (принадлежащий), “тийиштүү” (относящийся) деген маанилерди түшүндүрүүчү сөз экендиги белгиленген. Бул маани *“тен ал – принять на себя, взять на себя, признать; мага тен – (это) принадлежить мне; бизге тен – к нам относится, нам принадлежить”* деген мисалдар аркылуу бекемделген (Юдахин 1985, 224).

Ал эми Ж.Мукамбаевдин “Диалектологиялык сөздүгүнөн” уччул “ә” тыбышы менен берилген *(пам, лейл) тен* деген сөздү кезиктирүүгө болот. Диалектологиялык сөздүктөгү бул сөз адабий тилдеги “таан” сөзү менен маанилеш болуп, “үлүш, энчи, бөлүк” түшүнүктөрүн билдирет (Мукамбаев 2009, 879).

Ошентип, *таандык* сөзүнүн уңгусу катары каралып жаткан *таан* жана *тен* сөздөрүнүн мааниси сөздүктөрдө “үлүш” жана “тийиштүү” катары чечмеленип, бул сөздөрдүн иранизм экендиги белгиленген.

Жогоруда көрсөтүлгөн эки сөзгө “тийиштүүлүк, тиешелүүлүк, таандык болуу” сөздөрү маани жагынан жакын болуп, кептеги мазмуну боюнча шайкештикти жаратат.

Кыргыз тилиндеги таандык сөзү – түрк тилиндеги “ait (lik)” – тийиштүү, байланыштуу, тиешелүү, орус тилиндеги “принадлежность” – таандык, тиешелүү, бар болуу, англис тилиндеги “belong, possession” – таандык болуу, тиешелүү болуу, менчик,ээлик кылуу сөздөрүнө маанилеш болуп саналат. “Кыргыз тилинин сөздүгүндө” *таандык* сөзүнө “бирөөгө же бир нерсеге тиешелүүлүк, тиешеси бар экендик” деген аныктама берилген (Акматалиев 2019, 435).

Түрк тил илиминде таандык маанини туюндурунун негизги үч жолу каралган (Аракин 1988, 22) .

1. Морфологиялык жол, башкача айтканда, таандык маани атайын мүчөлөрдүн жалгануусу аркылуу туюндурулат: *калемим, апаң, күйөөсү.*

2. Морфологиялык-синтаксистик жол, башкача айтканда, таандык маани аныктагыч абалдагы ат атоочко илик жөндөмөсүнүн мүчөсү уланып, ээлик кылынган затты же нерсени билдирген атооч сөзгө таандык мүчөсүнүн уланышы аркылуу туюндурулат: *апамдын наны, сенин жолдошуң, алардын үй-бүлөсү.*

3. Синтаксистик жол, башкача айтканда, таандык маани илик жөндөмөсүнүн мүчөсү уланган ат атоочтор менен ээлик кылынган атооч сөздүн айкашып келиши аркылуу туюндурулат: *биздин машина, силердин короо.*

Жогоруда белгилеп өткөндөй, функционалдык грамматикада грамматиканы окуп үйрөнүүдө мааниге басым жасалгандыктан (Дербишева, Сагынбаева, 2017, 5) магистрдик диссертациябызда таандык маанини туюндуруучу жогорудагы жана андан тышкаркы тилдик каражаттарды талдоого алуу аракетин көрөбүз. Буга байланыштуу, таандык маанини туюндуруучу тилдик каражаттарды төмөнкүдөй топторго бөлүп кароо максатка ылайык деп эсептейбиз:

- таандык маанини туюндуруунун лексикалык жолу;
- таандык маанини туюндуруунун морфологиялык жолу;
- таандык маанини туюндуруунун синтаксистик жолу.

### 3.2.1. Таандык маанини туюндуруунун лексикалык жолу

Дүйнө бири-бири менен өз ара байланышкан, бири-бирине көз каранды заттардан, түшүнүктөрдөн турат. Белгилүү бир зат кандайдыр бир деңгээлде экинчи бир затка таандык (же тиешелүү) абалда болот, экинчи бир зат да андан бөлөк затка таандык (же тиешелүү) абалда турат. Мисал катары карай турган болсок, *жалбырак бутакка, бутак даракка тиешелүү болсо, дарак табияттын ажырагыс бөлүгү* болуп саналат же *пайдубал үйдүн дубалы үчүн таяныч болсо, дубал чатыр үчүн таяныч болот, башкача айтканда, пайдубал дубалга, дубал чатырга тиешелүү абалда болуп, булардын баары биригип, үйгө таандык бөлүктөр* болушат. Жогорудагы меронимия кубулушунда бир заттын башка бир заттын ажырагыс бөлүгү катары ага таандык экендигин байкоого болот. Маселени дал ушул өңүттөн алып караганда, ар бир лексемада белгилүү бир деңгээлде таандык маани бар деп айтууга негиз бар. Ушундан улам таандык маани айкыныраак көрүнгөн айрым лесикалык топторду бөлүп кароо аракетин көрөбүз.

### 3.2.1.1. Бөлүк менен бүтүндүн катыштыгындагы сөздөр

Жалпы/бүтүн заттын, түшүнүктүн бөлүктөрү өзү тийиштүү болгон нерсеге, түшүнүккө таандык болуп саналат. Мисалы, *жалбырак даракка (гүлгө), бөлмө үйгө, кагаз китепке, белгилүү бир тетиктер машинага* таандык түшүнүктөр десек болот. Жалбырак гүлдүн, дарактын бөлүгү болуп саналып, өзү таандык өсүмдүктүн толук кандуу жашашы үчүн өзүнө тийиштүү функцияны аткарат. Ошондой эле, белгилүү бир сандагы бөлмөлөр биригип, тиричилик кечирүү үчүн ыңгайлаштырылган үйдү түзөт. Мындан тышкары, китептин ар бир барагы ага таандык болуп саналат, башкача айтканда, белгилүү бир маалыматтарды камтыган кагаз түрүндөгү барактар өз ара бириккенде гана толук мааниге ээ болгон китепке айланат. Ал эми биздин күнүмдүк турмуштагы муктаждыктарыбызды чечүүдө негизги роль ойного машинанын жүрүп туруусу үчүн, анын кыймылын камсыздаган тетиктер зарыл. Демек, ар бир бөлүк өзү тиешелүү болгон бүтүн, жалпы нерсе, түшүнүк үчүн маанилүү болуп, ошол бүтүндүккө же жалпылыкка таандык болот. Мисалы, *Китептеги барактар жалпы маңызга айланып, акыл-эс тууралуу билимди тереңдете турган күчкө ээ.*

*Бөлүк менен бүтүндүн ортосундагы таандык мамиледе ээлик кылуучу жансыз зат болуп, ээленүүчү ээлик кылуучунун ажырагыс бөлүгү болуп саналат. Мисалы, Куурап калган бутактар даракты өзгөчө сүрдүү көрсөтүп турат. Машинанын курамында ар бири белгилүү бир функцияны аткарган көп сандаган тетиктер бар.*

Бөлүк менен бүтүндүн катышы тууралуу окумуштуу С.Кудайбергенов сөз кылган, бирок, тескерисинче, окумуштуу бүтүн менен бөлүктүн өз ара катыштыгын карап: "Таандык мүчө уланып келген сөз илик жөндөмөсүнүн мүчөсү уланган заттын бир мүчөсү, бөлүмү, үлүшү экендигин, башкача айтканда, бүтүндүн бөлүкчөсү экендигин билдирет" деп белгилеген (Кудайбергенов С., 1961, 51). Бүтүн менен бөлүктүн катышына төмөнкүдөй мисал келтирүүгө болот: ***Кампабыздын каалгасын** өз эшигиндей эле эркин ачып киришер эле.* – келтирилген мисалда *кампа* бүтүн нерсе, ал эми *каалга* анын бөлүгү болуп саналат, башкача айтканда, *каалга → кампага* таандык нерсе.

Бөлүк менен бүтүндүн да, бүтүн менен бөлүктүн да катыштыгына тийиштүү болгон учур катары *кош бойлуу эне менен түйүлдүктүн, адам менен коомдун* катышын билдирген сыяктуу сөздөрдү көрсөтүүнү максатка ылайык деп эсептейбиз. Анткен

себеби, кош бойлуу энени түйүлдүктү алып (көтөрүп) жүрүүчү катары бүтүндүк иретинде, ал эми түйүлдүк анын бөлүгү иретинде кабылдана алат. Ошол эле учурда, түйүлдүк эненин кош бойлуугунун негизги белгиси (көрсөткүчү) катары бөлүк иретинде кабылданып, бүтүндүктү – кой бойлуу эненин болушун шарттайт. *Мисалы:*

*1) **Кош бойлуу эненин** ден соолугу менен жүрүм-туруму **түйүлдүгүнүн** өөрчүшү үчүн өтө маанилүү. **Кош бойлуу эненин** сапатсыз тамактанышы, алкоголдук ичимдиктерди ичүүсү **түйүлдүгүнүн** өөрчүү процессин бузат.*

***2) Түйүлдүк – эненин курсагындагы** жаңыдан калыптанган организм. **Түйүлдүк** сырткы дүйнөнү **энеси** аркылуу кабылдайт.* Келтирилген мисалдардагы биринчи учур – бүтүн менен бөлүктүн (*кош бойлуу эне* – бүтүн нерсе, *түйүлдүк* анын бөлүгү; *түйүлдүк → кош бойлуу энеге* таандык), экинчи учур – бөлүк менен бүтүндүн (*түйүлдүк* – бөлүк зат, *кош бойлуу эне* – бүтүн зат; *кош бойлуу эне* бүтүн зат катары *түйүлдүктөн* (бөлүктөн) турат) катышын көрсөтөт.

*Адам* менен *коом* да логикалык түрдө бөлүк менен бүтүндүн, ошол учурда эле бүтүн менен бөлүктүн катыштыгын туюндура алат. Анткен себеби, адам коомдун мүчөсү катары бөлүк иретинде кабылданып, адамдардын көптүгүнөн турган коомдун болушуна өбөлгө түзөт. Ал эми коом бүтүндүк катары бөлүктөргө – адамдарга ажыратылат. Мисалы: 1) *Ар бир **адамдын** чынчыл жана таза болушу – таза **коомдун** түзүлүшүн шарттайт. **Адамдардын** бүгүнкү аракети – **коомдун** эртеңки келечеги. 2) Коомдогу адамдар өз ара байланыштагы социалдык топторго таандык болушат. Азыркы коомдун адамдары бактылуу жашоо жоопкерчилиги ар бир адамдын өзүндө экендигин жакшы түшүнүшөт.* Биринчи учурда келтирилген мисалдар бөлүк менен бүтүндүн (*адам* – бөлүк зат, *коом* – бүтүн түшүнүк; *коом* бүтүн түшүнүк катары *адамдардан* (бөлүктөн) турат), экинчи учурда келтирилген мисалдар бүтүн менен бөлүктүн (*коом* – бүтүн нерсе, *адам* анын бөлүгү; *адам → коомго* таандык) катышын көрсөтөт.

Бүтүн бөлүктүн катышында дене мүчөлөрүнүн аталышын таандык маанини туюндуруунун лексикалык каражаттарга кошууга болот. Таандык маанини изилдеген кээ бир окумуштуулар (Ш. Балли, А. Фрей, А. Бондарко) таандык категориясын *туруктуу (неотчуждаемая принадлежность) таандыктык* жана *өзгөрмөлүү же туруктуу эмес (отчуждаемая принадлежность) таандыктык* деп

эки түргө бөлүп карашкан. Алардын пикиринде дене мүчөлөрүнүн аталыштары туруктуу таандыкты туюндурат. Себеби дене мүчөлөрү туруктуу түрдө дененин ажырагыс бир бөлүгү болуп саналат.

#### 3.2.1.2. Кесиптердин аталыштары

Ар бир кесиптин аталышын өзүнүн тармагынан ажыратып кароо мүмкүн эмес, башкача айтканда, ар бир кесип тигил же бул тармакка таандык болушу менен белгилүү бир деңгээлде таандык маанини туюндурат. Төмөнкү мисалдардан муну тастыктап турат. Төмөнкү мисалдар бул көрүнүштү далилдеп турат:

*Мугалим – мектеп (окутуучу – жогорку окуу жайы);*
*Тарбиячы – балдар бакчасы;*
*Фермер – айыл чарба;*
*Айдоочу – транспорт;*
*IT адистери – компьютер;*
*Акын, жазуучу – адабият, чыгармачылык* ж.б.

Кесиптик лексика өз кезегинде ар бир тармактагы, иш чөйрөсүндөгү өнүгүүлөр менен талаптарга байланыштуу өзгөрүүлөргө учурап, жаңы сөздөрдү кабыл алып, байып турат. Кесиптик лексикага байланыштуу сөздөр да кайсы бир кесипке тийиштүү өзгөчөлүктөрдү билдирип, өзүнүн кесиптик чөйрөсүнө таандык болуу менен ушул топто орун алат. Мисалы, *силлабус, семестр, сынак ж.б.* – окутуучуларга, *диагноз, дарылоо, пульс, бейтап, операция* ж.б. сөздөр – дарыгерлерге, *мыйзам, доо, токтом, айып пул* ж.б. – юристтерге тиешелүү болсо, *баланс, касса, эсеп номери ж.б.* сөздөр экономисттерге, бухгалтерлерге тиешелүү болот.

#### 3.2.1.3. Энчилүү аттар

Уңгу катары келген “энчи” сөзүнө “Кыргыз тилинин түшүндүрмө сөздүгүндө” “бирөөгө тиешелүү үлүш; менчигинде кала турган мал-мүлк, байлык”, ал эми “энчилүү” сөзүнө “энчиленген, арналган, бирөөнүн эинчисине бөлүнгөн, бирөөгө таандык” (Акматалиев 2019, 769) деген түшүндүрмө берилген. Көрүнүп тургандай, бул сөздөрдүн лексикалык маанисинин өзү таандыктык белгини алып жүрөт. Ушундан улам, энчилүү аттар белгилүү бир тектеги заттардын арасынан бирөөнү бөлүп көрсөтүп, ошол затка гана тиешелүү болгон ат катары өзүнөн өзү логикалык

түрдө таандык маанини камтып турат деп айтууга негиз бар. Энчиленип коюлган аттар бир тарабынан алып караганда аттын ээсине таандыктыкты билдирсе, экинчи өңүттөн алып караганда аттын ээсинин өзүнөн жалпыраак болгон нерсеге таандыктыгын көрсөтөт. Мисалы, *Аман* – эркек кишинин аты, башкача айтканда, *Аман* – бир кишиге таандык ат (ысымдын ээси - *Аман*), ошол эле учурда *Аман* бир үй-бүлөнүн мүчөсү катары ошол үй-бүлөгө таандык адам болуп саналат.

*<u>Жер-суу аттары</u>*

Жер аттары административдик бөлүү өңүтүнөн алып караганда территориясы, калкынын саны боюнча кичирээк аймак, өзүнө караганда территориясы жана калкынын саны боюнча өзүнөн чоң болгон административдик аймакка таандык болуп саналат. Кыргызстанда *айыл – айыл аймагы – район – облус* түрүндөгү административдик бөлүү бар. Ар бир бөлүнүш өзүнө тийиштүү социалдык, экономикалык жана географиялык чектер менен бөлүнгөн. Административдик бөлүнүштүн курамындагы ар бир айыл, айыл аймагы, район жана облус өзүнө таандык атка ээ. Мисал катары *Көк-Жар айылын, Соң-Көл айыл аймагын, Кочкор районун, Нарын облусун* карай турган болсок, *"Көк-Жар" айылынын* аталышы ошол айылга таандык аталыш, ал эми айыл административдик аймак катары анын тургундарына, өзү курамында турган *"Соң-Көл" айыл аймагына* таандык абалда турат. Ушул эле көрүнүш *"Соң-Көл" айыл аймагына* да туура келет, башкача айтканда, айыл аймагынын аталышы өзүнө таандык, ал эми административдик бөлүнүш катары ал ошол жердин тургундарына жана өзүнөн чоңураак административдик бөлүнүшкө – *Кочкор районуна* таандык болуп саналат. *"Кочкор"* деген аталыш районго таандык ат жана облуска таандык бөлүнүш катары кабылданса, булардын баарын өз кучагына камтып турган эң чоң административдик бөлүнүш – *Нарын облусу* болуп, облуска таандык атты, Нарын облусунун жашоочуларына жана Кыргызстанга таандык маанини туюндура алат.

Расмий аймактык бөлүштүрүү өрөөндөрдү эске алуу менен ишке ашырылгандыктан, негизинен элдин тарыхый-географиялык аң-сезимине дал келет. Ошентсе да, айырмачылыктар да жок эмес. Мисалга алсак, Токтогул жана Кочкор райондорунун жергиликтүү калкы аймактык бөлүнүү аң-сезиминен четтеп, облустук деңгээлдеги таандыктыкты кабылдашпайт, башкача айтканда, өздөрү жашаган районду облустары менен (*Жалал-Абад, Нарын*) анчейин

байланыштырышпайт, ага таандык көрүшпөйт. Алардын географиялык жана тарыхый түшүнүктөрү тескерисинче, аймактын (райондун) өзү менен тыгыз байланышта аныкталган. Мунун себеби, элдин тарыхый-географиялык аң-сезиминин ал облустардын аталыштарынан обочо калыптанганы, географиялык шартына байланыштуу аталган райондордун бирде бул облуска, бирде тигил облуска (*Токтогул – Талас, Кочкор – Ысык-Көл*) таандык болушу менен түшүндүрүлөт.

*Адам аттары*

Адам аттары өзү энчиленип коюлган адамга таандык, дал ошол адамдын өздүгүн аныктаган атоо болуп саналат. Дал ушул себептен кайрылууда *атың (атыңыз) ким*? – деген суроо берилет. Чындыгында, дүйнөдө окшош аттар өтө көп кездешет, бирок ошого карабастан, биз белгилүү бир атты айтканда, конкреттүү бир адамды гана түшүнөбүз. Мисалы, дүйнөдө *Айнура* деген ысымды алып жүрүүчүлөрдүн саны миң болгон күндө да, миң кызга ыйгарылган *Айнура* ар бир учурда конкреттүү бир гана адамды таанытып, бир гана кызга таандык болот. Бул тууралында "О некоторых предпосылках формирования категории притяжательности" китебинде "...Ошентип, ысым – адамдын менчиги, анын ачык же жашыруун байлыгы, камкордукка жана коргоого тийиш болгон мурас болуп калат. Ал эми адамдын өлүмү, аны коомчулуктан кууп чыгуу, айрым бир өтө оор кылмыштар адамды өз атынан ажыратууга себеп болушу мүмкүн. Буларга байланыштуу айрым бир учурларда адамдын ысымы катардан чийилип калат, өчүрүлөт, унутулат, башкача айтканда, ээликтен ажыратылат. Ошентип, кайсы бир мезгилдеги ээлик кылуу, таандыктык жокко чыгарылып, ысымдын ээси да унутулат" – деп белгиленген (Топоров 1986, 5). Демек, адамдын ысымы өзү энчиленип берилген адамга таандык болуу менен адам баласынын аты-жөнү өзүнүн ээсинин кайсы бир үй-бүлөгө, урууга, кыймылга, идеологияга, саясий партияга, өлкөгө таандыктыгын да аныктап турат, башкача айтканда, адамдын аты белгилүү бир маданий жана социалдык чөйрөгө таандыктыгын аныктоочу негизги белги да болуп саналат. Кененирээк айтканда, адамдын ысымы – ошол адамдын жекелигин (индивидуалдуулугун) жана уникалдуулугун билдирүүчү негизги бирдик болуп саналат. Мисалы, *Айбек, Нурбек, Айгүл, Нургүл* деген ысымдарды ала турган болсок, булардын ар бири ушул ысымды алып жүрүүчү адамга таандык болуу менен анын ким экендигин

аныктап, бул адамдардын кайсы "чөйрөгө" таандыктыгын көрсөтүп турат. Ошентип, адамдын ысымы коомдо так аныкталган мүнөзгө ээ болгондуктан, таандык маанини түздөн-түз жана шексиз туюндурат.

Адам баласынын аты-жөнүнүн тутумундагы таандык маани туурасында "Кыргыз тилиндеги таандык категориясы" китебинде "Кыргызча фамилияларда биринчи компонент илик жөндөмөнүн мүчөсү жок колдонулары, мындай учурда аныктооч аныкталгыч болуп түшкөн заттын белгиси катары колдонуларын" (Кудайбергенов 1961, 58) белгиленген. Мисалы, *Султанмурат уулу, Абдыкадыр баласы, Көчөрбай кызы ж.б.*

<u>*Планета жана асман телолорунун аттары*</u>

Планеталар Күн системасына, Күн системасы Галактикага, Галактика өз кезегинде жалпыраак галактикалар тобуна кирет ж.б. мында да планеталар менен кошо аларды билдирген *Жер, Чолпон, Марс, Юпитер, Сатурн* ж.б. энчилүү аттар да өзүнөн жалпыраак системаларга таандыктыкты билдирет. Планеталар менен асман телолорунун аттары астрономиялык объектилердин айырмачылыктарын, ошондой эле аларды айырмалоонун системалуу принциптерин билдирет, башкача айтканда, планеталар менен асман телолору белгилүү бир аталышка ээ болуу менен өзү таандык болгон системасы, бүтүндөй галактикалык масштаб үчүн өзгөчө мааниге ээ. Мисалы, Күн системасына таандык болгон ар бир планета өзүнүн аталышына ээ болуп, өзгөчө белгилери жана мүнөздөмөлөрү боюнча классификацияланат. Ал эми Күн системасы өзү галактикада башка миңдеген жылдыздардын жана планеталардын бөлүгү болуп саналат. Ошентип, астрономиялык объектилердин аттары ошол конкреттүү планетага же асман телосуна таандыктыкты билдирип турса, ошол эле учурда алар (планеталар менен асман телолору) бөлүк катары өзүнөн чоң же жалпы түзүлүшкө таандык абалда болот.

<u>*Чыгармалардын аталыштары*</u>

Кайсы гана чыгарма болбосун (көркөм чыгарма, илимий эмгек, сүрөт ж.б.) аталышка ээ болот жана чыгарма менен кошо авторго таандык деп эсептелет, башкача айтканда, инсандын чыгармачылыгына байланыштуу элементтер, алардын катарында чыгарманын аталышы да автордун интеллектуалдык менчиги катары каралат. Бул көрүнүш мыйзамдын чегинде алганда да автордук укук менен ырасталат. Чыгарманын аталышы калемгердин өзүнүн эмгегине болгон автордук

көз карашын, ал көз карашты коомчулукка жеткирүү ыкмасын ырастайт. Мисалы, *Поэтика – Аристотелге, Моно Лиза – Леонардо да Винчиге, Сынган кылыч – Төлөгөн Касымбековго, Кыямат – Чыңгыз Айтматовго, Бөбөккө – Алыкул Осмоновго* таандык, башкача айтканда, таандык болгон нерсе – *Поэтика, Моно Лиза, Сынган кылыч, Кыямат, Бөбөккө* ал эми ээлик кылгандар – *Аристотель, Леонардо да Винчи, Төлөгөн Касымбеков, Чыңгыз Айтматов жана Алыкул Осмонов.*

*Жаныбарлардын балдарынын аттары*

Мындай сөздөр аталганда жаныбардын түрүн дароо туюндурганы менен өзгөчөлөнүп, таандык маанини айкын көрсөтөт. Төмөнкү мисалдарды көрөлү:

*Күчүк → ит (итке таандык)*

*Кулун → жылкы (жылкыга таандык)*

*Музоо → уй (уйга таандык)*

*Козу →кой (койго таандык)*

*Жөжө – тоок (тоокко таандык) ж.б.*

Жаныбарлардын балдарынын аттарынын таандык мааниси алардын биологиялык түрүнө, жаш курактык айырмачылыктарына байланыштуу болуп, бул аталыштар жаныбарларды айкын таанууга көмөкчү болот жана жаныбарлардын түрлөрүн жана жаш курактарын так айкын ажыратууда өзгөчө мааниге ээ. Мисалы, *музоо* - уй баласы катары өсүп-калыптануунун *музоо – торпок – кунаажын* аталышындагы жаш курактык этаптарын басып өтөт жана бул этаптардын бардыгында *энесине – уйга* таандык маанисинен ажыратылбайт.

### 3.2.1.4. Гендердик сөздөр

Тилде аялга же эркекке гана таандык болгон сөздөрдү ушул топто кароого болот, анткен себеби, тилде адамдардын жыныстык айырмачылыгына карата бөлүнүп, конкреттүү аялдык же эркектик өзгөчөлүктү чагылдырган сөздөр кездешет. Аялдарга же эркектерге таандык сөздөр тилдин гендердик белгилерди ачык-айкын көрсөтүүчү элементтери болуп саналат, башкача айтканда, гендердик сөздөрдү пайдаланууда негизинен социалдык жана маданий нормалар жана жыныстык

өзгөчөлүктөр эске алынат. Мындай сөздөрдүн эркек же аял адамга тийиштүүлүгүн белгилей турчу мүнөзүнө карата төмөнкүдөй пайдаланууга болот:

*Кыз, айым, эне, чоң эне, келин, жубай, кемпир, аял, жеңе, карындаш, жесир, зайып, токол, жубан, колукту, эже-сиңди, жубай, байбиче ж.б.* – аялзатына тиешелүүлүк;

*Жигит, мырза, ата, чоң ата, күйөө, күйөө бала, жезде, абышка, эр, улан, чал, аксакал, карыя ж.б.* – эркектерге тиешелүүлүк.

*<u>Феминитивдер</u>*

Феминитив сөзү латын тилинин "femina" сөзүнөн келип чыгып, аял деген маанини түшүндүрөт жана аял затына гана таандык заттардын, буюм-тайымдардын, кийим-кечелердин же абстракттуу түшүнүктөрдүн аталыштарын, аял затынын коомдогу ролун, гендердик функциясын жана статусун чагылдырган сөздөрдү, ошондой эле аялдардын кебинде активдүү пайдаланылган сырдык сөздөрдү ж.б. камтыйт. *Мисалы, айым, байбиче, токол, кожойке, эпчи, эндик, упа, шөкүлө, этек ж.б.*

Б. Сагынбаева жыныстык айырмачылыкты чагылдырган сөздөр тууралуу заттын кайсы жыныска таандыктыгын уңгуга жалганган мүчөлөр аркылуу да билүүгө мүмкүндүгүн белгилеп, адамдардын коомдогу ордун, өз ара мамилелерди жана тууганчылыкты билдирген сөздөрдү уюштурган –ым мүчөсү *айым (ай+-ым)* сөзүнүн жасалышына негиз болгондугун айтат (Сагынбаева 2006, 33). "Кыргыз тилинин этимологиялык сөздүгүндө" бул сөзгө карата "Алгач айым деген сөзгө 1-жактын таандык мүчөсү жалгангандыктан, сүйлөөчүгө гана таандык болуп айтылган. Кийин таандык мүчө өзүнүн ал касиетин жоготуп, уңгуга биригип кеткен, өзүнөн кийин таандык мүчөлөрдү жалгай бере турган болуп калган: айымым, айымың, айымы" (Сейдакматов 1998, 17) деген түшүндүрмө берилген. Ушундан улам, феминитивдер өзү таасир эткен чөйрөнүн өзгөчөлүгүнө жараша ылайык келип чыккандыгын болжолдоого болот.

Феминитивдердеги таандык маани негизинен аял затынын коомдогу социалдык ордуна жана ишмердүүлүгүнө карата аныкталып, аялдарга таандык аталыштар, алардын коомдук статусун, миссиясын, жоопкерчилигин чагылдырат.

*<u>Маскулятивдер</u>*

Маскулятивдер – эркек адамдарга таандык заттардын, буюм-тайымдардын, кийим-кечелердин аталыштарын же абстракттуу түшүнүктөрдү, эркектердин кебинде активдүү колдонулган сырдык сөздөрдү билдирген сөздөр. Илимий терминологияда дээрлик колдонулбаган термин болсо да, маскулятивдерди феминитивдерге каршы коюп, бул топко кошууга болот. Мисалы, *мырза, бай, жигит, калпак ж.б.*

Маскулятивдер эркектерге таандык болгон биологиялык, социалдык, маданий белгилерди чагылдыруу менен коомдогу статусун жана ишмердигин аныктап турат. Булар феминитивдерден айырмаланып, коомдогу саясий, экономикалык, ошондой эле өнөр жайга байланыштуу белгилерди да ачыктап турат.

#### 3.2.1.5.Туугандык терминдери

Кыргыз калкы байыртадан уруу уруу болуп жашап, туугандык катышка өзгөчө маани берген калк болуп саналат. Андыктан кыргыз тилинде туугандык терминдери абдан кеңири колдонулат. Бул терминдер адамдар арасындагы биологиялык, социалдык жакындыкты, тыгыз байланышты туюндурат. Андыктан бул терминдер таандыктык маанисин камтыйт деп айтууга болот. Мисалы, *апа, ата, карындаш, бир тууган, тайэже ж.б.* Бул сөздөрдү угуучу укканда анын элесинде сөзсүз түрдө *бирөөнүн апасы, бирөөнүн агасы* сыяктуу түшүнүк пайда болот.

#### 3.2.1.6. Сырдык сөздөр

Айрым сырдык сөздөр адамдын жаш курагына, жынысына карап айтылса, айрымдары жан-жаныбарларга карата айтылат. Сырдык сөздөрдү өзүнө таандык адресатына гана жана жалпы кабыл алынган нормага жараша айтуу максатка ылайык. Төмөндө келтирилген мисалдарда берилген сырдык сөздөр белгилүү бир чөйрөдө активдүү колдонулуу менен ошол чөйрөгө таандык болуп саналат:

*Тай-тай, бөө, жата, алдей ай, жаша-жаша* – кичинекей балдардын тилдик өзгөчөлүгүн билдирүүгө таандык, тактап айтканда, мындай сырдык сөздөр чоңдор тарабынан наристелерге карата айтылат.

*Кокуй, өлүң көрөйүн, ай* – аялдардын кебине таандык сырдык сөздөр;

*Эй, атаң көрү* – эркектердин кебине таандык сырдык сөздөр;

*чү, так, хоу, күчү* – мал-жандыктарга карата айтылуучу сырдык сөздөр ж.б.

Мындан тышкары, таандык мүчөлөрдүн сырдык сөздөрдүн курамында кездешери белгилүү. Кыргыз тилиндеги таандык категориясын кеңири изилдөөгө алган С.Кудайбергенов таандык мүчөнүн жардамы аркылуу уюшулуп, бирок сенек формага айланган сырдык сөздөрдүн бар экендигин белгилеп, *“атасынын көрү”* деген сырдык сөздү мисал катары келтирет (Кудайбергенов 1961, 70). Булардын катарына, жогоруда келтирилген мисалдардагы *атаң көрү, өлүң көрөйүн* сөздөрүн да кошууга болот.

### 3.2.1.7. Фразеологизмдер жана макалдар

Кыргыз тилинде таандык маани фразеологизмдердин мазмунунда да чагылып, ошол фразеологизм туруш-турпаты менен таандык маанини түздөн-түз же кыйыр түрдө чагылдырган учурлар да кездешет. Баарыбызга белгилүү болгондой, фразеологизмдер – “эки же андан ашык компоненттен туруп, лексикалык бир бүтүндүккө айланган, семантикалык жактан ширелишкен сөз түрмөктөрү” (Эгембердиев, 2016, 56). Айтылган оюбузду төмөндө келтирилген мисалдардын чегинде далилдөө аракетин көрсөк:

*Киндик каны тамган жер* – төрөлүп, туулуп өскөн жер, ата конушу, Ата Журт деген мааниде колдонулуп, ошол жерде төрөлгөн адамга таандык жер деген түшүнүктү берет. Мисалы, *Киндик каным тамган жериме жетерим менен алгач анын мөлтүр суусунан суусунум канганча ичким келет.* Бул мисалда *киндик каным тамган жер* – таандык нерсе, ал эми фразеологизмдин курамындагы *каным, жерим* компоненттериндеги 1-жактын -ым мүчөсү аркылуу туюндурулган *“мен”* – ээлик кылуучу зат.

*Боюна бүтүү* – курсагында түйүлдүккө, өзүнө таандык наристеге (түйүлдүккө) ээ болуу маанисин туюндуруп, кош бойлуу энеге таандык түйүлдүктүн пайда болушун түшүндүрөт. Мисалы, *Турмушка чыкканыңа жыл айланбай, бат эле боюңа бүтүп, балалуу болуп калбадыңарбы.* – келтирилген мисалда *боюна бүтүү* фразеологизми, башкача айтканда, *түйүлдүктүн пайда болушу* – таандык зат, ал эми *боюна бүткөн 2-жактагы аял,* башкача айтканда, *сен* – ээлик кылуучу зат катары келет.

*Кырк жылкылуу болуу* – кыздуу болуу маанисин түшүндүрөт. Мисалы, *Сүйүнчү, эне, кырк жылкылдуу болдум – деп көзүнө жаш алды Жаңыбай*. – Мында *кырк жылкылуу кылган кыз наристе* – таандык зат, ал эми *кырк жылкыга ээ болгон Жаңыбай* – ээлик кылуучу зат болуп саналат.

*Таман акы, маңдай тери* – өз эмгеги менен таап, ээ болгон нерсени, өз эмгегинен жаралган үлүштү түшүндүрөт. Мисалы, *Таман акы, маңдай терим менен келген – баары*. Бул мисалдагы *баары (байлык маанисинде)* – таандык нерсе, фразеологизмдин акыркы компонентиндеги *1-жактын -ым мүчөсү аркылуу туюндурулган, башкача айтканда, кыймыл-аракетти аткаруучу "мен"* – ээлик кылуучу зат болуп саналат.

*Бир башы эки болуу* – үйлөнүү, жубайга ээ болуу, аял алуу маанисинде колдонулуп, логикалык түрдө бир затка ээ болуу түшүнүгүн берет. Мисалы: *Ошентип, Адинайга жетип, бир башым эки болду*. – Мында таандык болгон зат – *Адинай*, ээлик кылуучу – фразеологизмдин *баш* компонентине уланган 1-жактын -ым мүчөсү аркылуу туюндурулган *мен*.

Макалдан байыртадан кыргыз элинин руханий-маданий мурасы, баалуулугу болуп келген. Макалдар элдердин турмуштук тажрыйбасынын негизинде түптөлгөндүктөн, турмуштун түрдүү кырдаалдарына байланыштуу учурларды чагылдырат. Макалдар негизги максаты адамдарга акыл насаат берүү, туура жол көрсөтүү мааниси болгондуктан бул маани ар кандай турмуштук жагдай, учкул сөздөр же өтмө маанилер менен берилет. Мындай жолдордун бири макалдарда эки заттын өз ара катышын, байланышы аркылуу берилиши. Мындай макалдар маанисинде таандык маанини камтыйт. Төмөнкү макалдарды талдап көрөлү.

*Бир кумалак бир карын майды чиритет*. Бул макалдын маанисинде бир кичинекей заттын, көрүнүштүн, кыймыл аракеттин өзү таандык же тийиштүү болгон жалпы нерсеге таасирин тийгизет деген ой жатат. Башкача айтканда макалда заттардын өз ара катышы, бири бирине таасир этүү мүмкүнчүлүгү чагылдырылган. Бул макал бүтүн-бөлүк катышын көрсөтүү менен дагы таандыкты туюндуруп турат.

*Ат айланып казыгын табат*. Макал адамдын өзү көнүп калган нерсеге, жерге, адамга, буюмга ж.б. тийиштүү сезерин, таандык болуп каларын чагылдырып турат. *Карга баласын аппагым дейт*. Бул макалдын мааниси адамдын өзүнө таандык

болгон нерсе же өзү жараткан зат ага ар дайым баалуу экендигин, ошондой эле ар бир зат уникалдуу экендигин чагылдырып тургандай. Андыктан макал таандыктык мааниси камтылган деп айтсак болот. Макалдын түркчө эквиваленти kuzguna yavrusu anka görünür түрүндө кездешет.

### 3.2.2. Таандык маанини туюндуруунун морфологиялык жолу

Түрк тилдери аглютинативдүү тилдерге киргендиктен, грамматикалык маанилер мүчөлөр аркылуу берилет. Таандык категориясынын эң кеңири пайдаланылышы кыргыз тилинде морфологиялык жол аркылуу ишке ашырылат. Таандык категориясынын морфологиялык жол менен берилишинде таандык маани уңгу же туунду сөздөргө атайын таандык мүчөлөрдүн уланышы аркылуу уюшулат. Бул учурда таандык мүчө жалганып айтылган сөз ээленүүчү затты, таандык мүчө ээлөөчү жакты туюндурат. Бул учурда таандык мүчө жалганып айтылган сөз ээленүүчү затты, таандык мүчө ээлөөчү жакты туюндурат (Токтоналиев 2015, 224). Мисалы: *Үйдө апа**м** менен карындаш**ым** бар* (Ч.Айтматов). – деген сүйлөмдөгү *апа* жана *карындаш* сөздөрү ээленүүчү объектти, ал эми ага жалганган 1-жактын жекелик түрүнүн *–ым* мүчөсү ээлөөчү жак сүйлөөчү экендигин (1-жакты билдирүүчү менин сөзүн) туюндуруп турат. Ошентип, айрым бир мүчөлөр белгилүү бир сөзгө жалгануу менен таандык маанини туюндуруу мүмкүнчүлүгүнө ээ болушат. Бирок, “таандык” термини шарттуу аталыш болуп саналат. Себеби, ал аркылуу жалгыз гана менчиктүүлүк эмес, аныктоочтук айкашуудагы заттардын ортосундагы түрдүү карым-катыштар берилет (Кудайбергенов Турсунов, Сыдыков 1980, 109).

#### 3.2.2.1. Жакчыл таандык мүчөлөр

*Жакчыл таандык мүчөлөр* зат атоочторго, ошондой эле заттык маанидеги башка сөз түркүмдөрүнө уланып, аларды белгилүү бир жакка таандык кылып көрсөтөт. Ар бир жакка тиешелүү жекелик сандагы жана көптүк сандагы мүчөлөр бар. Жакчыл таандык мүчөлөрдүн негизги өзгөчөлүгү болуп жалганган сөз аркылуу ээленүүчү затты да, ээлөөчү жак ты көрсөтүп тургандыгы эсептелет. Андыктан жакчыл таандык мүчөлөр жактама ат атоочторго жалганбайт. Кыргыз тилинде жакчыл таандык мүчөлөрдүн парадигмасын төмөнкүдөй таблицалар менен көрсөтүүгө болот:

**Таблица 3.8.** Кыргыз тилиндеги жакчыл таандык мүчөлөр (жекелик сан)

| Жекелик сан | | | | | | |
|---|---|---|---|---|---|---|
| **I жак** | | -ым<br>Ат+ым<br>-м<br>Бала+м | *-им*<br>*китебим* | *-ум*<br>*отургучум* | *-үм*<br>*өчүргүчүм* | *-м*<br>*балам* |
| **II жак** | | -ың<br>Аты+ң | *-иң*<br>*китебиң* | *-уң*<br>*отургучуң* | *-үң*<br>*өчүргүчүң* | *-ң*<br>*балаң* |
| | **сылык формасы** | -ыңыз<br>Атыңыз<br>-ңыз<br>балаңыз | *-иңиз*<br>*китебиңиз*<br>*-ңиз*<br>*иниңиз* | *-уңуз*<br>*отургучуңуз*<br>*-ңуз*<br>*короонуз* | *-үңүз*<br>*өчүргүчүңүз*<br>*-ңүз*<br>*сөйкөңүз* | |
| **III жак** | | *-ы*<br>*наамы*<br>*-сы*<br>*баласы* | *-и*<br>*китеби*<br>*-си*<br>*иниси* | *-у*<br>*отургучу*<br>*-су*<br>*короосу* | *-ү*<br>*өчүргүчү*<br>*-сү*<br>*сөйкөсү* | |

**Таблица 3.9.** Кыргыз тилиндеги жакчыл таандык мүчөлөр (көптүк сан)

| ***Көптук сан*** | | | | | |
|---|---|---|---|---|---|
| **I жак** | | *-ыбыз*<br>наамыбыз<br>*-быз*<br>балабыз | *-ибиз*<br>китебибиз<br>*-биз*<br>инибиз | *-убуз*<br>отургучубуз<br>*-буз*<br>корообуз | *-үбүз*<br>өчүргүчүбүз<br>*-бүз*<br>сөйкөбүз |
| **II жак** | | *-ыңар*<br>наамыңар<br>*-ңар*<br>балаңар | *-иңер*<br>китебиңер<br>*-ңер*<br>иниңер | *-уңар*<br>отургучуңар<br>*-ңор*<br>корооңор | *-үңөр*<br>үйүңөр<br>*-ңөр*<br>сөйкөңөр |
| | **сылык формасы** | *-ыңыздар*<br>наамыңыздар<br>*-ңыздар*<br>балаңыздар | *-иңиздер*<br>китебиңиздер<br>*-ңиздер*<br>иниңиздер | *-уңуздар*<br>отургучуңуздар<br>*-ңуздар*<br>корооңуздар | *-үңүздөр*<br>үйүңүздөр<br>*-ңүздөр*<br>сөйкөңүздөр |
| **III жак** | | *-ы*<br>наамы<br>*-сы*<br>баласы | *-и*<br>китеби<br>*-си*<br>иниси | *-у*<br>отургучу<br>*-су*<br>короосу | *-ү*<br>өчүргүчү<br>*-сү*<br>сөйкөсү |

Көрүнүп тургандай, жакчыл таандык мүчөлөр жактарга ылайык жалганат. Мисалы, *Айтургандын көйнөгү*. Мында таандык болгон нерсе – *көйнөк*, ээлик кылган – *Айтурган*.

Тилчи-окумуштуулар жакчыл таандык мүчөлөрдүн ат атоочтордон келип чыккандыгын божомолдошот, тактап айтканда, Б.А. Серебренников менен Н.З. Гаджиевалар жакчыл мүчөлөрдүн мейкиндик индикаторлорунун ролун ойногон кайсы бир ат атоочтук негиздерден келип чыккандыгын белгилешет. Алардын көз

карашына таяна турган болсок, *атым* деген форма адеп (башында) *“мага баарынан жакын турган ат”* деген маанини туюндурган болушу мүмкүн (Серебренников жана Гаджиева 1979, 99).

Ал эми чыгармалардан алынган мисалдар морфологиялык жол менен уюшулган жакчыл таандык мүчөлөрдүн кыргыз тилинде активдүү колдонуларын айгинелейт: *Көрсө, менин сүйгөнүм туулган жер**им**де тура! (Ч. Айтматов).*

*Шамал**ың** ай, жел**иң** ай,*

*Шайыр өскөн эл**иң** ай,*

*Тоолор**уң** ай, жака**ң** ай,*

*Жайкалган жашыл жер**иң** ай (А. Осмонов).*

*Тирег**ибиз** да, медер**ибиз** да сенсиң! (Ч. Айтматов). Акыл**ыңыз**дан айланайын, Каке,* - *деди Дүйшөн,* - *сөз**үңүз**дүн калети жок (Ч. Айтматов). Айылчы ...карыса да бет**и**нен кан**ы** тамган, көгала сакал, азуулуу айбандын сырттаны кейиптенген үй ээси карыяга күрсүндү (Бейшеналиев).*

Жакчыл таандык мүчөлөр кандайдыр бир жакка таандыктыкты (тиешелүүлүктү) билдиргендиги боюнча өз ара жалпылыкты түзсө да, кайсы санга, кандай формага тиешелүүлүктү туюндурушу боюнча айырмаланып турат. Анткен себеби, 1-жактын таандык мүчөлөрү жакты да, санды да билдире алат: *Бир тууган**ым*** (1-жактын таандык мүчөсү, жекелик сан), - *деди Сарыбай бир убакта Мадылга – бүркүттүн жеминин камын мен көрөйүн* (*Т. Касымбеков). Бешене**биз*** (1-жактын таандык мүчөсү, көптүк сан) *ушул экен – сен, акмак, андан эмне күлөсүң? (Ч.Айтматов).* 2-жактын таандык мүчөлөрү ушундай маанилерди билдирип, ага кошумча жайынча же сылык мамилени да туюндурат: *Баса, Боске, аялдар**ыңыздар** бу ою**ңуздар**га* (2-жактын таандык мүчөсүнүн көптүк саны жана сылык формасы) *эмне дейт? – деп кызыкты директор* (*Ч.Айтматов*). *Оп, балакет**иң**ди* (2-жактын таандык мүчөсүнүн жекелик саны, жайынча формасы) *алайын жаман секелегим, ооз**уңар**да* (2-жактын таандык мүчөсүнүн көптүк саны, жайынча формасы) *бардыр... (З. Соорондбаева).* 3-жактын таандык мүчөсү таандыктык, тиешелүүлүк, жакындык мамилелеринин өзгөчөлүктөрүнө жараша санды жана мамиленин түрүн (жайынча же сылык) конкреттүү туюндура албайт. Бул анын кеп, ой багытталып, бирок кепке катышпаган тарап болгондугу менен түшүндүрүлөт. 3-жактын

таандык мүчөсүнүн көптүн санды туюндуруусу көптүктү билдирүүчү –лар мүчөсүнө ылайык ишке ашырылат: *Гүлүмкан бала**сы**нын* (3-жактын жакчыл таандык мүчөсү жекелик санда) *баш жагына чыңырып келип кулады... (Ч.Айтматов). Аңгыча тоок балапан**дарын*** (көптүктү билдирүүчү –лар мүчөсү + 3-жактын жакчыл таандык мүчөсү) *үйдөн оолак, короонун сыртына алпарып, көнгөн күл дөбөсүн чукулап казып, чукуган чуңкуруна жатмай болуп, жөнөп берди (Ч. Айтматов).*

### 3.2.2.2. Жалпы таандык мүчөлөр

Кыргыз тилинде таандык маанини морфологиялык жол аркылуу туюндуруучу дагы бир мүчө –НЫКы жалпы таандык мүчө болуп саналат. Жалпы таандыкты уюштуруучу **–ныкы** мүчөсү зат атоочторго уланып, белгилүү бир затты өзү уланган сөзгө таандык кылып көрсөтөт. Мисалы:

-*Данике, сайдагы аттар **сеники**би? – дедим.*

*Ал бурула берип жай карап койду: -Экөө **меники**.*

*- Беркилеричи?*

*Жанагы Жамийла дейби... сол келин**дики** (Ч.Айтматов).* Мында таандык болгон нерселер – *аттар*, ээлик кылгандар – *Данияр, Жамийла*.

Жакакова түрк тилинде жакчыл таандык мүчө **iyelik (**түрк. – ээ), жалпы таандык мүчө **aitlik** (түрк. таандык) терминдери менен белгилүү экендигин билдирет (Жакакова 2018 45).

Жалпы таандык -ныкы мүчөсү төмөнкүдөй фонетикалык варианттарга ээ:

**Таблица 3.10.** Кыргыз тилиндеги жалпы таандык мүчөлөр

| | | | | |
|---|---|---|---|---|
| Үндүүлөрдөн кийин | *-ныкы* баланыкы | *-ники* кишиники | *-нуку* уйчунуку | *-нүкү* күзгүнүкү |
| Жумшак үнсүздөрдөн кийин | *-дыкы* адамдыкы | *-дики* кийиздики | *-дуку* автордуку | *-дүкү* дүкөндүкү |
| Каткалаң үнсүздөрдөн кийин | *-тыкы* аттыкы | *-тики* иттики | *-туку* орустуку | *-түкү* түрктүкү |

Түрк тили менен салыштырсак, түрчөдө жалпы таандык мүчө үндөшүү мыйзамына баш ийбейт. Мисалы: *çocuğunki (баланыкы), babamınki (атамдыкы) ж.б.*

Жалпы таандык мүчөнүн жактык, сандык маанини билдирүү мүмкүнчүлүгү чектелүү болгондуктан, ал таандык маанинин бар экендигин гана туюндурат.

Жалпы таандык мүчө жалганган сөздүн кайсы жактык жана сандык мааниде экендиги ал жалганган сөз билдирип турган жактык жана сандык маанилерге ылайык аныкталат (Абдувалиев 2015, 66).

Жалпы таандык –ныкы мүчөсү жакчыл таандык мүчөдөн кийин да улана берет:

**Таблица 3.11.** Жалпы таандык мүчөнүн жакчыл таандык мүчөдөн кийин келүүсү

| | | |
|---|---|---|
| **1-жак** | Уулу***м***дуку | уулу***буз****дуку* |
| **2-жак** | уулу***ң****дуку*, уулу***ңуз****дуку* | уулу***ңар****дыкы*, уулу***ңуздар****дыкы* |
| **3-жак** | уул*унуку* | уул*унуку*, уул***дары****ныкы* |

Мисалдар: *Зайра ооруп жатат дегенди угарым менен энемди ары-бери алаксытып туруп Аалкан чоң эне****мдики****н* (1-жактын жекелик сандагы жакчыл таандык мүчөсү+жалпы таандык мүчө) *көздөй чуркадым (М. Байжиев)****.*** *Эгер көл тарапка жүк тартып калсам алардын үйүнө, тагыраак айтканда, ата-эне****сиников****не* (3-жактын жакчыл таандык мүчөсү+жалпы таандык мүчө) *кирип, алардын ал-жайын билип көрөйүн деген ой жакындан бери көңүлүмдө туруп алды (К. Абдышев)****.*** *Ар кимдики өзүнө, ай көрүнөт көзүнө (макал).*

### 3.2.2.3. Жак мүчөлөр

Жак мүчөлөр сүйлөп жаткан субъекттин кайсы жакка тиешелүүлүгүн билдирип тургандыктан, өз ичине таандык маанисин камтыйт. Мисалы, *Нарында иштеп жүрдүм* – мында *Нарында иштөө* кыймыл-аракетинин *1-жакка (мага) таандык экендигин* баяндоочко уланган жак мүчөдөн улам билебиз. Ушул эле мисалга ар башка жак мүчөлөрүн жалгоо аркылуу жакка болгон таандыктыктын өзгөргөнүн байкоого болот:

*Нарында иштеп жүрдүң* – кыймыл-аракет 2-жакка (сага) таандык.

*Нарында иштеп жүрдүңүз* – кыймыл-аракет 2-жакка (сизге) таандык.

*Нарында иштеп жүрдү* – кыймыл-аракет 3-жакка (ага) таандык.

*Нарында иштеп жүрдүк* – кыймыл-аракет көптүк сандагы1-жакка (бизге) таандык.

*Нарында иштеп жүрдүңөр* – кыймыл-аракет көптүк сандагы 2-жакка (силерге) таандык.

*Нарында иштеп жүздүңүздөр* – кыймыл-аракет көптүк сандагы 2-жакка (сиздерге) таандык.

*Нарында иштеп жүрүштү* – кыймыл-аракет көптүк сандагы 3-жакка (аларга) таандык.

С.Кудайбергеновдун эмгегинде бул учур тескерисинче "таандык мүчөлөр кээде жак мүчөлүк мааниде да колдонулат" – деп берилет жана бул көз караш *Мен эми силер менен* ***коштошконум*** *жакшы* деген мисал менен тастыкталат (Кудайбергенов, 1961, 71).

### 3.2.2.4. -ЛЫк мүчөсү

Кыргыз тилинде -ЛЫк мүчөсү абстрактуу, кээде конкреттүү сөздөрдү жасай алат. Бул форманын жардамы аркылуу белгилүү бир жерге, уюмга, көз карашка, агымга тиешелүүлүк мааниси да туюндурулат (Орузбаева 1958, 11). Мисалы, *...кашкар**лык** соодагерлерди Чатыр-Көлгө жеткирип кел деп жиберет* (М. Төлөмүшев, Ш. Дүйшеев). -ЛЫк мүчөсү И.Абдувалиевдин эмгегинде "теги боюнча байыркы -лы, -лыг мүчөлөрүнө байланышта каралары" белгиленип, бул мүчө аркылуу жасалган сын атоочтор "аныкталгычтын башка затка тиешелүүлүк касиетин билгизери" (Абдувалиев 2008, 129) көрсөтүлгөн. Мисалы: *студенттик күндөр*.

Ал эми төмөндө берилген мисалдарда болсо, сөз айкашынын биринчи түгөйүнө –лЫк мүчөсү уланган. Экинчи компонент негизги – компонент болсо да, ал аныктагыч түгөйдөгүгө тийиштүү, таандык болуп саналат. Мисалы, *айылдык бала, жаштык өмүр, окуучулук мезгил* ж.б.

**-ЛЫк** мүчөсү уланып жасалган сөздөрдөн да таандыктык маанисин көрүүгө болот. Оюбузду төмөнкү мисалдардын негизинде далилдөө аракетин көрсөк:

*Жоо**лук*** – "аялдар башына салынуучу төрт чарчы кездеме". Уңгусу *жоо,* байыркы түркчө *йаг "май"* маанисин берет, тактап айтканда, түпкү мааниси *май аарчууга жараган кездемени* түшүндүрөт.

*Боо**лук*** – "орулган эгинди, чөптү боолаш үчүн жасалган боо", башкача айтканда, боо кылып таңуу кыймыл-аракетине тиешелүү нерсе.

*Эн**дик*** – "өсүмдүк; ушул өсүмдүктөн майга ачытып, көбүнчө бетке сыйпоо үчүн жасалган кызыл түстүү боёк". Сөздүн уңгусу *эн – "бет"* маанисинде келерин белгилөөгө болот (Абдиев 2020, 92). Демек, бетке сүйкөлүүчү (ошого тийиштүү) сулуулук каражаты.

### 3.2.2.5. -КЫ мүчөсү

Кыргыз тилинде –КЫ мүчөсү мезгил тактооч жана зат атоочторго уланып, тиешелүүлүк маанилерин уюштурат (Орузбаева, 1958, 53). Мисалы, *бүгүнкү (бүгүнгө таандык), кечээки (кечээге таандык), келерки (кийинге таандык) ж.б.* Мындай формаларда жалпы таандык мүчөлөрдөгүдөй эле таандык болгон нерсени контексттин чегинде түшүнүүгө болот.

Азыркы түрк, азербайжан жана татар тилдеринде бул мүчө таандык маанини билдирүүдө кеңири колдонулат. Бул мүчө зат атоочторго уңгудан соң жана илик менен жатыш жөндөмөлөрүнүн мүчөлөрүнөн кийин жалганат (Эржиласун 2007, 28). Кыргыз тили илиминде бул мүчөнүн илик жөндөмө мүчөсүнө уланган формасы -*ныкы* түрүндө гана берилген. Бирок кыргыз тилинде бул мүчөнүн азыркы түрк жана азербайжан тилдериндегидей эле зат атооч маанидеги сөздөргө уңгудан соң да, илик жана жатыш жөндөмө мүчөлөрүнөн соң да жалганган учурлары кеңири кездешет. Мисалы: *былтыркы, кечеги, эртеңки, жогорку, алдыңкы* (уңгудан соң), *үйдөгү, китептеги, ал кездеги, сендеги, биздеги* (жатыш жөндөмө мүчөсүнөн кийин).

### 3.2.2.6. -ДАй мүчөсү

Кыргыз тилинде –ДАй мүчөсү атооч сөздөргө уланып салыштыруу, окшоштуруу маанилерин билдирет. –ДАй мүчөсү уланган сөздөрдө кайсы бир белгинин "ээси" туюндурулгандыктан, таандык маанинин да бар экенин айтууга болот, башкача айтканда, -дай мүчөсүнүн жалганышы аркылуу сөзгө *таандык болуу, белгилүү бир объектке окшош же байланыштуу болуу* мааниси кошулат.

Мисалы, *Ушул күндө ойлонгун,Ок жылан**дай** толгонгун (Сагымбай).* - мында таандык болгон белги – *толгонуу*, белгинин ээси – *жылан.*

*Сапарбай **апамдай** чечен сүйлөйт* деген сүйлөмдө *апамдай* сөзү *апам сымал, апам сыяктуу* башкача айтканда, *апама таандык же апама тиешелүү сапатка* ээ деген маанини туюдурат. Бул жерде таандык болгон белги же сапат – *чечендик*, белгинин ээси – *апам*.

### 3.2.2.7. -чА мүчөсү

Кыргыз тилинде –ча мүчөсү зат атоочторго уланып кичирейүү, окшоштуруу маанилерин уюштуруу менен белгилүү бир зат же кимдир бирөө жөнүндө сөз

болуп жатканда аны сүрөттөө үчүн башка бир затка же кимдир бирөөгө таандык белгини туюндурат. Мисалы:

*Бука**ча** мөөрөп балбанды жыкты* (Ишенов, 1990, 16). Келтирилген мисалдын алкагында таандык болгон белги – *мөөрө*, белгинин ээси – *бука*.

*Ал адамча жүрөт, башкаларды эч качан кемсинпейт*. Бул жерде *адам* сөзүнө жалганып келген -*ча мүчөсү адамча* сөзүн уюштурууда өтмө мааниде колдонулуп, адамга мүнөздүү сапаттарды түшүндүрүп турат. Демек, таандык болгон белги – *адамча мамиле*, белгинин ээси – *ал*.

### 3.2.2.8. Да, дагы, деле бөлүкчөлөрү

Бөлүкчөлөрдүн табияты боюнча "Азыркы кыргыз тили" китебинде "Бөлүкчөлөрдүн маанилери грамматикалык маани болгону менен аларда абстракттуулук бар, кандайдыр бир сөз менен айкашып келгенде гана алардын маанилери даана билинет. Жеке өз алдынча турганда алардын маанилери байкала бербеши да мүмкүн. Мына ошондуктан, бөлүкчөлөрдүн маанилерин биз алар айкашып турган сөздөр аркылуу же ошол сүйлөм туюндурган ой аркылуу аныктайбыз" (Абдувалиев 2008, 372) – деген аныктама берилген. Маселени дал ушул өңүттөн алып караганда, кыргыз тилиндеги *да, дагы, деле* бөлүкчөлөрү өзүнөн мурун келген сөздү андан мурунку маалыматка кошумча катары көрсөтүү үчүн колдонулуп, таандык маанини туюндура алат. Мисалы: *Кыргыз адабиятынын айдыңында орчундуу орду бар **дагы** бир маанилүү ысым – Чыңгыз Айтматов. Мен үчүн **дагы** быйылкы жыл жемиштүү болду.* Келтирилген мисалдардын алкагында таандык болгон иш-аракеттер – *орчунду орду болуу, жемиштүү болуу,* иш-аракеттин ээлери – *буга чейин сөз кылынган ысымдар жана Ч. Айтматов,* ошондой эле *буга чейинки сөз болгон башкалар жана мен* болуп саналат. Тактап айтканда, ***дагы*** бөлүкчөсүнүн жардамы менен кыргыз адабиятынын айдыңында орчундуу орду бар ысымдарга Ч.Айтматовду жана мени да кошуп, бул аракеттердин Ч.Айтматовго жана мага да таандык экендиги билдирилип жатат.

*Деле* бөлүкчөсүнүн таандык маанини туюндуруусуна мисалдар: *Мен **деле** шаарга келгени орусча сүйлөөнү адатка айландырдым. Асан **деле** окуяга баштан-аяк күбө болду.* – бул учурларда таандык болгон иш-аракет – *орусча сүйлөөнү адатка айландыруу, окуяга баштан-аяк күбө болуу,* иш-аракеттин ээси – *буга чейин сөз*

*кылынган кимдир бирөө жана мен, ошондой эле окуяга баштан-аяк күбө болгон башкалар жана Асан.*

*Да* бөлүкчөсүнүн таандык маанини туюндуруусуна мисалдар:

*Менин досум* ***да*** *мен окуган жогорку окуу жайында окуйт. Окуу маселеси тууралуу* ***да*** *кеп козголду.* – келтирилген мисалдын алкагында таандык болгон иш-аракет – *жогорку окуу жайында окуу, кеп козгоо*, ал эми иш-аракеттин ээси – *досум жана мен,* ошондой эле *башка маселелер жана окуу маселеси.*

### 3.2.3. Таандык маанини туюндуруунун синтаксистик жолу

Уңгу же негиздер (мүчөсүз) өз алдынча турганда байланыша албаган сыяктуу эле таандык маанини да бере алышпайт. Ошол себептен, сөздөр тийиштүү мүчөлөр менен жабдылган формада гана өз ара синтаксистик байланыш кура алышат. Ал эми таандык мүчөлөр аркылуу өз ара байланышкан жана контекстте таандыктын, тиешелүүлүк белгисин туюндурган сөз айкаштары таандыктыктын систаксистик байланышын көрсөтөт. Ушундан улам бул жол таандык категориясын уюштуруунун синтаксистик жолу деп аталып келет.

Түркологияда синтаксистик жол менен берилген таандык байланыш изафеттик деп аталат. Изафеттик байланыш тууралуу тил илиминде бирдиктүү пикир жок, тилчи-окумуштуулар арасында ар түрдүү көз караштар орун алган. Айрым окумуштуулар изафеттик байланышты ээрчишүү байланышынын бир түрү катары караса, башка бир илимпоздор аны башкаруу байланышынын тутумунда карашат. Үчүнчү бир топтогу тилчи-окумуштуулар изафеттик байланышты өз алдынча бөлүп, “сөз айкаштарынын тутумунда, сүйлөмдөрдүн тизмегинде баш ийүүчү жана башкаруучу абалда келген сөздөрдүн синтаксистик багыныңкы байланышынын формаларынын өзгөчө түрү” катары сыпатташат (Ахматов ж.б. 1980, 102). Окумуштуулар арасында ар түрдүү көз караштардын жаралуусу изафеттик байланыштын синтаксистик багыныңкы байланыштын башка түрлөрүнөн айырмаланган табияты менен түшүндүрүлөт. Мындай сөз айкаштарындагы таандык маанинин башкаруучу сөзгө да, багыныңкы сөзгө да катыштыгы болот. Изафеттик байланышты башка сөз айкаштарынан айырмалоо үчүн анын мазмунуна көңүл бурган Н. З. Гаджиева жана Б. А. Серебренников “Изафет – зат атооч болгон аныкталгычы ар дайым башка бир зат атоочко таандыктык же башка түрдүү

байланышта каралган атрибутивдик топту мүнөздөйт” деп белгилешет (Гаджиева жана Серебренников 1986, 51).

Салттуу грамматикада окумуштуулар изафеттин үч түрүн белгилешет. Биринчи типтеги изафеттик байланышта сөз айкашынын эки компоненти тең атооч жөндөмөсүндө туруп, эч кандай мүчө жалганбайт. Мисалы, *темир жол, жыгач үй, алтын саат, бала бакча, көз жаш, бут кийим.* Бирок изафеттин бул түрүндө сөз айкаштарынын көпчүлүгү адъективация процессине дуушар болуп, аныктагычы сын атоочтук мүнөзгө ээ болот же баштапкы маанисинен абстракция болуп экинчи компоненти менен бирге жаңы түшүнүктүн пайда болушуна алып келет. Биринчи типтеги изафеттик байланышта таандык маани улуттук таандыктыкты туюндурууда (*кыргыз эл, эне тил, орус жазуучу),* жыныстык таандыктыкты билдирүүдө (*аял киши, эркек киши),* ж.б. учурларда айкын көрүнөт. Мисалы: *үлүш жер, мал базар ж.б.*

Изафеттик байланыштын экинчи түрүндө сөз айкашынын биринчи компоненти атооч жөндөмөсүндө туруп, ал эми экинчисине 3-жактын таандык мүчөсү уланат. Мисалы: *Атамды **үй ээси** экен деп эч кимиси кайрылчу да эмес (Ч.Айтматов). - Тилмеч мырза, айтың, ыкыбалуу төрөгө, - деди үнү басмырт, - не абалда болгонубуз менен, биз **өлкө эгеси**, үйдүн эгеси эмеспизби, айтың, биз өз үйүбүздө тосуп алгандай бололу* **(***Т. Касымбеков). Сакалдууларды **кыргыз эли** илгентеден сыйлап келген, дагы деле сыйлайт (Жээнбай Түрк). Бизге жеткен **ата салты**н, мурасын, ыйык сактап урпактарга берели (Ж. Садыков, Ш.Кулуев).*

Кыргыз тилинде изафеттик байланыштын бул түрү төмөнкү таандык маанилерди туюндурууда колдонулат:

заттардын өз ара материалдык мамилесин: *Кыргызстанда Кумтөрдөн тышкары бир нече ири **алтын кени** бар;*

фамилияларды*: Адылбек уулу, Абдырасул кызы.*

жер-суу аттарын: *Ошентип, Багуул **Кант шаары**ндагы аталаш эжесиникине барды (З.Асылбекова);*

заттардын мезгилдик катышын: ***Жаз айы** жамгыр басылбай, жаралуу жүрөк жазылбай. (Р.Асанкан);*

заттардын мейкиндик катышын: ***Тоо койнунда** эс алдык;*

аныктагыч зат аныкталгыч заттын белгисин же түрүн: *үй жаныбары, эгин талаасы, математика сабагы;*

уюм, мекемелердин аталыштарын: *Маданият министирлиги, окуу бөлүмү),* улуттук таандыктыкты: *орус жараны, казак эли,*

заттардын мезгилдик катышын: *жаз айы, кыш мезгили* билдирүүдө кеңири колдонулат.

Таандык байланыштын бул түрүндө сөз айкашынын биринчи компонентине мүчө уланып, ал эми экинчи компонентине мүчө уланбаган учурлары жа кездешет. Алсак, таандык болгон нерсени билдирген сөзгө жакчыл таандык мүчө жалганбаган учурлар кездешет (Абдувалиев 2008, 54). Мисалы, - *Э-э, кагылайын аке, айла жоктун иши да... – келин жоолугун оңдоп байланды. –* ***Биздин үй****дө киши бар болду бекен?..* (М.Байжиев). ***Биздин айыл*** *абдан көркөмдүү жерден орун алган, жери да өтө жакшы* (М.Байжиев) – келтирилген мисалдардагы сөз айкаштарынын биринчи түгөйүнө илик жөндөмөсүнүн мүчөсү уланган болсо, экинчи түгөйү – таандык болгон нерсе мүчөсүз берилген. Мындай сөз айкаштарында аныктагыч компонент дайыма ат атоочтор болушат.

Изафеттик байланыштын үчүнчү түрүндө аныктагыч затка илик жөндөмөсүнүн +*нын* мүчөсү, ал эми аныкталгыч затка 3-жактын *–сы, -ы* мүчөлөрү жалганат. *Мисалы: ...-алгыла, мен****ин*** *мейман****ым*** *болуп отурасыңар, силер алгыла (Т.Касымбеков). Абдылдабек****тин*** *кара көздөр****ү*** *оттой жанып турду (Р.Абдиев).* Таандык категориясынын жакчыл таандык мүчө уланган түрүндө көңүл ээленүүчү затка, нерсеге гана бурулса, илик жөндөмөнүн мүчөсү жана жакчыл таандык мүчө уланган түрүндө ээлөөчүнүн өзүнө да көңүл бурулат (Кудайбергенов, Турсунов, Сыдыков 1980, 114). Мисалы, *айылдын мектеби.* Мында таандык болгон нерсе – *мектеп,* ал эми ээлик кылган нерсе – *айыл.*

Таандык категориясынын бул түрүндө ээленүүчү затка да ээлөөчү затка да мүчө улангандыктан, аныктооч катары пайдаланылуучу сөздөрдүн чөйрөсү кеңейет. Мисалы: *Жети****нин*** *бир****и*** – кыдыр (макал***). Жаман****дын*** *жар****ы*** *болгончо, жакшы****нын*** *жесир****и*** *бол* (макал). *Кары****нын*** *сөз****үн*** *капка сал* (макал). ***Сиздин*** *жан****ыңыз****га олтура турсам болобу? – деди (Э.Ажыканова).*

Илик жөндөмөсүндө турган аныктоочтун маанисине карата таандык мүчөнү кабыл алган сөздүн илик жөндөмөсүндө турушу аркылуу өз ара тизмектешип, аныктоочтук айкашуунун сөздөрү бир канча компоненттен турат. Мындай аныктоочтук айкашуу илик жөндөмөсүндө турган сөздөн башталып, таандык мүчө уланган аныкталгыч компонент менен аяктайт. Аныктоочтук айкашуудагы компоненттердин тизмектелип келиши негизинен урук-жиликти сүруштүргөндө пайдаланылат (Кудайбергенов 1961, 8). Мисалы: *Тогуз жигит**тин** энеси**нин** бир тууганы**нын** кыз**ы**.*

Жогоруда келтирилген мисалдар кыргыз тилинде таандык маанини туюндурган тилдик каражаттар абдан кеңири колдонулаарын айгинелейт.Изилдөөчүлөр белгилегендей эки заттын ортосундагы өз ара катышты билдирген бул байланыш баардык түрк тилдеринин бүтүндөй грамматикалык түзүлүшүн камтыган өзгөчөлүгү менен бул тилдердин синтаксистик структурасын, табиятын жана категорияларын түшүнүүдө орчундуу орундуу ээлейт.

## КОРУТУНДУ

Диссертациялык ишибизде кыргыз тилиндеги таандык категориясы функционалдык грамматиканын негизинде ономасиологиялык ыкма менен терең изилдөөгө алынды. Белгилүү болгондой функционалдык грамматиканын негизги максаты, тилди анын коммуникативдик кызматына өзгөчө көңүл буруу менен, кепте колдонулган тилдик каражаттарды аларга жүктөлгөн семантикалык функцияларына карата изилдөө жана системалаштыруу болуп саналат. Функционалдык грамматиканын негизги термини жана принциби болгон функционалдык-семантикалык алкак тилдин бардык өзгөчөлүктөрүн камтып, алардын формаларын жана мазмунун чагылдырган конкреттүү грамматикалык каражаттардын бирдиги катары каралат. Функционалдык-семантикалык алкак тилдеги каражаттарды бириктирип, алардын өз ара байланыштарын шарттаган кандайдыр бир семантикалык категорияга негизделет. Тилдик бирдиктер, грамматикалык формалар, синтакистик контрукциялар, ошондой эле пикир алмашуунун каражаттарына байланыштуу лингвистикалык маанидеги көрүнүштөр функционалдык-семантикалык алкактын компоненттери болуп саналат.

Изилдөөнүн алкагында кыргыз тилиндеги таандыктык түшүнүгү жана бул түшүнүктү чагылдырган тилдик каражаттардын грамматикалык түзүлүшү, таандык маанинин семантикалык жана мазмундук өзгөчөлүктөрү аныкталды. Изилдөөнүн жыйынтыгында тилдин ар түрдүү деңгээлдеринен (лексикалык, морфологиялык, синтаксистик) таандык маанини туюндуруучу тилдик каражаттар иликтөөгө алынып, чогултулуп, маңызы боюнча бир функцияга бириктирилип, таандык маанини туюндуруу деңгээлине жараша функционалдык-семантикалык алкактын негизин түзгөн өзөк, жакынкы жана алыскы алкактарга жайгаштырылды. Изилдөөнүн алкагында кыргыз тилинде лексикалык, морфологиялык жана синтаксистик каражаттардын таандык маанини туюндуруу деңгээлин аныктоо үчүн К. Баялиновдун “Ажар” чыгармасын талдоого алдык. Чыгармада таандык маанини туюндурган баардык тилдик каражаттардын санын аныктап, андан соң бул каражаттарды түзүлүшүнө карата морфологиялык, лексикалык жана синтаксистик түрлөргө бөлдүк. Талдоонун жыйынтыгында чыгармадан жалпысынан таандык маанини туюндурган 394 каражат табылды. Төмөнкү диаграммада бул каржаттардын колдонуу жыштыгын көрүүгө болот.




**Диаграмма 1.** “Ажар” повестинде таандык каражаттардын колдонуу жыштыгы

Жогорудагы диаграммадан белгилүү болгондой кыргыз тилинде таандык маанини туюндурууда эң көп жакчыл таандык мүчөлөр жана 3 типтеги изафеттик байланыш колдонулат. Жакчыл таандык мүчөлөр, кыргыз тилинде гана эмес түрк тилдеринин баарында “таандыктык” түшүнүгүн билдирүүчү негизги тилдик каражат болуп саналат. Бул мүчөлөрдүн өнүгүү тарыхына көп чаптырсак Орхон-Энесай жазма эстеликтеринен тарты байыркы жана азыркы түрк тилдеринде фонетикалык жактан кээ бир өзгөчөлүктөргө учурагандыгын эске албаганда дээрлик өзгөрүүсүз колдонулуп келе жаткандыгы белгилүү болду. Андыктан таандык маанинин функционалдык семантикалык алкагынын өзөгүн морфолоиялык каражаттар, б.а. жакчыл таандык мүчөлөр жана жалпы таандык мүчөлөр түзөт. Талдоого алынган чыгармада 3-типтеги изафеттик байланыш түрү да кеңири кездешет. Бирок жакчыл таандык жана жалпы таандык мүчөлөр бир учурда ээлик кылуучуну да ээленүүчү затты да көрсөтүп тургандыктан таандык маанини туюндуруу дэңгээли изафеттик байланышка караганда күчтүүрөөк болуп саналат.  Ошондой эле жалпы таандык мүчө да өзөк алкакка мүнөздүү болгон маңызды чагылдыруучу каражат болуп саналат.

Функционалдык-семантикалык алкактын жакынкы алкагын синтаксистик каражаттар түзөт. Башкача айтканда бул алкакта изафеттик байланыштын 3-түрү, башкача айтканда илик жөндөмөсүнүн –нын мүчөсү жана 3-жактын таандык мүчөлөрү аркылуу түзүлгөн конструкциялар түзөт. Бул байланыш тиешелүүлүк,

таандыктык маанилерин туюндуруп, көп колдонулат, бирок ошол эле учурда таандык маанини туюндурууда эң негизги тилдик каражат боло албайт.

Алыскы алкакта таандык маанини туюндурууда кошумча тилдик каражат катары пайдаланылып, семантикасында таандыктык мааниси бар лексикалык топтор кирди, тактап айтканда, бул алкакка бөлүк жана бүтүн катыштыгындагы сөздөр, феминитивдер менен маскулятивдер, сырдык сөздөр жайгаштырылды. Мындан тышкары бул алкакта морфологиялык жол менен таандыктыкты туюндуруп турган –лык, -кы мүчөлөрүн белгилөөгө болот. Кыргыз тилинде бул мүчөлөрдүн негизги функциясы сөз жасоочу мүчө катары калыптанып калгандыктан таандык маанини туюндуруу күчү басаңыраак жана бул маанини туюндурууда сейрек колдонулат деп айтсак болот. Алыскы алкакта таандык маанини туюндурууда сейрек пайдаланылган, таандык маанини тактоо, конкреттештирүү милдетин аткарган, таандык маани камтылгандыгын ачыктоо үчүн контекст талап кылынган, кайсы бир деңгээлде таандыктык маанисин туюндуруу касиетине ээ болгон –чА жана –ДАй мүчөлөрү, да, деле, дагы бөлүкчөлөрү жайгашты. Мындан тышкары, кесиптердин аталыштары, энчилүү аттар, жер-суу аттары, адам аттары, планета жана асман телолорунун аттары, чыгармалардын аталыштары, жаныбарлардын балдарынын аттары – бөлүк жана бүтүн катыштыгына тийиштүү лексикалык топтор, ошондой эле фразеологизмдер да алыскы алкактан орун алды.

Бул тилдик каражаттарды төмөнкүдөй функционалдык-семантикалык алкак түрүндө визуалдаштыруу (диаграмма 2) максатка ылайык.




**Диаграмма 2.** Таандык маанини функционалдык-семантикалык алкагы

Белгилей кетчү жагдай, функционалдык-семантикалык алкактын чегин жана каражаттарын өзгөрбөс, туруктуу көрүнүш катары кабылдоого болбойт. Себеби, бул маселе изилдөөчүнүн жеке көз карашына, ошондой эле контексттик материалдарды аңдап-түшүнүүсүнөн көз каранды болот. Ошондой болсо да, функционалдык-семантикалык алкакты аныктоодо тилдик бирдиктер менен формалардын зарылдыгы, алардын тилдик системадагы функционалдык жүгү же салмагы, функционалдык-семантикалык алкактын компоненттеринин контексттен көз каранды же көз карандысыз абалда болушу сыяктуу критерийлерди эске алуу керек.

Жыйынтыкп айтканда бул илимий изилдөөбүз кыргыз тилинде таандык категориясынын табиятын, маанилик жана грамматикалык түзүлүшүн функционалдык грамматиканын алкагында чагылдырып берди. Изилдөөнүн жыйынтыгы таандыктык кубулушу түрк тилдеринде жана анын ичинде кыргыз тилинде бир гана лингвистикалык эмес, ошол эле учурда экстралингвистикалык феномен экендигине ынандык.

## КОЛДОНУЛГАН АДАБИЯТТАР

Douhachek, Otto. 1967. *Precis de semantique francaise*. Brno: Univ. J. E. Purkyně.

Ercilasun, Ahmet Bican. 2004. *Başlangıçtan Yirminci Yüzyıla Türk Dili Tarihi.* Ankara: Akçağ Yayınları.

Ercilasun, Ahmet Bican. 2007. *Türk Lehçeleri Grameri.* Ankara: Akçağ Yayınları.

Ergin, Muharrem. 2010. *Orhun Abideleri*. İstanbul: Boğaziçi Yayınları.

Ipsen, Günther. 1924. “Der alte Orient und die Indogermanen.” In: *Stand und Aufgaben der Sprachwissenschaft. Festschrift für Wilhelm Streitberg.* Heidelberg, S. 200–237.

Karamanoğlı, Ali Fehmi. 1994. *Kıpçak Türkçesi Grameri.* Анкара, Türk Dil Kurumu Yayınları, cilt 579.

Özkan, Mustafa. 2000. *Türk Dilinin Gelişme Alanları ve Eski Anadolu Türkçesi*. İstanbul: Filiz Kitabevi.

Tekin, Talat. 2003. *Orhon Türkçesi Grameri*. İstanbul: Mehmet Ölmez Yayınları.

Van Schaaik, Gerjan. 1998. *“İşlevsel Dilbilgisi’ nedir*?”. Dilbilim Araştırmaları Dergisi, 9, 9-25. http://dad.boun.edu.tr/tr/pub/issue/4532/290524.

Yıldırım Yiğit. 2023. *Türk Dilinde İyeliğin İşaretlenmesi.* (*Possessive Marking in Turkish Language*). https://www.academia.edu/106372915/.

Абдиев, Таалайбек. 2020. *Сөз башат (этимологиялык этюддар)*. Бишкек. https://new.bizdin.kg/kniga/soz-bashat-etimologiyalyk-etyuddar.

Абдувалиев, Ибраим. 2008. *Кыргыз тилинин морфологиясы*. Бишкек. https://arch.kyrlibnet.kg/uploads/Abduvaliev%20morfologya.pdf.

Абдувалиев, Ибраим. 2015. *Азыркы кыргыз тили (морфология).* Бишкек: Бийиктик плюс.

Адмони, Владимир Григорьевич. 1988. *Грамматический строй как система построения и общая теория грамматики*. Ленинград: Наука.

Акматалиев, Абдылдажан, жалпы редактор. 2019. *Кыргыз тилинин түшүндүрмө сөздүгү. Экинчи бөлүк.* Бишкек: Полиграфбумресурсы.

Апресян, Юрий Д. 1995. *Избранные труды. Том I. Лексическая семантика. Синонимические средства языка*. Москва: Восточная литература РАН.

Ахматов Токтосун, Давлетов Самак, Сартбаев Калкабай жана Иманалиев Сансызбай.1980. *Тил илимине киришүү.* Фрунзе: Мектеп.

Басин, Евгений Я. жана Поляков Марк Я., редакторы. 1975.*Структурализм: “за” и “против”. Сборник статей,* Москва: Прогресс.

Бекбалаев, Амангельды. 1991. *Вопросы истории и теории синтаксической номинации*. Бишкек: Илим.

Бондарко, Александр В. 1981. “Основы построения функциональной грамматики.” *Известия Академии наук. Серия литературы и языка,* №6.

Бондарко, Александр В. 2011. *Категоризация в системе грамматики.* Москва: Языки славянских культур.

Васильев, Леонид М. 1971. “Теория семантических полей.” *Вопросы языкознания.* № 5. 105-113. Москва: Наука.

Ветрова, Эльвира С. 2019. *Методология и методы лингвистических исследований*. Донецк: ДонНУ.

Гаджиева Нинель жана Серебренников Борис. 1986. *Сравнительно-Историческая грамматика тюркских языков. Синтаксис.* Москва, Наука.

Даниленко, Валерий П. 2016. *Методы лингвистического анализа*. Москва: Флинта.

Дербишева, Замира. 2003. *Функциональная грамматика русского и кыргызского языков.* Бишкек.

Дербишева, Замира. 2000. *Теоретические основы контрастивной морфологии*. Бишкек: КГНУ.

Дербишева Замира жана Сагынбаева Бурул. 2017. *Кыргыз тилинин функционалдык грамматикасы*. Бишкек.

Дмитриев, Николай Константинович. 1948. *Грамматика башкирского языка.* Москва-Ленинград.

Есперсен, Отто. 1958. *Философия грамматики*. Москва.

Жакакова, Жазгуль. 2018. *Кыргыз жана түрк тилиндеги жак маанисинин функционалдык-семантикалык алкагы*. PhD Доктордук диссертация, Бишкек.

Звегинцев, Владимир Андреевич. 1964. *История языкознания XIX и XX веков. В очерках и извлечениях.* I-часть, Москва: Просвещение.

Золотова, Галина Александровна. 1985. *К построению функционального синтаксиса русского языка*, Москва.

Зулпукаров, Капар. 1994. *Падежная грамматика: теория и прагматика*, Ош.

Иванов Вячеслав, Головачева Арина, Молошная Татьяна, Николаева Татьяна и др. 1989. *Категория посессивности в славянских и балканских языках*, Москва: Наука.

Кадырова, Галина. 2014. “Теоретические подходы к понятию “поля” в лингвистике.” *Международный журнал прикладных и фундаментальных исследований,* № 12, : 237-241.

Казадаева, Кристина. 2013. “К вопросу о функционально-семантическом изучении категории притяжательности на материале генетически не родственных и грамматически разнотипных языков”, *Вестник Ошского государственного университета,* №4, 15-20.

Каксин, Андрей Данилович. 2017. “*К вопросу о категории притяжательности и формах её выражения в хакасском языке*.” Tehlikedeki Diller Dergisi, 7(11), 1-10.

Киклевич, Александр Константинович. 2008. *Притяжение языка. 2-том: Функциональная грамматика*. Ольштын.

Колесникова, Светлана Михайловна. 2016. *Функциональная грамматика: предикативность, градуальность, оценочность.* Москва: МПГУ.

Комарова, Зоя Ивановна. 2012. *Методология, метод, методика и технология научных исследований в лингвистике*. Екатеринбург: УРФУ.

Кононов, Андрей Николаевич. 1956. *Грамматика современного турецкого литературного языка*. Ленинград, Москва.

Косых, Елена. 2016. *Русская ономасиология.* Барнаул: АлтГПУ.

Краснощеков Евгений. 2019. *Возникновение и развитие категории посессивности*. Чебоксары: Среда.

Кудайбергенов Сарыбай. 1961. *Кыргыз тилиндеги таандык категориясы (тарыхый грамматиканын материалдарынан)*. Фрунзе.

Кудайбергенов Сарыбай, Турсунов Аскар жана Сыдыков Жеңишбек, редакторлор. 1980. *Кыргыз адабий тилинин грамматикасы*. Фрунзе: Илим.

Мельчук, Игорь Александрович. 1998. *Курс общей морфологии. Том II. Морфологические значения*. Москва: Языки русской культуры.

Мукамбаев, Жээнбай 2009. *Кыргыз тилинин диалектологиялык сөздүгү*. жалпы ред.Конкобаев К., Бишкек.

Мусаев, Сыртбай, жоотуу редактор. *Кыргыз тилинин лингвистикалык маалымдамасы*. Бишкек, 2015.

Мясникова, Ирина Игоревна. 2008 “Семантическое поле: история и современность.” *Система ценностей современного общества*. № 4: 136-141.

Ожегов, Сергей. 2020. *Толковый словарь русского языка*, Москва: Мир и Образование.

Перетрухин, Валентин Н. 1960. *Сравнительно-исторический метод изучения языков и основы генеологической их классификации*. Тюмень.

Сагынбаева, Бурул. 2006. *Азыркы түрк тилдериндеги морфологиялык парадигматика (түрк жана кыргыз тилдери)*. Бишкек.

Сейдакматов, Касымбек. 1988. *Кыргыз тилинин кыскача этимологиялык сөздүгү*. Фрунзе: Илим.

Селиванова, Елена Александровна. 2012. “Категоризация посессивности в русском сознании и языке.” *Ученые записки Таврического национального университета им. В. И. Вернадского, серия “Филология. Социальные коммуникации”.* том 25 (64) № 1, 410-416.

Серебренников Борис жана Гаджиева Нинель. 1979. *Сравнительно-историческая грамматика тюркских языков.* Баку: Маариф.

Скирдов, Василий. 1969. “К вопросу о функциональном анализе элементов падежной системы”. *Научные труды филологического факультета Кыргызкого государственного универститета.* Вып XV, Фрунзе: 46-57.

Сушкова, Ирина. 2007. *Принадлежность в семантико-функциональном поле посессивности (на материале русского и английского языков).* Автореферат. Воронеж.

Тагаев, Мамед Ж. 2004. *Полипарадигмальные описание морфемики и словообразования (на материале русского и кыргызского языков)*. Бишкек.

Тенишев, Эдхям Рахимович. 1988. *Сравнительно-историческая грамматика тюрксих языков. Морфология*, Москва.

Токтоналиев, Курманбек, жооптуу ред. 2015. *Кыргыз тилинин жазма грамматикасы, азыркы кыргыз адабий тили.* Бишкек: «Аврасия Пресс».

Топоров, Владимир Н. 1986. “О некоторых предпосылках формирования категории притяжательности”. *Славянское и балканское языкознание. Проблемы диалектологии. Категория посессивности.* Ред. Калнынь Л.З., Молошная Т. Н., Наука, 142-167.

Торопцев, Иван С. 1970. *Очерк русской ономасиологии (возникновение знаменательных лексических единиц)*. Автореферат. Ленинград.

Уфимцева, Анна А. 1977. *Языковая номинация (общие вопросы),* Москва: Наука.

Ушакова, Александра Павловна. 2009. “Категория принадлежности в лингвистических исследованиях.” *Вестник Тюменского государственного университета* № 1. 171-175.

Чинчлей, Корнелия Г. 1996. “Поле посессивности и посессивные ситуации”. *Теория функциональной грамматики. Локативность. Бытийность. Посессивность. Обусловленность”*, под.ред. А.В. Бондарко. Санкт-Петербург: Наука.

Чирулина Любовь. 2011. *Актуальные проблемы современной лингвистики*. Москва: Флинта.

Шелякин, Михаил. 2001. *Функциональная грамматика русского языка,* Москва: Русский язык.

Щербак, Александр. 1977. *Очерки по сравнительной морфологии тюркских языков. Имя.* Ленинград: Наука.

Щур, Георгий. 1974. *Теория поля в лингвистике,* Москва: Наука.

Эгембердиев, Раимжан. 2016. *Фразеологизмдердин маани-маңызы жана алардын сөздүктөрдө камтылуусу*. Бишкек: Турар.

Юдахин, Константин. 1985. *Киргизско-русский словарь*. Москва: Советская энциклопедия.

**РЕЗЮМЕ**

## ЖЕКЕ МААЛЫМАТ

| | |
|---|---|
| **Аты, фамилиясы** | **Алия Орозбекова** |
| **Улуту** | **Кыргыз** |
| **Туулган күнү жана жери** | **25.07.1993** |
| **Тел:** | **+996222130312** |
| **E-mail** | **joroyeva93@gmail.com** |

## БИЛИМИ

| **Даража** | **Kurum** | **Бүтүргөн жылы** |
|---|---|---|
| **Бакалавр** | Кыргыз-Түрк “Манас” университети | 2016 |
| **Мектеп** | № 20 “Ажек” орто мектеби | 2011 |

## ЧЕТ ТИЛДЕР

Кыргызча, түркчө, орусча, англисче

## ПУБЛИКАЦИЯЛАР

**1.** Бурул Сагынбаева, Алия Орозбекова, *“Кыргыз тилинде таандык категориясынын функционалдык-семантикалык алкагы”,* Известия ВУЗов Кыргызстана, № 1, 2025. (баяндама)